**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

Кол жазма укугунда:

УДК: 94:342.725 (575.2)(043.3)

**ТОКТАКУН КЫЗЫ ГҮЛНУРА**

# КЫРГЫЗДАРДАГЫ СОТ СИСТЕМАСЫНЫН ТАРЫХЫ
## (XIX к. экинчи жарымы – XX к. башы)

07.00.02 – Ата Мекен тарыхы

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши**

Илимий жетекчиси:
**АЛЫМБАЕВ Ж.Б.**
*тарых илимдеринин доктору, профессор*

Ош – 2021

**МАЗМУНУ**

**КИРИШҮҮ......................................................................................................3-7**

**I БАП. КЫРГЫЗДАРДАГЫ СОТ СИСТЕМАСЫНЫН ТАРЫХЫН ИЗИЛДӨӨНҮН ТАРЫХНААМАСЫ ........................................................8-35**

1.1. Совет дооруна чейинки мезгилдин тарыхнаамасы..................................8-17

1.2. Илимий маселенин советтик тарыхнаамада изилдениши ....................17-23

1.3. Постсоветтик мезгилдин тарыхнаамасы..............................................23-35

**II БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН БУЛАКТЫК БАЗАСЫ, МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА ИЛИМИЙ МЕТОДДОРУ.........................................................36-55**

2.1. Илимий иштин булактык базасы........................................................36-45

2.2. Изилдөөнүн методологиясы жана илимий методдору........................45-55

**III БАП. КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТУУ СОТ ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА СОТ ИШТЕРИНИН ТАРЫХЫНАН...............................................................56-92**

3.1. Салттуу сот системасынын калыптанышында бийлердин ээлеген орду.......................................................................................................56-68

3.2. Казы соту...........................................................................................68-76

3.3.Салттуу сот процессинин жүрүшү, кылмыш жана жазалоо чаралары...................................................................................................76-92

**IV БАП. КОЛОНИЯЛЫК МЕЗГИЛДЕГИ СОТ СИСТЕМАСЫНДАГЫ РЕФОРМАЛАР...........................................................................................93-132**

4.1. Жаңы административдик башкаруу системасынын орношу, сот түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөр...........................................................................93-103

4.2. Элдик сот системасынын калыптанышы жана өнүгүшү.....................103-118

4.3. Элдик сот системасындагы реформалардын натыйжалары...............118-131

**КОРУТУНДУ ...........................................................................................132-138**

**ТАРЫХЫЙ БУЛАКТАР ЖАНА КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР.........................................................................................139-152**

## КИРИШҮҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Сот системасын реформалоо Кыргызстандын эгемендүүлүк жылдарындагы орчундуу маселелердин бири десек жаңылышпайбыз. Соңку жылдары сот бийлигин реформалоо боюнча кабыл алынган чечимдер, аткарылып жаткан иш-аракеттерге карабастан аталган тармактагы реформа иштери өзүнүн оң натыйжаларын бербей жатат. Сот бийлигине карата элдин ишенимин арттыруу, анын кадыр-баркын жогорулатуу үчүн кыргыз элинин салттуу сот бийлигиндеги өкүм сүрүп келген калыстык, акыйкаттык, адилеттүүлүк принциптерин калыбына келтирүү, өткөн тарыхыбыздан сабак алуу күнүбүздүн актуалдуу маселеринин бирине айланды.

Бий соту, казы соту совет бийлигинин алгачкы жылдарына чейин өкүм сүрүп, кыргыз элинин салттуу коомдук турмушунда, ич ара мамилелерди жөнгө салууда, талаш-тартыш маселелерди акыйкат чечүүдө, адилет өкүм кабыл алууда эл ишеничине ээ болгон институт катары жашап келди. Элдик институт адамдардын укуктарын коргоодо, аны ишке ашырууда турмуштук мол тажрыйбаны топтогон орган катары таанылды.

Ушул өңүттөн алып караганда, сот бийлигинин тарыхын изилдөө бүгүнкү күндүн коомдук талабы десек жаңылышпайбыз. Биринчиден, сот адилеттигин калыптандыруу үчүн кылымдар бою көчмөн кыргыздардын коомдук турмушунда жаралып, адат укугунун негизинде жашап келген сот бийлигинин тарыхын изилдөө муктаждыгы жаралса, экинчиден, адам укугуна байланышкан маселени кароодо, салттуу коомдо пайда болуп “Туура бийде тууган жок, тууганчыл бийде ыйман жок”, «Жаман бий жанга салар», «Жакшы болсо – бийден, жаман болсо – кедейден» деген элдик түшүнүктү калыбына келтирүү учурдун талабы экендиги шексиз. Үчүнчүдөн, кыргыз элинин сот системасынын тарыхын изилдөө менен бий, казы, элдик сот тутумунда орун алып келген калыстык принциптерине кайрылуу, алардан сабак алуу зарылчылыгы күчөдү.

Демек, кыргыз элинин XIX к. аягы – XX к. башындагы салттуу сот системасы, колониялык доордогу сот системасынын тарыхы жана анын реформаланышын изилдөө жогорудагы көрсөтүлгөн себептерден улам, учурдун актуалдуу маселелеринин бири экендиги талашсыз.

**Илимий иштин изилденүү деңгээли.** Илимий иштин хронологиялык чеги кеңири, бул аралыкта аталган теманы чагылдырган көптөгөн эмгектер жаралган, авторлордун көз карашына мезгилдин талабы, саясий коньюнктурасы өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Ошондуктан, илимий иштин изилденүү деңгээлин карап жатып, жарыяланган эмгектерди совет дооруна чейинки, советтик жана постсоветтик доорлорго бөлүп кароо тарыхый логикага туура келет деген ойдобуз. Илимий иштин изилденүү деңгээли диссертациялык эмгектин I бабынын 1.1., 1.2., 1.3. параграфтарында өз алдынча каралат.

Изилдөөнүн хронологиялык чеги. Илимий эмгектин хронологиялык чеги XIX к. экинчи жарымы – XX к. башы болуп саналат, анткени аталган мезгилде Түркстан крайында кабыл алынган Жоболордун негизинде сот системасы өзгөрүүгө учураган.

Белгилей кетчү көрүнүш кыргыз элинин салттуу сот системасынын тарыхы XIX к. чейин эле жаралып, өкүм сүрүп келген. Бирок, XIX к. чейинки мезгилдеги сот иштерин чагылдырган жазма тарыхый булактардын жетишсиздигинен улам, диссертациялык эмгектин хронологиялык чегин XIX к. экинчи жарымы – XX к. башындагы мезгилдеги сот системасынын тарыхын изилдөөнү туура таптык.

**Изилдөөнүн обьектиси.** Кыргыз элинин салттуу сот системасы. XIX к. экинчи жарымы – XX к. башы.

**Изилдөөнүн предмети.** Салттуу сот бийлиги, өзгөчөлүгү жана колониялык бийлик тарабынан реформаланышы.

**Изилдөөнүн максаты, милдеттери.** Кыргыз элинин сот системасынын тарыхын изилдөө. Көрсөтүлгөн максаттан улам төмөнкүдөй **милдеттер** коюлду:

1. Илимий маселенин тарыхнаамасына анализ жасоо аракетин жүргүзүү;
2. Каралып жаткан мезгилдин сот системасын изилдөөнүн булактык базасына анализ жүргүзүү;
3. Кыргыздардын салттуу сот системасынын калыптанышын, өсүп-өнүгүшүн изилдөө;
4. Кыргыздардын салттуу сот системасынын өкүлдөрү болгон бий жана казылардын функциясы менен Россия империясынын курамына киргенден кийинки функциясына салыштыруу жүргүзүү;
5. Кыргыздардын салттуу сот системасындагы сот өндүрүшүнө, кылмыш жана жазанын түрлөрүнө талдоо жүргүзүү;
6. Элдик сот түзүлүшү жана анын реформаланышына баа берүү;
7. Колониялык мезгилдеги сот процессинин өзгөчөлүктөрү, сот процессинин жүрүшү, кылмыш жана жаза укуктарына тарыхый таризде анализ жасоо;
8. Сот системасындагы реформалардын жыйынтыктары, анын оң жана терс жактарын ачып көрсөтүү.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий-теориялык жана практикалык мааниси.** Диссертациянын материалдарында камтылган илимий Жоболор, көз караштар жана илимий изилдөөнүн жыйынтыктары сот системасын реформалоого байланышкан сот тажрыйбасында, илимий-изилдөө иштерди жүргүзүүдө жана ошондой эле, Кыргызстандын жана коңшулаш элдердин тарыхын окутууда, окуу-усулдук куралдарын түзүүдө пайдаланылышы мүмкүн. Ошондой эле, тарых жана юридикалык факультетинин студенттери үчүн окуу куралы, курстук же дипломдук иштерди жазууда кошумча адабий булак катары колдонулушу мүмкүн.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**

1. Постсоветтик мезгилдеги Кыргызстандын тарыхнаамасында алгачкылардан болуп кыргыздардын салттуу сот системасынын тарыхына талдоо жүргүзүлдү;
2. Адат, шариятка негизделген бий, казы сотторунун соттук өндүрүшүн изилдөөгө басым жасалды;
3. Сот тарыхына байланышкан буга чейинки илимий айлампага кире элек архивдик булактар илимий айлампага киргизилди;
4. Адатка негизделген бий сотунун соттук прецесске байланышкан укукка жат жосундары аныкталды.

**Коргоого алып чыгуучу жоболор:**

1. Көчмөн шартка негизделген кыргыздардын коомунда узак мөөнөт аралыгында иш жүзүндө такталып, колдонулуп, тажрыйбаланып эл арасындагы үрп-адатты, салтты сактоонун жыйындысы катары адат укуктук нормасы калыптанган. Ислам динин таасирине карабай адат кыргыздардын коомдук мамилелерин жөнгө салуучу салттык норма катары сакталып кала берген.

2. Россия империясы каратып алган аймактарга жергиликтүү башкаруу системасын, элдик сот тутумун уюштуруп, салттуу үрп-адаттардын негизинде өзүн-өзү башкаруу укугу берилип, “кийлигишпөө” саясатын жүргүзүүнү көздөп, кийин күч менен киргизген.

3. Колониялык бийлик кыргыздарда бий, казы институттарын сактоо менен жергиликтүү башкаруу органдарына шайлоо системасы киргизилип, анын жыйынтыктарына көзөмөлдү күчөтүп, уруу башчыларынын таасирин алсыратып, “бөлүп жарып башкаруу” принцибинде колдонууга өтүшкөн.

4. Падышачылык кыргыздардагы салттуу сот бийлигинин институттарын сактоо менен сот өндүрүшүн, анын укуктук ченемдерин жалпы империялык бийликтин мыйзамдарына жакындатуу максатында, сот бийлигине көзөмөлдү күчөтүү, элдик сотторду кызматтан четтетүү максатында

империялык бийлик Түркстан крайын башкаруунун жаңы долбоорлорду, Жоболорду иштеп чыгуунун үстүндө иш жүргүзүп келген.

5. Кыргызстандын түштүк аймагында бий, казы соттору өкүм сүрүп келген тарыхый кырдаалда адат менен шарият укугунун өз ара таасири коомдук, социалдык чөйрөдө күчөгөн.

6. Өзгөчө, Фергана өрөөнүндөгү диний кырдаалдан улам шарияттын таасиринен чочулаган бийлик, элдик сот системасын жалпы мыйзамдарга жакындатуу, акырындап көчмөндөрдүн сот бийлигин жоюу пландарын ишке ашыруу аракеттери оңунан чыккан эмес. Жыйынтыгында элдик сот совет доорунда гана жоюлган.

**Диссертациялык иштин жыйынтыгынын апробацияланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн айрым жыйынтыктары, маанилүү сунуштары эл аралык жана республикалык илимий-теориялык жана илимий-практикалык конференцияларда апробацияланды. Эмгектин мазмуну боюнча жергиликтүү жана чет элдик журналдарга илимий макалалар жарыяланды.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы**. Изилдөө процессинин натыйжасында автор тарабынан айрым архивдик материалдар илимий айлампага киргизилди, проблема боюнча кээ бир жаңыча көз караштар сунушталды.

**Эмгектин түзүмү жана көлөмү**. Диссертациялык иш киришүү, 4 бап, корутунду, тарыхый булактар жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

# I БАП. КЫРГЫЗДАРДАГЫ СОТ СИСТЕМАСЫНЫН ТАРЫХЫН ИЗИЛДӨӨНҮН ТАРЫХНААМАСЫ

## 1.1. Совет дооруна чейинки мезгилдин тарыхнаамасы

Революцияга чейинки доордо жалпы эле Түркстан крайындагы көчмөн жана отурукташкан калктын салттуу сот системасы жана Түркстандын Россия империясына каратылгандан кийинки сот реформасы боюнча жазылган эмгектер арбын. Каралып жаткан доордогу эмгектердин көпчүлүгү жалпы эле Түркстандагы сот системасынын тарыхы, көчмөн жана отурукташкан калктын арасындагы сот бийлигинин айырмачылыктарына токтолуп кетишкен. Сот системасынын тарыхы боюнча жазылган эмгектердин авторлору аскер-төбөлдөр, Түркстанды текшерүү боюнча комиссиянын мүчөлөрү, Түркстанды башкаруу боюнча Жоболордун түзүүчүлөрү жана башка областтык, уезддик башкаруу тармагында эмгектенишкен. Сот системасынын тарыхы боюнча жазылган эмгектер өзүнүн көлөмү, мазмуну менен гана айырмаланбастан эмгектердин авторлору да ар кандай позициядагы инсандар болушкан. Алсак, К.К. Пален сенатор жогорку бийликтин өкүлү болсо, Г. Загряжский уезддин начальниги, Н. Гродеков болсо орус падышачылыгынын жогорку администрациясынын өкүлү болгон. Демек, авторлордун айрымдары сот системасынын тарыхын үстүртөн билип, анын жүрүшүнө баа берүүгө катышкан болсо, айрымдары көчмөндөрдөгү салттуу сот тутуму, анын реформаланышы менен жакындан тааныш болушкан.

А.К. Гейнс (1834-1892) Россия империясынын генерал-лейтенанты жана этнограф болгон. Ал Кокон хандыгында сот иштерин жүргүзүшкөн казы сотунун соттук түзүлүшүнө, казылардын ишмердүүлүгүнө, жаза жана айып төлөө маселерине байланышкан бир канча эмгектерди калтырып кеткен.

1865-жылы келечекте башкаруунун жаңы долбоорун түзүү жана үйрөнүү максатында, атайын комиссия “Талаа комиссиясы” түзүлгөн. Комиссиянын курамына аскер министрлигинен А.К. Гейнс мүчө болгон.

Анын эмгеги күндөлүк формасында жарык көрүп, жалпысынан Түркстан крайынын коомдук-саясий турмушун чагылдырып турган жана биздин илимий изилдөөбүзгө тарыхый булак катары багыт көрсөткөнгө жардам берди.

Революцияга чейинки доордогу орус тарыхнаамасынын өкүлдөрүнүн ичинен кыргыздардын салттуу сот системасын, элдик соттордун ишмердигин чагылдарган авторлордун бири орус этнографы жана юристи Г.С.Загряжский (1838 - өлгөн жылы белгисиз) болуп саналат. 1867-жылдан орус армиясында капитан наамы менен кызмат өтөгөн. Мамлекеттик кызматта жүргөндө кыргыз жана казак этнографиясына кызыгып, сот тарыхы боюнча бир катар баалуу, маалыматтарга бай эмгектерди жазып калтырган [12,15,16].

1867-1870-жылдары Токмок уездинин начальниги болуп иштеген Г.С. Загряжский кыргыздардын үрп-адаты, салттуу сот системасы боюнча кыргыздардын арасында жүрүп көп маалымат алууга жетишкен. Аталган эмгектеринде кыргыздардагы салттуу сот бийлиги, андагы бийлердин ролу, адат укуктары, айып төлөө, кылмыш иштеринин түрлөрү, жаза ж.б. соттук иштерге байланышкан материалдарды кездештирүүгө болот. Автор эл арасындагы бий даражасына татыктуу адам кандай болуу керек экендигине, анын кадыр-баркына жана аброюна болгон элдик талаптарга токтолгон. Салтуу сот бийлигинде айрым учурда бийлердин чечими эмес, уруу башчыларынын, аксакалдардын чечими басымдуу болгондугуна автор токтолуп кеткен. Бул тууурасында автор мындай деп жазган: “Кандайдыр бир иштин чечилиши укуктан көз каранды эмес, бардыгы окуяга, мамилелерге жараша болот. Бийлер сотунун мүнөзү ушундай, ал эч кандай адилеттүүлүккө кепилдик бербейт, керектүү учурда таасирдүү уруу башчылардын, аксакалдардын, уруунун, уруктун кийлигишүүлөрү боло берет” [15.с.362-371]. Автор кыргыздардын арасында дагы эле болсо уруулук аң-сезимдин үстөмдүк кылып келгендигин белгилөө менен бирге сот системасын реформалоону жана уезддин башкаруучусуна кыргыздардын сот жараянынын бардык этаптарында вето укугун (тыюу салуу) берүүнү

сунуштаган. Ошондой эле, кылмыштардын градациясын жөнөкөйлөтүүнү көздөгөн. Себеби, алар кандай жагдайда бийге, кандай жагдайда болуштук съездге, кандай жагдайда бийлердин чукул съездине өз арыздарын берүүнү жакшы түшүнүшпөйт деп эсептеген [15.с.370]. Ал эми жергиликтүү башкаруу аппаратынын дагы бир чиновниги П. Рейнталь Г. Загряжскийдин бул макаласын сынга алып, уезддин начальниктеринин кыргыздардын сотуна кийлигишүүсүнө каршы пикирин билдирип, тескерисинче, сот өкүлдөрүнө уруу төбөлдөрүнүн таасиринен сактоодо уезддин начальниктеринин жоопкерчилигин чоңойтууну сунуш кылган [48.с.373]. Сот түзүлүшүн реформалоо боюнча орус төбөлдөрүнүн арасында жогурдагыдай талаш-тартыштар көп жүргөн.

Көчмөн кыргыздардагы салттуу сот тутуму боюнча даректүү маалымат Түркстан крайына иш сапарына келген Давлетшиндин эмгегинде баяндалып кеткен. Анын эмгеги күндөлүк формасында жазылып, автор Түркстан крайынын областтарына жасаган иш сапары, областтардагы элдик соттордун иши боюнча маалыматтарды жазып калтырган. Давлетшин III бөлүктөн турган эмгегинде Түркстан крайынын 5 областындагы элдик соттордун ишмердиктерине кеңири токтолуп өткөн. Кыргыздардын сот тутуму боюнча Фергана, Жети-Суу, Сыр-Дарыя областтары боюнча жазылган автордун эмгегинин бөлүмдөрүнөн тийиштүү материалдарды алууга болот. Давлетшин Ош уездине караштуу кыргыздар жашаган болуштуктардагы элдик соттордун иши менен таанышкандыгын, Мамед-Садык Абдрахманов, Тадж-Мамед-Богадарь Чапаев, Мулла-Михаммед-Али-Абдрахим Ходжеев, Кабл-бай Кондашбаев жана башка элдик соттун өкүлдөрү менен жолуккандыгын билдирет. Автордун билдирүүсү боюнча, Ош уездинин аймагындагы кыргыздар мурун бийлер тарабынан соттолуп келишсе, эми өздөрүнө казыларды дайындашып, шарият боюнча сот иштери жүргүзүлүп жаткандыгы көрсөтүлөт [34.с.10-11].

Сыр-Дарыя областынын Олуя-Ата уездиндеги (азыркы Талас аймагындагы) жашаган кыргыздардын салттуу сот түзүлүшү, 1867-жылдан

кийинки сот реформасындагы өзгөрүүлөр Н.И. Гродековдун (1843-1913) эмгегинде кеңири сүрөттөлөт [12]. Ал Түркстан генерал-губернатору (1906—1908) жана аскердик жазуучу болгон. Анын эмгегинин I-IX баптарында кыргыздардын уруулук түзүлүшү, үй-бүлөлүк салтка байланышкан укуктар, мураскорлук, мүлктү бөлүштүрүү салттары кеңири сүрөттөлөт.

Кыргыз менен казактардын байыртан келе жаткан салты боюнча түркчө занг, арабча адат боюнча сот иштери жүргүзүлөт. “Кара кыргыздардагы занг же болбосо адат казактардыкына эле окшош” – деп белгилейт [12.с.21]. Автордун эмгегинин X-XII баптарында элдик соттун түзүлүшү, аларга шайлоо тартиби, бийлердин сот иштерин жүргүзүү процесстерин кеңири сүрөттөп өткөн. Көчмөндөрдүн турмушу менен жакындан тааныш болгон автор кыргыздар менен казактардын салтындагы ант берүү, айып төлөө, кун төлөө, жазалоо, качыруу сыяктуу нормалардын өкүм сүрүшү алардын күнүмдүк турмушта колдонулушуна көптөгөн мисалдарды келтирет. Алсак, автор кыргыздардын арасында кеңири жайылган айыптардын катарына “бир тогуз”, “үч тогуздун” кеңири колдонуларын белгилейт. “Бир тогуз” (үч ат, үч төө, үч уй), “Үч тогуз” (8 жылкы, 1 төө, 8 саан жана 1 ат, 8 кой жана 1 уй) [12.с.225].

Автор 1867-жылы кабыл алынган Жобонун натыйжасында “элдик сот” системасынын реформаланышына, жазалоо, каралоо, айып төлөө, кун төлөө жана башка сот системасына киргизилген өзгөрүүлөрдүн жүрүшүн иш жүзүндө аткарылышын кеңири баяндайт. Тогуз айыбы негизинен кара жандыктан алынган. Автор Олуя-Ата уездинде бара-бара үч тогуз айыбы 175-200 рублга теңелип, акчалай түрүндө алына баштагандыгын белгилейт [12.с.230]. Автор белгилегендей, кыргыз коомунун салтында тогуз айыбын уруулук түзүлүшкө зыян келтирген учурда алынса, кийин акчалай түрүндө салынгандыгын белгилеп өтөт [12.с.230]. Кыргыздардын бий соту, адаты тууралуу маалыматты кыргыздардын бийи Курпетай Давлеткуловдон алгандыгын белгилеп кеткен [12.с.147]. Бий сотунун тарыхына терең көз чаптырып, институттун келип чыгуу шарттарын да баяндайт. Орус

падышачылыгынын жогорку администрациясынын өкүлү болгондуктан Н.И. Гродеков соттордун формалдашуусун, бийлер сотунун 1867-жылкы Жободо нормативдүү түрдө бекитүүсүн колдогон [12.с.176]. Ошондой эле, издөө системасын киргизүүнү жана элдик соттордун чечимдери катталган китептерди жасоону колдогон [12.с.182-184]. “Бардык оор кылмыштар, мисалы, бийди өлтүрүү, кыз ала качуу, кайталануучу уурулук, зордуктоо үчүн өлүм жазасы каралган” – деп жазат Н.И. Гродеков [12.с.233]. Негизинен кыргыздардын жана казактардын салттуу укугундагы кылмыштардын түрлөрү жана аларга берилүүчү жазалар, сот жараянынын жүрүшү, ант берүү, жазалоо ыкмалары тууралуу кеңири баяндалган.

Кыргыздардын мурас, менчик укугу, келишимдерди түзүү, атап айтканда, жеке жана мүлктүк ижара, ссуда, ипотека, кепилдик, келишим, алмашуу, сатуу-сатып алуу, тартуулоо, арендага берүү маселелерине орус мамлекеттик ишмери, сенатор К.К. Пален (1861-1923) токтолгон. Ал ошондой эле жергиликтүү соттук практиканы изилдеп, Түркстан элдеринин «элдик сотторунун» ишмердүүлүгүн жыйынтыктаган. Талдоолордун негизинде Кыргызстандын сот системасы ошол замандын духуна туура келбейт деген тыянак чыгарылган. Окумуштуу соттордо өкүм сүргөн өзүм билемдик менен анархияны сынга алды. Автор жергиликтүү соттордун ишин трансформациялоо боюнча өзүнүн планын, атап айтканда, Россиядагы 1864-жылдагы реформанын үлгүсү боюнча сот бийлигин башкаруудан бөлүп алууну сунуш кылган.

К.К. Пален XIX к. экинчи жарымынан баштап Кыргызстандын аймагында жайгашкан уезддердеги орус бийлигинин жана административдик түзүлүшүнүн тарыхы боюнча баалуу фактылык материалдарды "Округ өкмөтү" деген эмгегинде баяндаган. Анда ал уезддик бийликтин функцияларын жана жергиликтүү калкка таасир этүүнүн негизги ыкмаларын кеңири талдаган.

Кыргыздардын жана казактардын сот бийлиги тууралуу маселеге кайрылган авторлордун бири белгилүү фольклорист, аскердик юрист А.И.

Мякутин (1876-1918) болуп саналат [26]. Башка авторлордон айырмаланып А.И. Мякутин укук маселеси боюнча эмгек жазган Н.И. Гродеков, Д.Я. Самоквасов, Д.И. Мейер, И.И. Крафт жана башка авторлордун эмгектерин атап, аларды тарыхый булак катары колдонгондугун көрсөтөт. Автор өзүнүн көлөмдүү эмгегинде кыргыздардын, көбүнчө казактардын “буюм укугу” жана “милдеттенме укугуна” байланышкан маселелерди изилдөөгө алган. Автор жалпысынан көчмөндөрдүн турмушу менен тыгыз байланышкан кыштоо, жайлоо, күздөө, чөп чабуу, жер иштетүү боюнча укуктук маселелерге анализ жүргүзөт. Буюм укугуна байланышкан ыйгаруудагы табылга, аскердин олжо тартып алуу жана башка укуктарга ээ болуу тартибине талдоо жүргүзөт.

А.И. Мякутиндин эмгегинде изилденген маанилүү жагдайлардын бири укуктарга байланышкан келишим, анын формалары, шарттарына кеңири токтолсо, милдеттенменин булагы, алдын ала төлөө, күрөө, айырбаштоо, күрөөгө коюу жана башка милдеттерге анализ жүргүзөт.

Олуя-Ата уездинде жашаган кыргыздардын ортосундагы сатуу, сатып алуу келишиминин укуктук жагдайларына токтолгон автор: “Эгерде сатууга кеткен мал өлүмгө учураса, акчасы кайтарылбайт. Бирок, кыргыздардын арасында сатууга кеткен малдын кемчилиги 3-4 күндүн аралыгында кабарланып, мал ээсине кайтарылган. Аталган шарт кыргыздардын арасында колдонулган” – деп билдирет [26.с.110]. А. Мякутиндин эмгегин негизинен казак жана кыргыздардын көчмөн турмушундагы өкүм сүрүп келе жаткан юридикалык укуктарына баа берген изилдөө катары кароого болот.

Россия империясынын Түркстан крайындагы административдик башкаруу системасынын киргизилиши, жүрүшү, анын терс көрүнүштөрү орус социологу жана публицисти Н.Д. Южаковдун (1849-1910) көлөмдүү эмгегинде сүрөттөлөт. Анын эмгеги [56] Россия империясынын Ташкент шаарын каратуунун 25 жылдык маарекесине арналып жазылып, 2 жылдан кийин жарык көргөндүктөн, Түркстанды каратуунун 27 жыл арасындагы жыйынтыктарына токтолуп кеткен. Россия империясы тарабынан Түркстан

аймагын каратып алуу менен көчмөн, отурукташкан калктар арасында башкаруу турукташып, “тартиптүүлүк орной баштады”. Түркстанды каратуу Россия империясынын түпкү максаты эмес, болгону “анархиялык бийликти токтотуу, бейкуттукту орнотуу”[56.с.12] болгондугун автор белгилөө менен падышачылыктын саясатын актоо аракетин жасаган. 1867-жылдагы Жобонун кабыл алынышы менен жаңы административдик башкаруу системасы киргизилип, болуштук, айылдык, элдик сот органдары түзүлүп, Түркстан крайында “өздөрүнүн өкүлдөрүн шайлоо аркылуу саясий мүнөздөгү эмес”, жергиликтүү элдин аң-сезимине, адатына таянуу менен баштапкы шайлоо [56.с.21] системасы киргизилгендигин белгилеп, шайлоонун жүрүшү, андагы кемчиликтерди баяндаган. Н.Д. Южаковдун эмгегинде көчмөндөрдөгү жана отурукташкан калктагы бий жана казы сотторунун аткарып келген функцияларына жана 1867-жылдан кийинки алардын ишмердиктерине кеңири токтолуп өткөн. Көчмөндөрдөгү бийлердин соттук иштерине баа берген автор: “Салттуу бий соту жөнөкөй, формасыз, ачык, адилеттүү, баарына түшүнүктүү, баарына жеткиликтүү болгон. Ошондуктан, кыргыздар аларды ыйык карап сыйлачу” – деп эскерет [56.с.37].

Кокон хандыгынын доорунда хан тарабынан дайындалган казылардын ишмердигине токтолуп: “Муфтий, аглямдар катышканы менен казылар соту жекече мүнөзгө ээ болгон. Казы соту эл алдында жүргүзүлүп, ачык жүргүзүлгөн” – деп белгилейт [56.с.40].

Түркстан крайындагы 27 жылдык башкаруунун жыйынтыктарына анализ кылууну максат кылган Н.Д. Южаков 1867, 1873, 1888, 1886-жылдардагы каралган Жоболорду “элдик соттордун” функцияларынын өзгөрүүсүнө токтолуп кеткен. Алсак, Н.Д. Южаков 1886-жылдагы Жобо бий, казы сотторунун бийлигин жоюп, аны элдик сот менен алмаштыргандыгын жана элдик сотту эки инстанциядан:

1. Жеке (единичный) – элдик соттон;
2. Элдик соттордун сьездинен, аппеляциялык инстанция катары түзүлгөндүгүн баса белгилейт [56.с.42].

Демек, автор баса көрсөткөндөй, 1886-жылдагы Жобонун негизинде салттуу бий, казы соттору жоюлуп “регламенттештирилген”[56.с.42]. Россия империясындагыдай жергиликтүү соттор өңдөнгөн элдик соттор калыптана баштагандыгын баса көрсөтөт. Ошого карабастан, автор 1886-жылдагы каралган Жободо элдик сот системасын түзүү менен жергиликтүү элге мурдагыдай эле адат, шарияттын негизинде соттошууга мүмкүнчүлүк жаратты, бирок шайлоонун жүрүшүндөгү баш-аламандыкты жоюунун жана соттордун курамын таза тактоонун жолдорун көрсөткөн жол катары белгилеген [56.с.42].

Россия империясынын Түркстан крайында киргизилген башкаруу системасынын 27 жылдык жыйынтыктарынын оң жана терс жактарына токтолгон Н.Д. Южаков аталган эмгегинде империянын саясатын колдоо менен төмөнкүдөй жыйынтыктарга келген. Падышачылыктын ири каталары жана кемчиликтерине карабастан, Түркстан крайын башкаруу жылдары “Биздин абалыбыз канааттандырарлык түрдө” деп баалап, империянын тартиби, салык саясаты Кокон хандыгына караганда жеңил деп белгилейт [56.с.42]. Крайдагы империянын башкаруусунун төмөнкүдөй эки жеңилдиги бар деп көрсөтөт:

1. Жергиликтүү элге карата жумшак, кең пейилдик, камкордук мамиле;
2. Алардын ички турмушуна карата толук кийлигишпөө: алардын диний жана үй тиричилигине, тагыраак айтканда, ички үй тиричилигине карата толук эркиндик берүү [56.с.83].

Жогорудагы Ю.Д. Южаковдун эмгеги Россия империясынын Түркстан крайын башкаруунун жүрүшүнө баа берген. Эмгекте автор башкаруудагы кетирген катачылыктарды атоо менен өзүнүн позициясын ачык билдирүүгө аракет жасагандыгы байкалат. Ошого карабастан ал официалдуу көз караштарды колдоо менен Түркстанга карата социалдык-экономикалык, саясий жактан прогрессивдүү мүнөзгө ээ экендигин, басып алуучулук саясаттын туура болгондугун далилдөөгө аракет жасаган.

Түркстан крайындагы сот тармагынын реформаланышы, кабыл алынган Жоболордогу сот системасындагы өзгөрүүлөр И.И. Крафтын (1859-1914) эмгегинде баяндалат [19]. Анын көлөмдүү эмгеги Түркстан крайынын талаа областтарындагы (негизинен казактардын мисалында) сот тутумунун тарыхына кайрылуу менен 1867-жылы Түркстан генерал-губернаторлугунун түзүлгөндөн кийинки башталган реформаларга кеңири токтолуп кеткен. Автордун эмгегинен 1867, 1886-жылдардагы кабыл алынган Жоболордогу айырмачылыктар, жергиликтүү эл үчүн каралган жоопкерчиликтин түрлөрүнүн кеңейиши изилденет. 1886-жылдагы Жободо каралган областтык, уезддик, элдик соттордун жарандык жана кылмыш иштери боюнча аныкталган милдеттери чагылдырылат. 1867, 1886-жылдагы Жоболордун айырмачылыктарына токтолгон автор элдик соттун түзүлүшү, соттордун чукул сьездиндеги аппеляциялык инстанциянын жоюулушу, аялзатына карата болгон сот мамилесинин калыптана башташы прогрессивдүү көрүнүш катары баалап кеткен [19.с.70]. 1886-жылкы Жободо каралган элдик соттун укуктарынын бири – бул күнөөлүүнү “түрмөгө салуу” [19.с.71] жазасынын киргизилиши болуп саналат. И.И. Крафт аталган норманын киргизилишин 1886-жылдагы Жобонун негизги жетишпеген жактары катары карайт. И.И. Крафтын бул эмгегиндеги негизги маселелердин бири 1898-жылкы Жободо киргизилген элдик соттун ишмердиги болуп саналат. Автор элдик соттун ишмердигиндеги кемчиликтерге карабастан, орус сотунун күч менен орнотуудан чочулаган эл, салттуу үрп-адаттарга таянган элдик сотко карата болгон ишеним сакталып келгендигин баса көрсөтүп кеткен. Түркстан крайынын талаа областтарындагы элдик соттордун ишине анализ берүү менен автор төмөнкүдөй жыйынтыка келет:

1. Жергиликтүү элдин салттары экономиканын жана турмуш-тиричиликтин өзгөрүшүнүн жана орус бийлигинин мыйзамдарынын таасири астында юридикалык норма катары өзүнүн маанисин жоготту;

2. Салттуу укукка таянган элдик сот мындан ары соттук функцияларды туура аткарууга, кадимки укуктук жазаларды колдонууга күчү жетпейт.

Ошого карабастан, элдик сот тарабынан жергиликтүү шартка ылайык чындыктын бетин ачуудагы тажрыйбалары сот өндүрүшүндө колдонууга ыңгайлуу деп баалаган [19.c.104-105]. И.И. Крафтын эмгегинде сот өндүрүшүнө, анын жүрүшүнө байланышкан конкреттүү фактылар келтирилбегендигин эске алуу менен Түркстандын талаа областтарындагы сот реформасынын жүрүшү, анын оң жана терс жактарын талдоого аракет жасаган эмгек катары кароого болот. Кыргыздарга тиешелүү конкреттүү фактылар келтирилбегендигине карабастан, Россия империясынын Түркстан крайындагы сот реформасынын жүрүшүн талдоого алган.

Демек, революцияга чейинки доордогу сот системасынын тарыхы белгилүү деңгээлде орус төбөлдөрү жана изилдөөчүлөр тарабынан чагылдырылган. Г. Загряжский, Н.И. Гродеков, Н.Д. Южаков, И.И. Крафт ж.б. колониялык доордо Түркстан крайында администртивдик кызматтарда иштеген орус төбөлдөрү болушкан. Алар сот эл арасында жүрүшүп, жергиликтүү элдин салты үрп-адаты менен жакындан тааныш болушуп сот тарыхы боюнча конкреттүү материалдарды топтоо менен аларга анализ беришкен. Аталган авторлордун эмгектери тарыхнаамалык жана булакнаамалык таризде маанилүү, ишенимдүү тарыхый булак катары илимий изилдөөбүзгө салым кошуп, жогорудагыдай тыянак чыгарганга негиз болду.

## 1.2. Илимий маселенин советтик тарыхнаамада изилдениши

Советтик тарыхнаамада 1960-жылдарга чейин кыргыз элинин XIX к. экинчи жарымы – XX к. башындагы сот тарыхын өз алдынча илимий обьект катары изилдеген тарыхый эмгектер саналуу гана болгон. Анткени, 1960-жылдарга чейинки тарых илиминде “эзүүчү таптын өкүлдөрү” деген көз караш сакталып, кыргыз коомундагы социалдык катмардын бири – бийлер эзүүчү таптын өкүлү катары каралган жана салттуу сот бийлигинин башында

турган бийлеге терс баа берилип, ишмердүүлүгү адилет изилденген эмес. Бирок, советтик доордогу кыргыз тарыхчылары тарабынан XIX к. Россия империясынын Кыргызстанды каратып алышы, административдик, экономикалык саясаты ж.б. социалдык-экономикалык чөйрөдөгү жүргүзүлгөн реформалары изилдөөгө алынган.

Колониялык доордун тарыхынын саясий, социалдык-экономикалык маселелери изилдөө советтик тарыхнааманын жаралышынын алгачкы мезгилинен эле башталган. 1920-жылдын аягы – 1930-жылдын орто чендеринен баштап советтик тарыхчылар тарабынан Түркстандын колониялык дооруна арналган эмгектер жарык көрө баштаган.

Алгачкы мезгилде орус изилдөөчүлөрү көптөгөн тарыхый булактардын негизинде, ошондой эле окуялардын түздөн-түз катышуучусу катары колониялык саясатты чагылдырган бир канча илимий эмгектерди жаратышкан.

Кыргыз тарыхнаамасында Кыргызстандын Россияга каратылышы, падышачылыктын колониялык саясаты, коомдук-экономикалык түзүлүшү ж.б. маселелер Б.Ж. Жамгерчинов, А. Хасанов, С. Ильясов, К. Үсөнбаев, А.А..Сапелкин [73,107,78,114,117] ж.б. окумуштуулардын эмгектеринде изилденип, аларда сот тарыхына байланышкан маселелер учкай түрүндө баяндалат.

Көрүнүктүү окумуштуу Б. Жамгерчинов алгачкылардан болуп кыргыз элинин саясий тарыхына илимий изилдөө жүргүзүп, кыргыз элинин социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүшүнүн проблемаларын ар тараптан чагылдырган.

XX к. башындагы Кыргызстандын Россия империясынын курамындагы коомдук-экономикалык абалы, кыргыздардын жана көчүп келген чарбалардын дифференцианануу процесси К. Үсөнбаев менен А.А. Сапелкиндер тарабынан изилденген. А.А. Сапелкиндин изилдөөсү кыргыз айылдарындагы коомдук социалдык түзүлүштү, жергиликтүү калк менен

көчүп келгендердин ортосундагы карама-каршылыктарды, айыл жергесине берилген ар түрдүү багыттагы кредиттердин экономикага тийгизген таасири тууралсындагы маселелерди камтыйт.

Колониялык мезгилдеги кыргыздардын экономикалык мамилелерин, орус бийлигинин административдик реформаларынын жыйынтыктары, алардын товардык чарбанын өнүгүшүнө тийгизген таасири К. Үсөнбаевдин эмгегинде  изилденген. Автор кыргыздардын социалдык-экономикалык мамилелери, аймактын Россия империясынын курамына ктргенден кийинки жергиликтүү калктын социалдык-экономикалык турмушундагы өзгөрүүлөрдү талдоого алган. Кыргыз кедейлеринин отурукташкан жашоого өтүшүн, эмгекчи кыргыз элинин орус жана башка элдер менен достук байланыштарынын пайда болушун, социалдык карама-каршылыктардын көрүнүшүн жана айылда таптык күрөштүн пайда болушун айтып өткөн.

А. Хасанов XIX кылымдын 50-70-жылдарында кыргыздардын Кокон хандыгы жана Россия империясы менен болгон мамилеси тууралуу изилдеген окумуштуу тарыхчы болуп саналат. Автор  кыргыздардын коомдук турмушу, саясий абалы, экономикасы менен катар эле сот тармагына да тиешелүү маалыматтарды жазып калтырган.

XIX к. Россия империясынын тышкы саясатын чагылдырган авторлордун  катарына  совет мезгилинин тарыхчы-марксисти, коомдук жана мамлекттик ишмери М.Н. Покровскийди (1868-1932) кошууга болот. Окумуштууну 1920-1930-жылдардагы советтик тарыхчылардын лидери катары таанысак болот. Ал “Дипломатия и войны царской России в XIX в.” эмгегинде Россия империясынын Орто Азиядагы саясатын ар тараптуу изилдеп, падышачылыктын “жергиликтүү элди ырайымсыз жазалоо”, “талап-тоноо” фактыларын арбын келтирген [100.с.392]. Албетте, М.Н. Покровскийдин көз карашы жаңы гана калыптанып келе жаткан марксисттик идеологияны  толугу менен колдогон эмес.

М.Н. Покровскийдин эмгегинен кийин, анын көз карашын колдогон бир катар эмгектер жаралган. Алсак, 20-30-жылдарда жарык көргөн Г.

Сафаров, В. Лаврентьев, П.Г. Галузо, С. Муравейскийдин [108] изилдөөлөрүндө улуттук-боштондук кыймылдар, колониялык саясаттын айрым кесепеттери тууралуу маселелер каралган. Аталган авторлордун айрымдары колониялык мезгилдеги кандуу жазалоолор, кагылышуулар өкүм сүргөнүн сүрөттөп, "элдердин түрмөсүнө" айланган падышачылыктын саясатын сындап жазышкан. 50-80-жылдардын аралыгында советтик тарыхчылар тарабынан падышычылыктын саясий-экономикалык чөйрөдөгү саясаты, анын прогрессивдүү жактарын изилдеген көлөмдүү илимий эмгектер жаралган..

Россия империясынын Түркстандагы административдик саясатын изилдөөгө аракет жасаган окумуштуулардын бири өзбек тарыхчысы Х.Д. Садыков болуп саналат. Автор өзүнүн кандидаттык эмгегинде [129.с.21] Түркстан генерал-губернаторлугунун бийлик бутактары болгон крайлык, областтык, уезддик, шаардык, айылдык башкаруу структурасын, алардын функцияларын, курамын жана полициялык, сот башкаруу органдарынын түзүлүшүн изилдөөгө алган. Коммунистик идеологиянын нугунда жазылгандыгына карабастан, автордун кандидаттык изилдөөсү кеңири архивдик, совет дооруна чейин жарык көргөн тарыхый булактарга таянып жазылган эмгек болуп саналат. Натыйжада, автор Түркстан генерал-губернаторлугунун саясий-административдик түзүлүшүнүн түпкү максатын, жетиштүү түрдө анализдөөгө далалат кылган. "Колониялык администрациянын жергиликтүү элге болгон мамилеси падышачылыктын орус эмес элдерге карата алардын арасындагы мамлекеттүүлүктүн пайдубалын жок кылуу, маданиятын талкалоо, тилин жерүү, аларды караңгылыкта кармоо (невежества), акыры шартка жараша орусташтыруу болгон" [129.с.34]. Чындыгында совет дооруна чейинки тарыхнааманын көпчүлүк өкүлдөрү, колониялык саясаттын түпкү максаты орусташтыруу экендигин жашырышкан эмес. Ал эми маанилүү маселелердин бири болгон жергиликтүү башкаруу системасы тууралуу маселеге автор көңүл бурган эмес.

XX к. 60-жылдарынан тарта советтик тарыхнаамада окумуштуу-юристтер тарабынан сот системасынын тарыхына арналаган айрым эмгектер жарала баштаган. Алардын катарына К. Нурбековдун, К. Кожоналиевдин эмгектерин атоого болот. Советтик идеологиянын таасири астында окумуштуулар бий сотуна сын көз караш менен карап, аны социалдык стратификациянын эң жогорку баскычында турган бий, бай-манаптардын өкүлү катары эсептешип, карапайым калкты эзүүчү социалдык катмардын өкүлү катары баалаган. “Бийлер өз чечимдери менен жогорку катмардын өкүлдөрүнүн саясий жана экономикалык кызыкчылыктарын коргойт, себеби, өздөрү бул катмарга таандык” – деп жазган К. Нурбеков [99.с.75]. Ошондой эле автор революцияга чейинки Кыргызстандын коомдук-саясий системасы, укуктук булактары жана укугу, кыргыз коомунун социалдык-экономикалык түзүлүшүнүн жана социалдык түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү, жергиликтүү өз алдынча башкаруусу, сот системасы тууралуу изилдөөлөрдү жүргүзгөн.

Каралып жаткан доордогу кыргыздардын сот тарыхын изилдөөгө чоң салым кошкон окумуштуулардын бири К. Кожоналиев болуп саналат. Автордун калемине мазмундуу үч илимий монография таандык [125,86,87]. “Суд и уголовное обычное право киргизов до Октябрской революции” аттуу эмгегинде автор Кыргызстандын  Россия империясына каратылганга чейинки жана империянын курамына кирген мезгилдеги кыргыздардын сот системасын, кылмыштардын түрлөрү, кылмыш жоопкерчилиги, жаза колдонуу, соттук өндүрүш иштерин изилдөөгө багытталган. Тарыхый булактарга таянуу менен салттуу кыргыз коомундагы сот функциясын аткарып келишкен бийлердин ролуна кеңири токтолгон. Россия империясына каратылар алдында ар бир уруунун, уруктун өз алдынча бийи болгондугун белгилеп өтөт. Бирок автор советтик тарыхнаамадагы үстөмдүк кылган концепциядан алыстай албастан, К. Нурбековдун пикирин колдоо менен бий институтуна  сын көз караш менен карап, алардын ишмердиктерин сынга алган. Тагыраак белгилесек, К. Кожоналиев: “Кыргызстан Россия империясынын курамына каратылар алдында формалдуу жана иш жүзүндө

мыйзам алдында ар кайсыл таптардын теңсиздиги өкүм сүргөн, феодалдык укук системасы орногон феодалдык мамлекет болгон” – деп жазган [125.с.41]. Андан ары өз пикирин улап, салттуу сот системасына карата “калыптанган көз караштьт” карманып: “Бийлер соту Кыргызстандын коомдук-саясий, патриархалдык-феодалдык системасына кызмат кылган атайын орган болгон. Ал эми Россияга каратылгандан кийин падышачылыктын, орус буржуазиясынын жана помещиктердин куралы катары кызмат кылган” [125.с.10] – деп баалаган. Ошол эле учурда Россиянын курамына каратылгандан кийин салттуу сот тутумун реформалоо иштери жүргүзүлүп, 1867-жылдагы Жобо боюнча элдик соттор: айылдык, болуштук, бийлердин чукул чакырылган сьездинен тургандыгын баса белгилеп өтөт [125.с.22]. К. Кожоналиевдин аталган эмгегин советтик көз караштагы таптык позицияда жазылгандыгына карабастан салттуу адат укугу, өзгөчө кылмыш жана жаза иштеринин түрлөрүнө терең анализ жүргүзгөн изилдөө катары баалоого болот. Алсак, автор тарабынан кылмыш адат укугунда өкүм сүрүп келген кылмыштын эки формасы: кастык, карасанатайлык жана кокустук, абайсыздык түшүнүктөрү, жана коргонуу чаралары изилдөө үчүн өзгөчө кызыгууну жаратат.

Демек, советтик тарыхнаамада 20-30-жылдары М.Н. Покровский, Г. Сафаров, В. Лаврентьев, П.Г. Галузо, С. Муравейский сыяктуу советтик изилдөөчүлөр жалпы эле колониялык доордогу административдик, экономикалык маселелерге баа беришкен. Сот системасынын тарыхы алардын атайын изилдөө обьектиси болгон эмес.

– 60-80-жылдардын тарыхнаамасында советтик-кыргыз тарыхчылары Б.Ж. Жамгерчинов, А. Хасанов, С. Ильясов, К. Үсөнбаев, А.А..Сапелкин ж.б. изилдөөчүлөр тарабынан XIX к. экинчи жарымы – XX к. башындагы кыргыз элинин коомдук-саясий турмушу, социалдык-экономикалык абалы тууралында ири изилдөөлөр жүргүзүлгөндүгүнө карабастан, сот системасынын тарыхы, тарыхый тариздеги өз алдынча изилдөөгө алынган эмес.

– 60-80-жылдар аралыгында сот системасынын тарыхы окумуштуу-юристер К. Нурбеков, С.К. Кожоналиев тарабынан изилденип, адат укугуна негизделген салттуу укук нормалары, жарандык жана кылмыш иштери, жазанын түрлөрү изилденген. Бирок, салттуу кыргыз коомунда сот функциясын аткарып келишкен коомдогу бийлердин ролуна баа берүүдө, авторлор советтик тарыхнаама адат укугуна негизделген салттуу сот тутумун марксисттик-лениндик илимий концепциянын нугунда салттуу сот бийлиги көчмөн феодалдык-патриархалдык коомдо эзүүчү таптарга гана кызмат кылган система катары караган. Элдик сот бай-манаптардын колунда болуп эзүүчү курал катары кызмат кылган деген пикирди карманышкан. Негизинен жогорудагы окумуштуулар Кыргызстандын Россия империясына каратылганга чейинки жана империянын курамына кирген мезгилдеги кыргыздардын сот системасын, кылмыштардын түрлөрү, кылмыш жоопкерчилиги, жаза колдонуу, соттук өндүрүш иштерин укуктук таризде изилдөөгө аракет жасашкан. Автордун эмгектери каралып жаткан доордогу кыргыздардын сот тарыхын терең изилдөөгө жол ачты десек жаңылышпайбыз.

### 1.3. Постсоветтик мезгилдин тарыхнаамасы

Эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин коммунисттик идеологиянын көрсөтмөлөрүнөн баш тартып, элибиздин өткөн тарыхын объективдүү изилдөөгө кеңири жол ачылды. Кыргыз тарыхнаамасында гана эмес Борбордук Азия тарыхнаамасында Борбодук Азия элдеринин Россияга каратылышы, колониялык доордун тарыхын жаңы тарыхый көз караштардын, жаңыча тарыхый ой жүгүртүүнүн нугунда изилдөө иштери башталды. Борбордук Азиянын Россия империясына каратылышын, колониялык бийликтин административдик, экономикалык, маданий чөйрөдөгү саясатын, анын кесепеттерин изилдеген мазмундуу илимий эмгектер жарала баштады.

Постсоветтик доордогу тарыхнааманын өзгөчөлүгү кыргыз элинин сот системасынын тарыхый жана укуктук жактарына изилдөө иштери обьективдүү жүргүзүлүп, бул багытта окумуштуу-тарыхчылардын жана окумуштуу-юристердин эмгектери жана илимий макалалары жарык көрө баштады.

Эгемендүүлүк жылдары колониялык мезгилдин тарыхы боюнча кандидаттык жана докторлук диссертациялык иштерин коргоп [124.322-б.], бир канча илимий монографияларды [80,82,83,124] жараткан авторлордун бири Т. Кененсариев болуп саналат. Окумуштуу Кыргызстандын Россияга каратылышы, колониялык доордун тарыхы боюнча жаңы илимий концепцияларды сунуш кылган авторлордун катарына кирет. Окумуштуунун докторлук диссертациясынын негизинде жарык көргөн илимий монографиясы Кыргызстандын Орусияга кошулуу маселесин изилдөөгө арналса, акыркы жарык көргөн көлөмдүү изилдөөсү падышачылыктын экономикалык саясатын изилдөөгө арналат. Автор падышачылыктын административдик саясатын изилдөөнү максат кылып койгон эмес. Бирок, окумуштуу Кыргызстандын Россияга каратылышына жаңыча баа берип, экономикалык саясатынын түпкү максаттарын тарыхый фактылар тастыктап, «каратуу» түшүнүгүнүн тарыхый чындыкка жакын экендигин далилдөөгө үзүрлүү аракет жасаган. Автордун эмгектеринин өзгөчөлүктөрү, жаңы архивдик материалдарды илимий айлампага киргизүү менен аларга терең анализ берип, жаңы тарыхый концепцияларды жараткандыгында болуп саналат.

Т. Кененсариевдин акыркы монографиялык эмгегинде кыргыздардын сот ситемасынын тарыхына кайрылып, адат укугуна негизделген кадимки салттуу сот жана элдик сот системасына токтолуп, колониялык бийлик тарабынан жүргүзүлгөн саясаттын максаттарын кеңири ачып берүүгө аракет жасалган.

Колониялык доордогу административдик башкаруу системасынын айрым жагдайлары А. Джуманалиевдин эмгегинде чагылдыргылган. Автор

XX к. башындагы кыргыздардын коомдук-саясий турмушун сүрөттөп, Түркстан генерал-губернаторлугунун курамынын түзүлүшүнө анализ жүргүзгөн.

Кыргызстандын XIX к. экинчи жарымы – XX к. башындагы социалдык-экономикалык, саясий мамилелерине тарыхнаамалык анализ жүргүзүп, көптөгөн илимий макалаларды, илимий монографиялык эмгектерди жараткан окумуштуулардын катарына Ж. Жакыпбековду [75.с.95,78.с.278] кошууга болот. Автор өзүнүн тарыхнаамалык эмгегинде XIX к. тарыхын изилдеген К. Үсөнбаев, Б. Жамгерчинов, В. Плоских, А. Хасанов, С. Ильясов сыяктуу көрүнүктүү советтик окумуштуу-тарыхчылардын эмгектерине терең анализ жүргүзгөн. Кыргызстандын Россияга кошулушу, улуттук-боштондук көтөрүлүштөрдүн сүрөттөлүшү, социалдык-экономикалык мамилелер сыяктуу орчундуу маселелердин изилденүү деңгээлине тарыхнаамалык баа берип, алардын актуалдуу маселелерин аныктайт. Автор XIX к. тарыхын совет доорундагы авторлордун эмгектерине анализ берип, алгачкылардан болуп тарыхнаамалык таризде изилдөө жүргүзгөн окумуштуу.

XVIII – XIX к.к. кыргыздардын коомдук жана саясий турмушунун тарыхнаамалык маселелери, административдик саясаттын айрым жагдайлары Ж.Б. Алымбаевдин монографиясында [61.с.284,60] жана көптөгөн илимий макалаларында [60.43-47б.,62.101-104-б.,63.31-34-б.,64.63-66-б.] чагылдырылган. Автор революцияга чейинки орус авторлорунун эмгектеринин негизинде Кокон хандыгынын жана Россия империясынын доорундагы кыргыздардын саясий турмушун иликтеген. Орус тарыхнаамасынын өкүлдөрү болгон аскер адамдары, чыгыш таануучулар, администрация өкүлдөрүнүн эмгектерин жергиликтүү интеллигенция өкүлдөрүнүн эмгектери менен салыштырып, ал эмгектерге тарыхнаамалык анализ жасаган. Жогоруда көрсөтүлгөн эмгегининин «Административная система управления и участие в ней кыргызов в трудах представителей царской администртации» аттуу параграфында Ф. Гирстин, К.К. Палендин

К. Кауфмандын отчетторунун негизинде жаңы киргизилген башкаруу системасынын оң жана терс жактарын изилдеген. Автор болуштук шайлоолор учурунда «паракорлук», добуштарды сатып алуу көрүнүштөрүн кыргыз коомчулугуна кирген терскери көрүнүштөрдүн бири катары баалайт [61.с.220].

1867-жылы кабыл алынган убактылуу Жобонун негизинде кыргыздардын уруу-уруктук принципте эмес аймактык принципте болуусу, тарыхый кээ бир салттарды сактабоосу эл арасында нааразычылыктарды жарата баштады деп жыйынтыктайт [59.220-б.,60.с.284]. Бирок, автордун эмгеги тарыхнаамалык аспекте жазылгандыктан, башкаруу системасынын орношу, эволюцияланышы, бюрократиялык аппараттын калыптанышы сыяктуу маселелерге көңүл бурган эмес.

Ж.Б. Алымбаев “Кокон хандыгы жана Нүзүп миңбашы” [59] аттуу илимий эмгегинде хандыктын социалдык-экономикалык абалына анализ берүүдө революцияга чейинки доордо жазылган тарыхый булактарга таянуу менен хандыктын сот системасындагы казылардын ишмердигине, алардын жазалоо, соттук иштерди териштирүүдөгү шариятка негизделген укуктарына токтолуп кеткен. Өзгөчө хандыктагы кылмышкерди жазалоодогу айыптардын түрлөрү, аны ишке ашыруунун жолдору кыйла терең чагылдырылган.

Түркстан крайындагы административдик саясаттын мүнөзүн, кесепеттерин талдаган макалалардын катарына Т. Кененсариевдин жана Д. Сапаралиевдин [81.с.76-84,84.с.84-91,106.с.46-47] макалаларын кошууга болот.

Алсак, белгилүү тарыхчы Д. Сапаралиев өз макаласын 1855-1917-жылдардагы Россия империясынын курамындагы кыргыздардын башкаруу системасынын калыптанышын жана Кыргызстандын аймагындагы анын өзгөчөлүктөрүн талдоого багыттаган. Архивдик жана Түркстан крайын башкаруу Жоболоруна таянып Кыргызстандын аймагындагы болуштук башкаруучуларды, айылдык старшиналарды шайлоо, территориялык-

географиялык жактан бөлүштүрүү принциптерин чагылдырган. Орус падышачылыгы Кыргызстандагы реформаны жүргүзүүдө алдына төмөнкүдөй эки максатты койгон: биринчиден, жергиликтүү манаптардын, бийлердин эл арасындагы таасирин басаңдатуу, экинчиден, "бөлүп жарып башкаруу" прицибине таянып ири уруулук топторду майдалап-бөлүп, салык чогултууга ыңгайлаштырган системаны түзүү болгон деген жыйынтыка келген [106.с.44].

Россия империясынын Түркстан крайындагы административдик саясатын өзбек тарыхчылары Г.А. Ахмеджанов, Р. Абдурахимова, Ф. Исхаков, Х.Д. Садыков, Д.Ж. Ураков, С.Б. Тиллебаев [61.с.295,57.с.162,73.с.232,129.с.21,134]; казак тарыхчылары К. Кусайынулы, Д.А. Рахимкуловдар [90.с.162] изилдешип, Түркстан крайынын коомдук-саясий жана маданий турмушундагы маселелерди кеңири масштабда чагылдырышкан. Тагыраак айтканда, каратып алуу, көчүрүп келүү саясаты сыяктуу бир топ социалдык-экономикалык маселелер улуттук-боштондук көтөрүлүштөрдүн чыгышынын социалдык базасы болгон.

Россия империясынын XIX к. экинчи жарымы – XX к. биринчи чейрегиндеги Түркстан аймагындагы административдик саясатынын маңызы, өзгөчөлүгү, мүнөздүү белгилери, эволюцияланышы жана орношу тууралуу Н. Абдурахимова менен Г. Рустамованын биргелешкен эмгегинде изилденген. Жаңы тарыхый булактарга таянып, колониялык режимдин, бюрократиялык системанын калыптанышы сыяктуу маселерге өзгөчө көңүл бурган. Авторлор XIX к. 60-80-жылдарындагы Түркстан аймагында колониялык бийликтин аскердик-административдик, "руссификатордук", полициялык жана жазалоочу режими орноп, жергиликтүү элди улуттук мамлекетин түзүүгө болгон мүмкүнчүлүгүнөн ажыратып, жалпы цивилизациялык процесстерге өз алдынча катышууга терс таасирин тийгизди деген жыйынтыка келишет.

Казак окумуштуусу К. Кусайынулы эмгегинде Түркстан крайына орус административдик системасынын киргизилишинин себептерин

чагылдырган тарыхый булактарга жана илимий эмгектерге кеңири анализ берет. Түркстандагы жаңы орус өкмөтүнүн административдик реформасы эң оболу помещиктик-крепостнойлордун каалоосун жүзөгө ашырууда болгон жана реформаны жүргүзүүдө болуштук, айылдык старшиндердин колдоосуна ээ болуу менен жергиликтүү эл масса катуу эзүүгө дуушар болгон [90.с.105] деп акыйкат баа берилген.

Ал эми XIX к. 20-жылдарындагы казак коомчулугундагы старшина институтунун түзүлүшү, алардын функциялык, административдик-чарбалык милдеттери, көчмөн жашоодогу алардын ролу, старшиналарды шайлоо системасы Д.А. Рахимкуловдун изилдөөсүндө чагылдырылган.

Эгемендүүлүк мезгилинде кыргыз элинин XIX к. аягы – XX к. башындагы кыргыздардын адат укугу (обычное право), сот өндүрүшү, адат, шарият укуктары, сот системасына орус бийлигинин тийгизген таасири окумуштуу-тарыхчылар А. Салиев, А. Слесарев [103,104,128,133] эмгектеринде изилдесе, окумуштуу-юристтер Б.И. Борубашов, Т.И. Ганиева докторлук, С.Т. Салыбекова кандидаттык диссертациясын коргошуп, көлөмдүү эмгек жазышкан [121,122,127]. Андан сырткары, Н.С. Турсунбаева, А.М. Муратова, Н.Д. Эшмуратова [98,113] сыяктуу жаш окумуштуу-юристтер макалаларын жарыялашкан.

А. Салиевдин калемине каралып жаткан доордогу салттуу адат укугу, элдик сот системасынын өнүгүшүнө арналган көптөгөн илимий макалалар таандык. Автордун “Очерки истории судебной политики царизма в кочевых регионах Туркестана (по архивным, правовым и иным материалам)” аттуу көлөмдүү эмгегинде Россия империясынын Түркстандын көчмөндөр аймактарындагы адат укугуна негизделген салтуу сот системасына карата жүргүзгөн падышачылыктын саясатына жана анын маңызын ачып берүүгө чоң аракет жасаган. Өзгөчө көңүлдү жергиликтүү башкаруу системасындагы бийлердин ишмердиги, алардын укуктарынын бара-бара орус мыйзамдарынын негизинде чектелиши, жогорку административдик бийликтин тийгизген таасири изилденген. Түркстандын көчмөн

аймактарындагы сот системасына анализ берүү менен автор төмөнкүдөй жыйынтыктарды сунуш кылат: “Түркстандагы жергиликтүү башкаруу системасында элдик соттор маанилүү звенолордун бири болгон. Бирок, алардын орус бийлигине болгон көз карандылыгы аныктоочу, маанилүү болгондугуна караганда, көбүнчө формалдуу мүнөздө болгон. Ошол эле учурда, элдик сот өкүлдөрү жергиликтүү администрацияга шайланган салттуу уруулук башкаруучу көчмөн аристократтардын таасиринде болгон. Анткени, алардын колунда жерди, жайыттарды, кыштоолорду бөлүштүрүү боюнча таасирдүү күч болгон. Элдик соттун өкүлдөрү көчмөн элитанын колдоосу аркылуу гана шайланууга мүмкүнчүлүк алышкан [104.с.395-396]. Албетте, көчмөн кыргыздардын шартында саясий турмушта негизги ролду манаптар ойногондугун танууга болбойт. Өзгөчө чоң уруунун башында шайлоо учурунда кимди болуш кылуу, сот кылуу бир уруунун башчысы, манаптар тарабынан чечилген учурлар жок эмес. Бирок ошол эле учурда ар бир шайлоо орус бийлигинин өкүлдөрүнүн катышуусу менен өткөрүлүп, алардын таасири болгондугун танууга болбойт. Жыйынтыгында Түркстандагы сот системасына мүнөздөмө берген автор, “айрым кемчиликтерине карабастан элдик сотторду шайлоо принциби негизинен өзүн актады, келечекти өзгөртүүгө чоң күч катары кызмат кылды” деген жыйынтыка келген [103.с.77].

Белгилүү окумуштуу Б.И. Борубашовдун эмгеги кыргыздардын Россия империясынын курамында болгон учурундагы административдик-укуктук, ченемдик-укуктук, коомдук мамилелерди жөнгө салуудагы укуктарын жана кыргыздардын сот системасынын тарыхын укуктук аспекте изилдөөгө алган көлөмдүү, маани-маңыздуу эмгек болуп саналат. Кыргыздардын сот системасынын тарыхына автор тарабынан кеңири талдоо жүргүзүлүп, кыргыздардын адат укугу, адат укугундагы бийлердин ролу, сот өндүрүшү, Россия империясынын мезгилиндеги элдик сот системасынын түзүлүшү, айылдык, болуштук, бийлердин чукул съезди, алардын жарандык жана кылмыш иштери боюнча соттук процесстеринин жүрүшү ж.б. сот

системасына байланышкан кеңири маселелерди изилдөөгө алган. Кыргыздардын адат укугуна кайрылган автор адат укугунун башында бийлер тургандыгын баса көрсөтүп, XVII к. тарта уруунун аксакалдары – бийлер XIX к. ортосуна чейин административдик, саясий жана соттук функцияларды аткарып келишкендигин жазат. Ал эми XIX к. ортосунда кыргыз коомунда өзгөчөлөнгөн укуктагы башкаруучу феодалдык топтун пайда болушу менен бийлер соттук гана функцияны аткара баштаган. Демек, бий XIX к. чейин уруунун, уруктун башчысы, сот катары кызмат аткарып келсе, XIX к. ортосунан тарта сот катары гана кызмат аткара баштаган” [121.с.202-203] деген жыйынтыка келет. Автордун пикирине толук кошулууга болот, анткени XIX к. тарыхый булактарда манаптардын саясий аренага чыгышы менен кыргыз коомундагы “аристократтык” социалдык катмар катары манаптар административдик башкарууну өз колуна алышкан. Россия империясынын Кыргызстанга киргизген административдик башкаруу системасы кыргыздардын салттуу коомуна бир топ өзгөрүүлөрдү алып келгендигин белгилеген автор айылдык жана болуштук башкарууга шайлоо укугунун киргизилиши “манаптар бийлердин бийлигин мураска калуучулук институтун бузду. Башкаруу чөйрөсүндөгү шайлоонун жыйынтыктары бара-бара калктын кылымдардан бери келе жаткан уруулук салтын, мамилесин бузууга, алардын уруу башчыларына болгон көз карандысыздыгын жоюуга, негизинен кыргыз коомундагы башкарууну өркүндөтүүгө алып келген” [121.с.242] деген жыйынтыка келген. Албетте, башкаруу чөйрөсүндө бир топ өзгөрүүлөр жүргөндүгүн танууга болбойт, бул таризде автор менен толук кошулууга болот. Ошол эле учурда, шайлоо процессине орус бийлигинин кийлигишүүсү, орус бийлигине ыктаган болуштардын, соттордун шайланышы, шайлоодогу “жемкорлуктун” жаралышы саясий жактан жергиликтүү элдин нааразычылыгын күчөткөндүгүн белгилеп кетүү абзел.

Каралып жаткан доордогу сот системасынын тарыхы Т.И. Ганиеванын докторлук эмгегинде изилдөөгө алынган. Автор өзүнүн докторлук диссертациясында Кыргызстандагы жарандык укуктун өнүгүшүнө тарыхый-

укуктук тарабына анализ жасаган. Диссертациялык эмгектин 1 бөлүгүндө совет бийлигине чейинки Кыргызстандагы мусулмандык жана адат укугунун нормаларына анализ жүргүзгөн. Автор туура белгилегендей, “шарият Кокон хандыгынын үстөмдүгү мезгилинде кеңири тараган жана хандыктын кызыкчылыгына, анын колониялык саясатына кызмат кылган” деп белгилеген. Белгилей кетчү нерсе, автордун “Кокон хандыгынын колониялык саясаты” деген түшүнүк менен макул болууга болбойт. Бул боюнча Т. Кененсариевдин Кокон хандыгынын актуалдуу маселерине байланышкан [124] макаласында кеңири сөз болот. Ошол эле учурда Т.И. Ганиева “кыргыздардын адат укугуна шарияттын таасири күч колдонуу жолу менен таасирин тийгизген” – деп белгилейт [122.с.17].

С.Т. Салыбекова Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамынын өнүгүшүн изилдеп кандидаттык диссертациясын коргогон. Автор кыргыздардагы кылмыш-жаза мыйзамдуулугунун пайда болушу, өнүгүү тарыхын, өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө басым жасап, кыргыздардын коомчулугунда алгач кылмыш-жаза укуктары жөнүндө так түшүнүк болбосо да, коомдогу кээ бир жат көрүнүштөр же жүрүм-турум аракеттерге карата адат боюнча жаза колдонулуп келген. Кийин бара-бара адат укуктарындагы жазалоо чарасы көбүнчө «кун алмак» менен алмашылган. Бул жабыр тарткан тараптын жакындары же туугандары ошол уруунун башчыларына барып, жабыркаган тараптын акысын накталай төлөп берүүсүн талап кылышкан. Мындай учурларда аксакалдар өз ара чогулуп, бир чечимге келишкен. Кундун өлчөмү өлгөн адамдын коомдо ээлеген ордуна, жынысына, тек-жаатына жараша чечилген. Ал мезгилде адат укугунда ар кандай жазанын түрлөрү көрсөтүлгөн: «зынданга салуу», «өлүм жазасы», «таш баранга алуу», «баканга байлоо» жана башка жазалар. Совет дооруна чейинки Кыргызстанда мал-жандыктарды уурдагандыктар үчүн оор жазаларды беришкен. Чыр-чатак, аласа-бересе, доо-дооламайлардын баарысы бий алдында, бийлердин өкүм чыгарлышына жараша бүтчү. Ар бир бийге келген ишти бийлер адатка айланган эрежени, салтты колдонуп

чечүүчү. Адат укуктары менен катар диний мусулман укугу - шарият да күчкө ээ болгон. Шариятта үй-бүлөөлүк, жарандык, кылмыш-жаза нормаларына бөлүнүп, куран, сунна, кыяс, иджма шартияттын булагы болуп эсептелген. Бирок, ошол кездеги коомдук шарттарга ылайык бардык укук нормалар диний кызматкерлерге жана феодалдык ак сөөктөргө кызмат кылган [127. 12-б.] - деп жазган автор.

Кыргыздардын XIX к. салттуу адат укугуна негизделген сот системасынын тарыхын изилдеген авторлордун катарына Слесаревдун эмгектерин атоого болот [128.с.51-62]. Изилдөөчүнүн кандидаттык эмгеги XIX к. экинчи жарымынан – XX к. 30-жылдарына чейинки Кыргызстандагы салттуу адат укугунун нормаларына негизделген сот өндүрүшүнө карата мамлекеттин саясатын чагылдырууга арналган. Изилдөөдө 1865-1930-жылдар аралыгындагы элдик сот системасынын калыптанышы, өнүгүшү, элдик соттордун ишмердүүлүгүн талдоого аракет жасалган. Россия бийлигинин бий сотуна карата жасаган көзөмөлү: соттордун чечимдерин милдеттүү түрдө атайын китепчеге каттоо, орус сотторуна аппеляцияга кайрылууга мүмкүндүк берүү, эреже аркылуу жалпы Жоболорду иштеп чыгуу аракеттери сапаттуу өзгөрүүлөргө алып келген эмес. Ошондуктан, XIX к. менен XX к. аралыгында элдик сотторду жоюуга байланышкан проектер, сунуштар же болбосо жалпы орус мыйзамдарына баш ийдирүү сунуштары жаралган [128.с.22] деген жыйынтыка келген. Автордун мындай сунушуна кошулууга болот, анткени 1867-1917-жылдар аралыгында кабыл алынган Жоболор салттуу элдик соттун нормаларын орус мыйзамдарына баш ийдирүү аракеттерин ачык эле байкоого болот.

Ал эми жаш изилдөөчү Н.С. Турсунбаева “Обычное право кыргызов в XIX в” аттуу макаласында болсо, кыргыздардын адат укугуна мүнөздөмө берип, “адат укугунун булактары кыргыздардын кылымдардан бери топтолуп, калыптанган салты “адат” аты менен аталгандыгын белгилеп өтөт. Автор адат укугунун бир канча булактарына токтолуп, алардын катарына көп жылдык тажрыйбанын негизинде калыптанып адат салты, эреже жана

соттордун практикалык иштери негизги булактары” болгондугун белгилейт [113]. Кошумча белилей кетчү көрүнүш эреженин нормалары кийинки эреже кабыл алынганга чейин өз күчүндө болгон.

Укуктук таризде адат жана шарият боюнча кылмыш иштери Н.Д.Эшмуратованын макаласында каралат. Макалада кыргыздардын салттуу коомундагы кылмыш-укук мамилелеринин адат жана шарияттын нормалары аркылуу жөнгө салуу маселеси, чыккынчылыктын түрлөрү, жазалоонун максаты, түрлөрүнө анализ жазалат. Алсак, макаланын автору салттуу кыргыз коомундагы адат боюнча оор кылмыш иштерге: адам өлтүрүү, бир нече жолу кылмыш жасоо, дайыма уурулук жасоо, аялды зордуктоо ж.б.түрлөрүн атап кетет. Автор кыргыздардагы кылмыш иштери диний жана моралдык салттар менен тыгыз байланышта болгондугун белгилейт [98.с.160].

**Жыйынтык:**

Постсоветтик доордун тарыхнаамасына анализ берип жатып төмөнкүдөй жыйынтыктарга келүүгө болот:

– Постсоветтик мезгилдеги кыргыз тарыхчылары Т. Кененсариев, Ж. Жакыпбеков, Ж. Алымбаев, Д. Сапаралиев, өзбек тарыхчылары Г.А. Ахмеджанов, Р. Абдурахимова, Ф. Исхаков, Х.Д. Садыков, Д.Ж. Ураков, С.Б. Тиллебаев [65.с.295,57.с.162,79.с.232,129.с.21.132]; казак тарыхчылары К. Кусайынулы, Д.А. Рахимкуловдар [90.с.162] ж.б. тарабынан жалпы эле Түркстан крайындагы падышачылыктын административдик, социалдык-экономикалык саясаты, анын кесепеттери жаңы нукта изилдөөгө чоң аракеттер жасалып, көлөмдүү монографиялык изилдөөлөр жаралган. Бирок салттуу сот системасы, элдик сот тарыхы аталган авторлордун изилдөө обьектиси катары каралган эмес;

– Постсоветтик мезгилдеги окумуштуу-юристтер Б.И.Борубашов, Т.И.Ганиева, А.Л. Салиев, А. Слесарев ж.б. жаш окумуштуулар тарабынан укуктук таризде XIX к. экинчи жарымы – XX к. башындагы сот тарыхы адат,

шарият укугуна негизделген салттуу укук нормалары, алардын эволюцияланышы изилденген. Бирок, аталган доордогу сот тарыхынын жаралышы, сот системасындагы бий, казылардын, элдик соттордун ишмердиги тарыхый таризде изилдөөгө алынган эмес. Бирок жогорудагы окумуштуулар укуктук таризде изилдешип, маанилүү эмгектерин калтыргандыктан илимий изилдөөбүзгө бир топ салымын кошту десек болот.

– Белгилей кетчү көрүнүш А. Слесаревдун эмгеги салттуу сот өндүрүшүн изилдөөгө арналып, хронологиялык чеги боюнча 1865-1930-жылдардагы мезгилди өз ичине камтыйт. Ал эми биздин диссертациялык эмгек А.Слесаревдун эмгегинен өзүнүн хронологиялык чеги, алдыга коюлган максат, милдеттери боюнча айырмаланат.

– Жалпы Түркстан крайындагы колониялык бийлик системасынын (анын ичинде Кыргызстанда) орношу, анын өрчүп өнүгүшү, түпкү максаты революцияга чейинки, советтик жана постсоветтик тарыхнаамада бир топ деңгээлде изилденген жана ага байланыштуу баалуу эмгектер жаралган;

– Колониялык саясатты изилдегендер биринчи кезекте, аймактагы администрация өкүлдөрү, төбөлдөр, орус аскер адамдары болушкан;

– Совет дооруна чейинки орус тарыхнаамасынын өкүлдөрүнүн эмгектеринде дээрлик көпчүлүк авторлорго мүнөздүү төмөнкүдөй кемчиликтерди атоого болот: илимий ыкмалардын жоктугу, көпчүлүгү профессионалдуу тарыхчылар болбогондугу, бир эле фактынын көп эмгектерде кайталанышы, тарыхый булактарды колдонуудагы ыкмалардын жетишсиздиги ж.б.;

– Жогорудагы айрым кемчиликтерге карабастан, совет дооруна чейинки эмгектер булакнаамалык жана тарыхнаамалык мааниге ээ. Анткени, авторлордун көпчүлүгү тигил же бул окуялардын түздөн-түз катышуучусу, субъективдүү көз караштарына карабастан болгон тарыхый фактыларды чагылдырышкан. Алардын эмгектери тарыхый фактылардын негизинде жазылган. Демек, биринчиден, тарыхый булак катары кызмат кылса,

экинчиден, алардын көз караштары, пикирлери, сунуштары тарыхнаамалык мааниге ээ экендиги талашсыз;

– Советтик тарыхчылар тарабынан колониялык доордун маселелери тарыхый булактардын негизинде кеңири изилденген илимий сессиялар, конференциялар өткөрүлгөн. Бул доордун тарыхнаамасынын өзгөчөлүгү: саясий коньюнуктуранын шартына ылайык, колониялык саясатка карата болгон илимий көз караштар, тарыхый чындыктан алыстап, партиянын көрсөтөмөсүн аткаруу мезгилине дуушар болсо, айрым учурда тарыхый фактылар туура чагылдырылып, чыныгы илимий көз караштардын жаралгандыгында;

– Маселенин тарыхнаамалык анализи көрсөткөндөй кыргыздардын сот тутумунун тарыхына карата революцияга чейинки, советтик, постсоветтик доорлордо тийиштүү изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Г. Загряжский, Н. Гродеков сыяктуу авторлордун эмгектеринде кыргыздардын сот тутумунун түзүлүшү, сот өндүрүшү, жаза колдонуунун түрлөрү ж.б. маселелер чагылдырылган. Бирок, революцияга чейинки адабияттардын басымдуу көпчүлүгүндө казактардын соттук түзүлүшү боюнча кеңири изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Ал эми советтик тарыхнаамада болсо советтик идеологиянын таасири астында адат, шарият нормаларына негизделген бий, казы салттуу сот тутумун жалпы караган эмгектер саналуу гана болгон. Поссоветтик тарыхнаамада Түркстандагы көчмөндөрдүн сот тутумуна арналып А.Салиев, С.Кожоналиев сыяктуу окумуштуулардын эмгектери жазылгандыгына карабастан, биринчи автор падышачылыктын жүргүзгөн жалпы саясатын изилдесе, экинчи автор кыргыздардын салттуу сот бийлигин укуктук жагдайларын изилдөөгө алган.

# II БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН БУЛАКТЫК БАЗАСЫ, МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА ИЛИМИЙ МЕТОДДОРУ

## 2.1. Илимий иштин булактык базасы

Кыргыз элинин сот тарыхын чагылдырган булактарды оозеки жана жазма булактарга бөлүп кароого болот. Оозеки булактар элдик фольклордо, санжырада, макал-лакаптарда чагылдырылып, ал булактар конкреттүү бир тарыхый, соттук процесстин жүрүшүн чагылдырбаган. Бирок, адат, шарият нормаларына таянуу менен жүргүзүлгөн салттуу сот тарыхынан улам эл арасында, элдин эс-тутумунда сакталып, айтылып калган оозеки түшүнүктөр сакталып калган. Алар макал-лакаптар, накыл сөз түрүндө сот бийлигине байланышкан. Алсак, “ант берүү”, ант ичүү”, “касам ичүү”, “кун төлөө”, “эреже” ж.б. бул түшүнүктөр адат укугундагы айыпкерге багытталган жалпы сөздөр болуп эсептелет. Ал эми “туура бийде тууган жок, тууганчыл бийде ыйман жок” деген лакап кеп, кыргыздардын салттуу адат укугундагы бий сотуна карата багытталган, накыл сөз бүгүнкү күндө да өз актуалдуулугун жоготкон жок. Элибиздин тарыхында бий даражасы ыйык, ошол эле учурда жооптуу, эл үчүн адилет кызмат өтөөнү талап кылгандыгын ачыктайт.

Илимий эмгек боюнча жазма булактары негизинен XIX к. жана XX к. таандык. Аларды үч чоң топко бөлүп кароого болот. I топко архивдик булактар [30. ф.1396,оп.1.д.392.ч.2, 41. ф.160-И,оп.1,ед.хр.15, 29.ф.1396,оп.1.д.394.ч.2, 52.ф.160-И,оп.1.ед.хр.98, 6. ф.160-И, оп.1.ед.хр.105], II топко колониялык доорго таандык Жоболор [42,45] сенатордук ревизиянын жыйынтыктары, отчеттору [35,36], мезгилдүү басма сөз беттерине жарыяланган материалдар [14,15,16], III топко бийлердин чукул сьезди тарабынан кабыл алынган эрежелер [86] кирет.

Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинде 2016-жылы Санкт-Петербург шаарынын мамлекеттик архивинен алынып келинген, кыргыз элинин XIX к. тарыхын чагылдырган материалдар сакталып турат. Ал материалдардын ичиндеги №160, №1398 архивдик фонддордун документтеринде бийлерге, казыларга, элдик сотторго

байланышкан материалдар жана Жоболор кездешет. “О русском и народном судах” аттуу документте Түркстан крайындагы орус бийлигинин соту жана жергиликтүү калк үчүн түзүлгөн “элдик сот” системасына байланышкан материалдар камтылган. Аталган документ көчмөн жана отурукташкан калкта бийлер, казылар сот функциясын аткарып келишкендигин белгилеп, аларга орус бийлиги тарабынан талаптар көрсөтүлгөн. Документте саясий жагдайдан улам, жергиликтүү элдин арасындагы фанатизмди жоюу, акырындап аларды орус мыйзамдарына жакындатуу максатында, жергиликтүү эл үчүн өзгөртүү менен “элдик сот” системасы киргизилди” [30.ф.1396, оп.1.д.392.ч.2.л.14]. Аталган документте 1867, 1886-жылдары. кабыл алынган Жоболор, аларда элдик соттун жарандык жана кылмыш иштери боюнча каралган укуктары: асырып алуу, мүлк талашын чечүү, айып төлөмдөрүнүн суммасы ж.б. жагдайлар боюнча каралган маалыматтар бар. Ошол эле учурда 1886-жылдагы Жобонун айрым жетишпеген жактарын белгилеп кеткен. Алсак, аталган документте жана 1886-жылдагы Жободо элдик сот ислам дининин өкүлдөрүн гана сот жообуна тарта алат, ал эми еврейлер сотко тартылбайт, анткени алар ислам динин тутушпайт. Аталган жагдай Жободо так көрсөтүлгөн эмес” [30.ф.1396,оп.1.д.392.ч.2.л.26]. Аталган “О русском и народном судах” аттуу документте элдик сот боюнча көлөмдүү маалыматтарды табууга болот.

«Суд биев (выписка из Туркестанского проекта 1881года)» аттуу архивдик документте 1881-жылдагы бий сотунун аткарган функциялары каралып, бий сотуна арналган 39-беренеси көрсөтүлгөн. Бийлердин жарандык жана кылмыш иштери боюнча чечимдери, каралчу талаш маселелердин түрлөрү саналат. Архивдик документтердин арасынан негизги материалдардын бири – бул айылдык соттор боюнча кабыл алынган беренелер [6. ф.160-и,оп.1.ед.хр.105]. 14 беренеден турган Жободо айылдык соттордун укуктары, караган талаш иштери, арыздары чагылдырган. Аталган Жобонун 11-беренесинде 9 пункттан турган айылдык соттор тарабынан кабыл алына турган чечимдер каралат [6. ф.160-и, оп.1.ед.хр.105,л.2.].

Ал эми «О деятельности народных судов в Туркестанском крае, численность преступлений среди туземного населения» [1.ф.1396,оп.1.д.394.ч.2] деген аталыштагы тарыхый булакта Фергана, Жети-Суу областарынын уездериндеги элдик соттордун саны, аттары, сот өндүрүшүнө алынган териштирүү иштери маалымдалат. Алсак, Пишпек уездиндеги бийлердин чукул сьездинин 1898-жылдагы жана 1899,1900-жылдардагы каралган даттануу иштери боюнча конкреттүү фактылар келтирилет [29. ф.1396, оп.1.д.394.ч.2].

Жыйынтыктап айтканда, архивдик материалдардан элдик сот бийлигинин ишмердиги, кабыл алган чечимдери, алардын функциялары туурасындагы маалыматтарды алууга болот.

Экинчи топтогу тарыхый булактардын бири болуп Түркстан крайын башкаруу боюнча кабыл алынган Жоболор болуп саналат. 1865-жылы тарта Түркстан областынын түзүлүшү менен каратып алган аймактарды административдик жактан башкаруу үчүн Россия империясы тарабынан бир катар Жобо иштелип чыгып, алардын айрымдары убактылуу долбоор катары иштеп келген. 1865-1917-жылдар аралыгында Россия империясы Түркстан крайын башкаруу боюнча көптөгөн Жоболорду кабыл алгандыгы белгилүү. Бул Жоболор аймакты башкаруудагы негизги мыйзамдардын жыйнагы болуп эсептелет. Ал административдик, сот, финансы, чарбалык бөлүктөрдөн туруп, ар бир тармак боюнча тийиштүү беренелер каралган. Алардын катарына: “Временное положение об управлении Туркестанской областью”, “Временное положение об управлении в Сырдарьинской и Семиреченской областях”, “Положение об управлении Туркестанского края”, “Степное положение об управлении Акмолинской, Семипалатинской, Семиреченской, Уральской и Тургайской областями” [42,44,51] ж.б. кирет. 1867-жылкы Жобо административдик, сот, чарбалык башкаруу, салык төлөмдөрү, финансы, почта, медицина, жана өзгөчө милдеттер, кызматтар боюнча 8 бөлүктөн; укуктук-ченемдер жана анын  тийиштүү беренелерин өз ичине камтыган документ болуп саналат. Жобонун 2-бөлүгүндө “Народный суд у киргиз”,

“Народный суд у сартов  и других туземцев в Сырь-Даринской области” деген бөлүгүндө бийлерге, казыларга тийиштүү беренелер берилген. 181,213-беренелеринде бийлердин шайлануусу, саны, алар кабыл алган чечимдердин суммасы, айылдык, болуштук, бийлердин чукул съезди ж.б. маселелер так белгиленген [45.с.29-33]. Ал эми 1886-жылдагы Жободо болсо жогорудагыдай  эле админстративдик, чарбалык ченемдер көрсөтүлүп, элдик сот системасы боюнча өзгөрүүлөр кабыл алынган. 1886-жылкы  Жобонун 3-бапынын 208,254-беренелеринде элдик соттун ишмердиги каралган. Элдик соттун курамы: а) жекече соттор; б) соттордун сьездинен; в) соттордун чукул съездинен турары белгиленип, 231-беренеде бардык жарандык жана кылмыш иштери 244,247-беренелерден башкалары жекече соттор тарабынан териштирилет деп белгиленген [42.с.38]. Демек, жогорудагы Жоболор бул жергиликтүү элдеги сот системасынын курамын, шайлоо тартибин, соттордун укуктарын, кабыл алуучу чечимдерин, кылмыш иштер боюнча колдонуучу айыптардын өлчөмүн,  жана соттордун статусун аныктап көрсөткөн тарыхый булактардын маанилүү бөлүгү болуп саналат.

Экинчи топтогу тарыхый булактардын маанилүү бөлүгү колониялык доордогу сот реформаларын, башкаруу системасын  чагылдырган  Ф.Гирс жана К.К. Палендин отчеттору болуп саналат [35,37]. Ф. Гирс жана сенатор К.К. Пален императордун тапшырмасы менен Түркстан аймагын текшерүүгө жиберилип, текшерүүнүн жыйынтыгында аймактагы колониялык бийлик органдарынын ишмердиктерин, сот реформаларынын жүрүшүн анализдеген, көптөгөн фактыларды жарыялашкан. Падышага сунуш кылынган алардын отчеттору Түркстандагы администрациялык бийликтин чыныгы абалын чагылдырган.  Аймактагы администрациялык бийликтин, оң жана терс жактарына баа берилген маанилүү документ болуп саналат. Алсак, Ф. Гирстин отчету бир канча бөлүмдөргө бөлүнүп, анда Түркстан администрациясынын финансы, айыл башкармалыгы, элдик сот тармактарына анализ жүргүзүлгөн.  Түркстан крайындагы орус бийлигинин ишмердигине анализ кылган автордун отчету, ар түрдүү жергиликтүү

материалдардын негизинде, ревизия мүчөлөрүнүн жекече талдоосу менен түзүлгөн. Автор өзү белгилегендей, ага атайын бекитилген инструкция боюнча: “талаптарды, даттанууларды жана эл арасында сурамжылоо жүргүзүп, алардын каалоолорун, керектөөлөрүн билүүгө кеңири укук берилген” [35.с.1].

Ф. Гирстин отчетунда Түркстан аймагын башкаруу боюнча кабыл алынган 1867,1871,1873-жылдагы Жоболорго кеңири анализ жасалган. Отчетто аскер губернаторлору, уезддик начальниктердин шайлоо учурунда өз укуктарын аша чаап колдонгондугу менен көпчүлүк учурда уезддик начальниктер болуштук шайлоолордун жыйынтыктарын жокко чыгарып, колониялык бийликке жаккан адамдарды шайлап алган фактылардын көп экендигин белгилеп кеткен. Колониялык бийликтин ишмердигине баа берген Ф. Гирс Түркстан крайына жаңы реформа керек деген жыйынтыкка келген. Албетте, кыска мөөнөттүн ичинде Ф. Гирс объективдүү себептерден улам орус администрациясынын ишмердигине толук баа берүүгө жетише алмак эмес. Бул туурасында Г.П. Федоров: “Жашыруун кеңешчи Ф. Гирс өзү менен кошо ар кайсы министирликте иштеген үч төбөлдү алып келди, тынымсыз бир жылга жакын иштеди” деп эскерет. Отчеттогу айрым бир мүчүлүштүктөрдү, кемчиликтерди К.П. Кауфмандын, К.К. Палендин отчеттору менен салыштырып тактоого болот.

Түркстан крайындагы сот тарыхы, аны реформалоо иштери К.К. Палендин эмгектеринде баяндалат. К.К. Палендин жетекчилиги астында Түркстан аймагына 1908-1910-жылдары текшерүү жасалып, анын натыйжасында, К.К. Пален падышачылыктын аймактык, областтык, уезддик, айылдык, шаардык бийлик системасын, сот тармактарынын ишмердиктерин чагылдырган көп томдуу эмгек жарыялаган. К.К. Пален жогорудагы эмгектеринде колониялык бийлик бутактарынын ар бир тармагынын функцияларына, милдеттерине кеңири токтолгон. Алсак автордун «Сельское управление» аттуу эмгегинде Пржевальск, Пишпек, Ош уездериндеги болуштуктар жана “кыргыздардын арасындагы шайлоонун жүрүшү”

[38.с.103] туурасындагы материалдарды кездештирүүгө болот. Колониялык саясаттын негизги максаттарын сүрөттөгөн автор, “бул край Россияга каратылган биринчи күндөн баштап эле эки жактуу кызыкчылыкты жараткан: биринчи, финансалык саясат жактан мамлекетке каражат алып келүүчү, ички базар өндүрүшү үчүн маанилүү булак катары жана экинчиден, колониялык саясат жактан борбордук губерниялардагы ашыкча калкты жайгаштыруучу област катары каралган” [38.с.103] деп туура белгилеген. Мындан сырткары, Түркстан администрациясынын ишмердигине кеңири токтолуп, андагы “бюрократиялык аппараттын” калыптанышын терс көрүнүш катары баалап, реформалоо зарылдыгын белгилеген.

К.К. Палендин “Народные суды в Туркестанском крае” [37] эмгегинде болсо Сыр-Дарыя, Жети-Суу, Самарканд, Фергана областарындагы көчмөн жана отурукташкан калктагы элдик соттордун ишмердиктери чагылдырылган. Эмгекте 1865, 1886-жылдарда кабыл алынган Жоболордо элдик соттор боюнча каралган, өзгөрүлгөн жагдайларга токтолуп кеткен. Алсак, 1865-жылдагы убактылуу Жободо көчмөндөрдөгү элдик сотторду (бийлерди) губернатор тарабынан дайындалуу каралса, 1886-жылкы Жобонун 181-беренесинде кыргыздарда сот элдин салты боюнча иш жүргүзөөрү белгиленген [37.с.37]. К.К. Палендин аталган эмгегинде Жети-Суу, Сыр-Дарыя областарынын чукул чакырылган сьездинде он жыл аралыгында 21 ереже иштелип чыккандыгын белгилеп, ережедеги каралган укуктук нормаларга токтолуп кеткен. К.К. Пален ереже түзүүнүн ыкмаларына мындай баа берген: “ар бир ережени түзүү орус администрациясынын өкүлдөрү, уездик начальник, же анын жардамчысынын күчтүү таасири астында түзүлгөн, алар көпчүлүк учурда администрациянын кызыкчылыгына туура келген токтомдорду, кабыл алууну мажбур кылышкан” [37.с.51]. Чындыгында колониялык бийликтин кызыкчылыгын коргогон ережелердин түзүлүшү көпчүлүк учурда көчмөн элдин салтына, колдонулуп жаткан укуктук нормаларга карама-каршы келген учурлар болгон. К.К. Палендин аталган эмгеги 1865-жылдагы убактылуу Жободон

кийин жалпы көчмөн элдердеги сот системасынын укуктук нормаларына мүнөздөмө берген маанилүү булактардын катарына кошууга болот

Мезгилдүү басма сөз беттериндеги тарыхый булактарга “Түркстан жыйнагын”, “Туркестанские ведомости” газетасын кошууга болот. Түркстан жыйнагы [24] 591 томдон туруп, ал Кыргызстандын гана эмес, жалпы Орто Азия элдеринин тарыхы, сот системасы, экономикасы, маданияты, өнөр-жай ж.б. тармактары боюнча кеңири маалымат берүүчү жападан жалгыз уникалдуу тарыхый булак болуп саналат. Түркстан жыйнагында колониялык доордогу администрациялык, экономикалык жана көчүрүп келүү саясатына байланышкан, көптөгөн макалалар, очерктер, тарыхый эмгектер орун алган.

Түркстан жыйнагында элдик соттун ишмердигин чагылдырган, көбүнчө элдик соттордун жүргүзүп жаткан ишине сын айткан макалаларды табууга болот. Алардын катарына Е. Медведевдин “Народный суд” [24] жана белгисиз авторлор тарабынан жазылган “Еще раз о народном суде в Туркестанском крае”, [13] “Местный народный суд в Туркестане” [25], А.Зуевдин Киргизский народный суд” [17] ж.б. кирет. Алсак, Е.Медведев өз макаласында “элдик соттор белгилүү бир жазаны алышпайт, тескерисинче аткарган иши, түзгөн келишими боюнча сыйланууга укуктуу, ошондуктан алардын арасында ээн баштык өкүм сүрөт” [24] деп жазса, А.Зуев элдик сотторго болгон терс мамилесин төмөнкүчө билдирген: “элдик сот варварчылык доордон калган жаман калдык, элдин укуктук аң-сезими менен жалпылыгы жок, биздин кызыкчылыктарга туура келбеген кыргыздарга карата группалык жазалоо” [17.с.106] деп баалаган. Авторлордун көпчүлүгү келечекте орус соту менен бириктирүү сунушун жазып чыгышкан. Элдик сот өндүрүшүндөгү кетирилген катачылыктар, шайлоо учурундагы добуштарды “сатып алуу” көрүнүштөрүн катуу сындашкан. Чындыгында, Россия империясы тийиштүү кыргыздардын адат, шарият укуктарына негизделген салттуу укуктук-ченемдер менен жалпы элди акырындатып империянын жалпы мыйзамдарына баш ийдирүү саясатын жүргүзүшкөн.

Жергиликтүү газеталардын ичинен “Туркестанские ведомости” газетасын өзгөчө бөлүп кароого болот. Түркстандагы орус тилиндеги биринчи орус жумалык гезити болуп саналат. Газетанын тиражы 1000-2500 экземплярда чыккан. Согуш министри генерал-адьютант Милютиндин докладына таянсак, газета императордун буйругу менен генерал-губернатордун басма сөз органы катары Анын башкы редактору генерал-губернатордун карамагында болуп, ага баш ийип, анын түздөн-түз көрсөтмөсү алдында иштөөгө тийиш болгон. Гезиттин биринчи саны 1870-жылдын 28-апрелинде Ташкентте жарык көргөн. 1893-жылга чейин гезит жумасына бир жолу, 1893-жылдан кийин жумасына эки жолу, 1903-жылдын декабрынан тартып жумасына 3 жолу, 1904-жылдын мартынан тартып жумасына 4 жолу, 1907-жылдын июлунан тартып күн сайын чыгып турган. Газетанын негизги максаттарынын бири: “Түркстан крайына таандык болгон өкмөттүк жана административдик көрсөтмөлөрдү, буйруктарды жарыялап, аймакты ар тараптан изилдөөгө көмөк көрсөтүү үчүн, Түркстанга таандык бардык маанилүү илимий макалаларды жарыялоо болгон” [62.101-14-б.]. Демек, газета колониялык бийликтин идеологиясын саясатын ишке ашыруунун куралы болгон. “Россиянын ички турмушуна тийиштүү болгон саясий жана социалдык маселелер Түркстан крайынын кызыкчылыгына төп келсе гана жарыяланган” [62.101-104-б.]  деп белгиленет булактарда. Газета 1917-жылдын аягында ишмердүүлүгүн токтоткон.

Сот тарыхын чагылдырган материалдар учурунда Туркестанские ведомости газетасына жарык көрүп турган. Газета бетине жарыяланган абройлуу материалдардын катарына окумуштуу С.Абдул-Гаффаровдун макаласын кошууга болот. С.Абдул-Гаффаров (1843-1901) - белгилүү өзбек окумуштуу-педагогу, тарыхчысы жана казысы. Ал эмгектерин биринчи өзбек жана орус тилдеринде жазган өзбек окумуштуусу болуп саналат. Ташкенттеги Шүкүрхан медресесин бүтүргөн (1862-ж.). Ал араб, фарс тилдеринде эркин сүйлөп, кийин орус тилин үйрөнгөн. Кокон хандыгынын тарыхына байланышкан мазмундуу макала жазып чыккан. Макалада, автор

хандыктагы сот иштерине токтолуп казылар туурасында маанилүү маалыматтарды калтырган. Казыларды кызматка дайындоодо бек, хан, даткалар алардын жеке сыпаттарына көңүл бурушкандыгын белгилеп, ошол эле учурда казы макамы экономикалык жактан өтө кирешелүү болгондугун жана паракорчулукка малынгандыгын баса көрсөтүп кеткен [49]. Мындан сырткары Туркестанские ведомости газетасынын беттерине жарыяланган Н.Г. Маллицкийдин, Г.С. Загряжскийдин, И. Андреевдин, Алибайдин ж.б. макалаларын кошууга болот. Аталган макалалар өзүнүн көлөмү, маалыматтык мүмкүнчүлүгү жагынан булакнаамалык да, тарыхнаамалык да мүнөзгө ээ. Аталган авторлордун эмгектеринен болуштукка, элдик сотторго карата шайлоонун жүрүшү, кемчиликтери туурасында материалдарды алууга болот.

Үчүнчү топтогу тарыхый булактардын катарына жергиликтүү соттордун чукул съезди тарабынан иштелип чыккан эрежени кошууга болот. Бийлердин чукул съезддери кандайдыр бир деңгээлде мыйзам чыгаруучу органга айланган, себеби эрежелерди түзүүдө падышачылыктын мыйзамдары менен бирге салттуу укуктун мыйзамдарын айкалыштырып жаңы укуктук-ченемдерди жаратуу аракети көрүлгөн.

Бийлердин съезддеринде кылмыш иштерин кароодон мурун, кылмыш иштерин чечүү үчүн жалпы эрежелерди талкуулап, кабыл алышкан. Бул эрежелер, жаңы түзүлгөн бийлер институтунун бардык инстанциялары үчүн бирдиктүү мыйзамдар болгон. Бийлердин чукул съезди жылына бир ирет чогулуп, бир жумадан бир нече айга чейин өз иштерин жүргүзүшкөн. Кыргызстандын аймагындагы 1869-жылы Суусамыр жана Соң-Көлдөгү бийлердин чукул съездинде, 1907-жылы Олуя-Ата уездинде, 1907-1908-жылдары Пржевальск уездинде, 1893-жыл Биркулак көпүрөсүндөгү Токмок уездинде эрежелер кабыл алынган. Бирок алардын ичинен Токмоктогу кабыл алынган эреже гана жарыяланган [55].

Бийлердин чукул съездинде кабыл алынган эрежелер жарандык жана кылмыш иштери боюнча тийиштүү укуктук-ченемдерди чагылдырган

тарыхый булактардын катарына кошууга болот. Алсак, 1893-жылдагы Токмоктогу чукул чакырылыган бийлердин сьезди болуп, анда төмөнкүдөй мазмундагы документ кабыл алынган: I бапта - сот өндүрүшүнүн тартиби жана бийлердин сот жообуна тартылышы жөнүндө; II бапта - Талаа Жобосу боюнча элдик соттор тарабынан териштирүүгө алынган иштердин мөөнөтү тууралуу; III бапта - далилдерди чогултуу тууралуу жана сот өкүлдөрүнүн отуруму; IV бапта - жесирлер тууралуу (аялдардын кылмыш иштерине карата); VI бапта - мураскорлук тууралуу; VII бапта - уурулук, талап-тоноочулук, бөтөн бирөөнүн мүлкүнө кыянаттык жасоо, барымта ж.б; VIII бапта - адам өлтүрүү тууралуу жана майып болуу; IX бапта - коомдук тартипти бузуу жана намыска тийүү; XI бапта - сыйлыктарды жана штрафтарды бөлүштүрүү; XII бапта - токтомду таркатуунун жери жана орду тууралуу [87.с.28]. Жогоруда белгилегендей, эрежелерди түзүүдө колониялык администрация көзөмөл жүргүзүү менен орус мыйзамдарына шайкеш келүүсүн талап кылган.

Жыйынтыктап айтканда, сот тутумунун тарыхын обьективдүү изилдөөгө мүмкүнчүлүк түзгөн жарыяланган жана жарыя көрбөгөн тарыхый булактар арбын. Ошону менен бирге тарыхый булактардын басымдуу бөлүгү Россия империясынын өкүлдөрү тарабынан жазылганын эске алуу менен изилдөөдө ар бир тарыхый булак сын көз караш менен каралды.

## 2.2. Изилдөөнүн методологиясы жана илимий методдору

Ар бир илимий изилдөө иш жалпы жана дисциплиналар аралык методдорго таянуу менен жүргүзүлүшү зарыл. Метод (ыкма) конкреттүү фактылардын жаралышын тарыхый мыйзам ченемдүүлүктөр аркылуу окутуунун аракетин үйрөтсө, методология болсо методдордун жыйындысын үйрөтүүчү тарых илиминин бир тармагы болуп саналат.

Советтик доордогу илимий изилдөөлөрдөн айырмаланып, азыркы мезгилде кандайдыр бир идеологиялык көрсөтмөлөр жок. Изилдөөлөр ар

кандай плюралисттик көз караштардын алкагында жүрүп жатат. Учурдагы изилдөөлөрдүн дээрлик көпчүлүгү тарых илиминдеги негизги принциптерге таянып, чет элдик жана ата мекендик изилдөөчүлөрдүн эмгектерине, алар иштеп чыккан илимий ыкмалардын негизинде изилдөөлөрүн жүргүзүп жатышат.

**Изилдөөнүн обьектиси** катары – кыргыз элинин салттуу сот тутумунун тарыхы каралат. Илимий иште кыргыздардын Россия империясына каратылганга чейинки адат укугуна негизделген салттуу сот тутумунун тарыхы жана Россия империясына каратылгандан кийинки анын өзгөрүшү изилдөөгө алынды. Илимий изилдөөнүн обьектиси катары сот тутумунун тарыхы каралып, салттуу кыргыз коомунда өкүм сүрүп келген бий жана казылардын ишмердиктерин чагылдырууга аракет жасалды. Диссертациялык иште “бий” сөзүнүн этимологиясына токтолуп, араб, кытай, түрк булактарында “бий” термини көп кездешип, аталган тарыхый булактарда орто кылымдарда бий кызмат абалында турган башкаруучу катмардын өкүлү экендиги белгиленет. Ал эми кыргыз элинин калыптануу мезгилинде, тагыраак белгилесек, XVI – XVII к.к. аралыгында башкаруучу катмардын өкүлү катары кызмат аткарып келген бийлер ич ара чоң бий, улук бийлерге бөлүнүшүп, орто кылымдагы бийлердин чөйрөсүндө эволюциялык өзгөрүүлөр болгондугу белгиленет. Ал эми кыргыз коомундагы социалдык өзгөрүүлөрдүн натыйжасында, манаптардын саясий аренага келиши менен бийлер сот функциясын аткарган социалдык катмар катары кызмат аткара баштаган. Диссертациялык эмгекте бийлердин административдик, сот функциясын аткарып келишкен социалдык катмар катары болгондугу белгиленет.

Сот функциясын аткарып келишкен казылар изилдөөнүн обьектиси катары каралып, алардын ишмердигинин өнүгүшү Кокон хандыгынын доору менен тыгыз байланышкан. Казылар сот бийлигинин өкүлү катары отурукташкан калктын арасында пайда болгондугуна карабастан, хандыктын доорунда көчмөн кыргыздардын арасында бийлер менен катарлаш эле сот

функциясын аткара баштаган. Бийге же казыга кайрылуу даттануучунун өз эрки болгон. Илимий эмгекте элдик сот тутумунун реформаланышы каралып, колониялык бийлик тарабынан кабыл алынган Жоболордо алардын функциялары өзгөртүлгөн. Элдик сотторду падышалык бийликтин соттору менен жакындаштыруу, бара-бара падышалык бийиктин сотторунун бийлигинин үстөмдүгүн орнотуу аракети көрүлгөн. Бирок, көчмөндөрдүн салттуу сот бийлигинин өкүлү болушкан бийлерге болгон ишеними күчтүү бойдон кала берген.

**Илимий изилдөөнүн предмети** катары – салттуу сот бийлиги, анын реформаланышы изилденет. Россия империясына каратылганга чейин бийлер, казылар адат жана шарияттын нормаларынын негизинде, практика жүзүндө колдонулуп, ишке ашырылып, көп жылдык тажрыйбаларга таянып өз ишмердиктерин аткарып келишкен. Изилдөөнүн предмети катары кыргыздардын салттуу коомундагы жаза, кылмыш иштери ага байланыштуу жазалоонун ар кандай формалары колдонулуп келгендиги предметтик изилдөөгө алынат. Изилдөөнүн негизги предметтеринин бири – бул колониялык доордо кабыл алынган Жоболор, айылдык, болуштук соттор, соттордун чукул чакырылган сьезди ж.б. элдик сот тутумуна кирген органдар. Жоболордо каралган элдик соттордун укуктары, функциялары, кылмыш жана жазанын белгиленген түрлөрү, аны колдонуунун шарттары ж.б. изилдөөнүн предметтери катары каралат. Анткени Кыргызстан Россия империясына каратылгандан кийин элдик сот тутуму бир топ реформалоого учурап, колониялык бийлик өз көзөмөлүн жүргүзүү аракетин жасаган. Демек, илимий теманын обьектиси жана предмети “жалпылыкты”, “өзгөчөлүктү” туюндурган категориялардын карым-катнашы катары кароого болот. Изилдөөнүн обьектиси илимий изилдөөдөгү кеңири маанидеги түшүнүк, ал эми предмети изилдөө обьектисинин тигил же бул багытын, анын өзгөчөлүктөрүн, тиешелүү белгилерин изилдөө аракети катары кароо зарыл.

Белгилей кетчү нерсе, тарых илиминин методологиясына арналып советтик, чет элдик, азыркы окумуштуулар тарабынан көптөгөн эмгектер

жаралган. Алардын катарына А.Дж. Тойнби, М.А. Барг, М. Блок, Л. Февр, К. Ясперс, И.Д. Ковальченко, О. Медушевская, Б.Г. Могильницкий, Н.Б. Селунская [67.с.348,69.с.254,115.с.84,120.с.527,85.с.483,96.с.175] ж.б. окумуштуулардын эмгектерин кошууга болот. Аталган эмгектерде окумуштуулар тарых илиминин функцияларын, принциптерин, илимий изилдөөнүн структурасын, жана методдорунун теориялык негиздерин сүрөттөшөт. 80-90-жылдардын башында жетекчиликтин коммунисттик идеологиясынын жоюулушу менен тарых илиминде "жаңыча ой жүгүртүү" жаңы тарыхый көз караштардын негизинде баалоо муктаждыгы жаралды.

Азыркы тарых илиминин методологиялык теориясына чоң салым кошушкан окумуштуулардын катарына И.Д. Ковальченко, Б.Г. Могильницкий эмгектерин атоого болот. Биздин пикирибизче И.Д. Ковальченконун эмгеги тарых илиминин методологиясына, анын булактаанусуна арналган фундаменталдуу эмгектердин бири. Көрүнүктүү окумуштуунун аталган эмгегинде советтик тарыхнаамада биринчи ирет тарых илиминин методологиялык маселелери, тарыхты изилдөөнүн методдорун системалаштырып, жогорку деңгээлде тарыхты таанып билүү объектисинин процесстерине мүнөздөмө берилген. Тарыхый булактарга классификациялоо жүргүзүү менен тарыхты изилдөөдө математикалык методду колдонуу ыкмасын иштеп чыккан. Жогорудагы тарых илиминин методологиясына арналган эмгектердин негизине таянсак, кандай гана илимий изилдөө болбосун, изилдөө тарыхый принциптерге жана методдорго таянып жүргүзүлүшү зарыл. Тарыхты изилдөөдөгү принциптердин бири бул – тарыхый объективдүүлүк принциби.

XIX к. немец окумуштуусу Леопольд Ранке өзүнүн "История немецкой нации" аттуу эмгегинде: "Мезгилдин талабына жараша тарыхчылар өзүнө кыйын жүктү тандап алышкан, өткөн окуяларды талдоо, бүгүнкү окуяларга сабак берүү" (Историки выбрали непростую задачу в соответствии с требованиями времени: проанализировать прошлое, научить сегодняшним событиям) [71.с.122] – деп жазган. Демек,

объективдүүлүк принциби методологиялык аспекттен алып караганда бир нече Жободон турат.

Биринчи Жобо объективдүүлүк принциби боюнча өткөн окуялар көз карандысыз жашоого укуктуу экендигин талап кылат. Бир эле өлкөнүн ичиндеги өткөн доор, азыркы учур, бул эки башка убакытта болуп өткөн окуя катары кароо керек. Өлкөнүн өткөн тарыхы – бул башка өлкөнүн тарыхы. Өткөн окуялардын жалпысын бүгүнкү күндүн көзү менен кароо, аны талдоого болбойт. Анткени, өткөн доордун өзүнө тиешелүү маданияты, салты, нарктык-баалулуктары ж.б. компоненттери менен айырмаланат.

Тарыхый объективдүүлүк принциби таяна турган экинчи бир Жобо – бул окуялардын өз ара байланышын сактоо, изилденип жаткан тарыхый окуялардын бири-бирине болгон байланыштарын, мамилелерин ажыратып карабоо. Тигил же бул окуянын жаралышынын, өнүгүшүнүн тарыхый себептери бар экендигин изилдөө керек. Бул жагдайды эске албасак, өлкөнүн тарыхы, улуттун тарыхы фрагменттүү билимге айланып, системалуу болуудан алысташы мүмкүн.

Үчүнчү Жобо – бул тарыхты бир процесс катары кароо зарыл. Чындыгында тарыхты кандайдыр бир процесс катары кароо талабы, тарыхый өнүгүүдө дайыма альтернативанын болгондугу, окуялар, объективдүү, субъективдүү, мыйзам ченемдүү, капыстан, туруктуу, убактылуу, тышкы жана ички факторлордун натыйжаларынан, себептеринен улам жаралгандыгын тастыктайт. Тарых илиминдеги экинчи принцип – бул тарыхый принцип болуп саналат. Аталган принцип тарыхтагы ар бир тарыхый фактыны, кубулушту жана окуяны конкреттүү-тарыхый кырдаалга, шартка жараша, алардын өз ара байланышы жана өз ара таасири бар экендигин изилдөөнү талап кылат. Ар кандай тарыхый көрүнүштү өнүгүү катары кароо керек, ал кантип жаралганын, өз өнүгүүсүндө кандай этаптарды басып өткөнүн жана аягы эмне менен

бүткөнүн изилдөө зарыл. Окуяны абстрактуу мезгилдин позициясынан тышкары кароо мүмкүн эмес.

Кийинки принциптердин бири бул – социалдык ыкма принциби. Кандай гана коомдук түзүлүш болбосун, ал коомдо ар кандай топтор, катмарлар, уюмдар, партиялардын болоору белгилүү көрүнүш. Изилдөөчү тигил же бул катмардын өкүлү, тигил же бул партиянын мүчөсү болуусу табигый нерсе. Демек, изилдөөчү коомдогу социалдык топтордун, кызыкчылыктарын, талаптарын канааттандырууну көздөөрү белгилүү көрүнүш. Демек, бул принцип партиялардын, жеке адамдардын, мамлекеттин практикалык ишмердиктериндеги субъективдүү кырдаалды эске алууну милдеттендирет. Альтернативдүү принциби коомдук өнүгүү процессинде тигил же бул окуянын, кубулуштун, объективдүү реалдуулугун анализдеп, анын өнүгүүсүнүн бир канча багыттары бар экендигин аныктоого мүмкүндүк берет.

Илимде жалпы илимий методдор жана спецификалык методдор бар. Тарых илиминин изилдөөсүнүн методдору жөнүндө сөз болгондо, тарыхый реалдуулукту изилдеген методдорду, же болбосо, тарыхтын бардык багыттарында колдонуучу тарых илимине тиешелүү болгон методдорду түшүнөбүз. Белгилүү окумуштуу, академик, И.Д. Ковальченко өзүнүн акыркы илимий монографиясында тарых илиминдеги методдорго төмөнкүлөрдү кошот: тарыхый-генетикалык, тарыхый-салыштырмалуулук, тарыхый-системалык [85.с.183]. Ошол эле убакта изилдөө иштери жалпы тарыхый методдор, жалпы илимий изилдөө методдорун колдонуу менен жүргүзүлөт. Алсак, илимий изилдөөнүн объектисине, маселесине (проблемасына), жараша, анализ жана синтез, индукция жана дедукция сыктуу жалпы илимий методдорду колдонуу практикаланат.

Биздин илимий изилдөөбүз совет дooруна чейинки кыргыздардын сот системасынын тарыхына арналган. Сот системасынын тарыхы XIX к. экинчи жарымындагы Россия империясынын Кыргызстандагы административдик саясаты менен тыгыз байланыштуу. Каралып жаткан

мезгилдеги тарыхты официалдуу, официалдуу эмес көз караштагы тарыхый булактарда чагылдырылып, аларды жарыяланган жана жарыяланбаган тарыхый булактар катары кароого болот. Кыргыздардын адаттагы укук нормаларынын дээрлик көпчүлүгү оозеки булактарда сакталып, коомдук турмушта колдонуп келинсе, элдик сот системасынын түзүлүшү менен колониялык бийлик тарабынан Жоболор иштелип чыккан. Түркстанды башкаруу боюнча түзүлгөн Жоболор комиссиялар тарабынан, ревизиялардын сунуштары менен Жоболор кабыл алынган. Ал Жоболордун беренелеринде элдик сот системасына карата иштелип чыккан жарандык жана кылмыш иштери боюнча каралган айып, жаза ж.б колдонуучу принциптер өзгөрүлгөн.

Сенатор К.К. Палендин жана Ф. Гирстин эмгектеринде, аймактагы генерал-губернатордун, аскер-губернаторлорунун жана ошондой эле, уездик начальниктердин рапортторундагы элдик соттордун ишмердиктерине карата көптөгөн тарыхый булактык материалдарды табууга болот. Бул материалдарды салыштыруу, көз караштарды иликтөө, тарыхый булактарды классификациялоо зарылдыгы жаралат.

Ошондуктан, биздин илимий изилдөөлөрүбүздө тарыхый-салыштырмалуулук методдорун колдонуу эң биринчи керектүү методдордун бири болуп саналат. Салыштырмалуулуксуз бир да илимий изилдөөнү жүргүзүү мүмкүн эмес. Салыштыруунун объективдүү негизи болуп коомдук өнүгүүдөгү кайталанып туруучу, ички мыйзам ченемдүүлүк процесси болуп саналат. Коомдук өнүгүүдөгү окшоштук, үндөштүк жана жалпылык жактар бар. Ошондуктан, салыштырмалуулук методдору колдонуу изилдеп жаткан фактынын маани-маңызын ачып берүүгө, жаңы мүмкүнчүлүктөрдү жаратууга жол ачат. Мисалы, Россия империясынын Кыргызстанга киргизген административдик башкаруу системасы, Россия аймагында Екатерина II доорунда эле башталган. Алсак, 1775-жылы 7-ноябрда өлкөнү реформалоо максатында император “Учреждение для управления губерний Всероссийской империи” деген мыйзам кабыл

алынган. Ушул мыйзамга ылайык мамлекет губернияларга, уездерге бөлүнгөн. Өлкөнү мындай административдик жактан бөлүү 1917- жылга чейин сакталып калган. Кийинчерээк бул системаны Россия империясы каратып алган аймактарына киргизип, практика жүзүндө колдонула баштаган. Ошондуктан, крайлык, областык, уезддик, болуштук, айылдык, башкаруунун принциптеринин Орто Азиядагы, анын ичинде Кыргызстандагы өзгөчөлүктөрүн салыштыруу менен бул системанын маани-маңызын терең түшүнүүгө мүмкүндүк берет. 1867-жылы жана 1886-жылы кабыл алынган Жоболорду тарыхый-салыштырмалуулук жана тарыхый-генетикалык методдор аркылуу анализ жасоо талап кылынат. Алсак, 1867-жылкы Жободо көчмөндөрдө элдик сот бийлер тарабынан жүргүзүлөт, сарттарда болсо элдик сот казылар тарабынан жүргүзүлөөрү көрсөтүлгөн [45.с.29-33]. Ал эми 1886-жылдагы Жободо бий, казы түшүнүктөрү аталбастан элдик сот гана термини колдонулат [43.с.35]. Тарыхый-салыштыруу методу аркылуу колониялык бийликтин жергиликтүү элге карата болгон мамилеси, акырындап салттуу сот системасын жоюуга карата жасаган аракеттерин көрүүгө болот. Аталган ыкманы колдонуу аркылуу салттуу кыргыз коомундагы бийлер тарабынан колдонулуп келген кылмыш, иштери, жазалоонун түрлөрүн, колониялдык мезгилдеги элдик соттор тарабынан колдонула баштаган кылмыш, жаза иштери боюнча атайын кабыл алынган нормаларды салыштырып кароого мүмкүндүк берет.

Тарыхый-салыштырмалуулук методун илимий теманын тарыхнаамасына анализ берип жатканда колдонулуучу зарыл ыкмалардын бири экендигин белгилеп кетмекчибиз. Анткени, маселенин тарыхнаамасынын изилденүү деңгээлин биз изилдөөбүздө үч чоң доорго: революцияга чейинки, советтик, жана постсоветтик доорлорго бөлүп кароо тарыхый логикага, теманын хронологиялык чегине туура келээрин белгилеп өттүк. Аталган үч доордо тарыхый фактыларды изилдөөгө, аларга анализ берип, бир илимий гипотеза чыгарып, жалпы концепция

түзүүдө ар бир доордун өзүнүн социалдык талабы изилдөөчүлөрдүн көз карашына чоң таасир тийгизген.

Демек, тарыхый-салыштырмалуулук методун колдонуу менен тарыхый чындыкка жетүү изилдөөнүн негизги принциптеринин бири болду деп айтууга негиз бере алат. Айрым мисалдарга токтолуп өтөлү. Советтик доордогу тарыхнаама коммунистик партиянын идеологиясынын көзөмөлүндө болуп ар кандай илимий изилөөнүн жыйынтыктары партиянын жүргүзүп жаткан багытына шайкеш келүүсү тарыхый талап, “социалдык көрсөтмө” эле. 20-50-жылдар аралыгындагы советтик тарых илиминин негизги ураандарынын бири “тап күрөшүнө каршы күрөшүү”, “эски патриархалдык-феодалдык калдыктарды жоюу” багытында өнүгүп, салттуу тарыхты, өзгөчө бай-манаптардын тарыхтагы ролу изилдөө саясий конъюнктурага туура келген эмес. Ошондуктан, көчмөндөрдун адаттагы укугун изилдөөгө көңүл бурулбай келген. Кыргыздардын адат укугуна негизделген сот системасын изилдеген С. Слесарев: “1865-1928-жылдары Кыргызстанда параллелдүү өкүм сүргөн жалпы Россиялык жана салттуу юридикалык система 60-жылдарга чейин советтик тарыхнаамада эч кандай изилдөөгө алынган эмес” [111.с.75-79] – деп жазат.

Ал эми постсоветтик тарыхнаамада болсо, демократиялык принциптердин таасиринде, “эгемендүүлүктун духунда” окумуштуулар өткөн тарыхыбызды изилдөөгө жаңыча баа берүүнүн аракетин жасашып, салттуу коомубуздун тарыхын тереңдетип изилдөөнүн аркетин көрүп келе жатышат. Натыйжада, тарыхчылар, юристер тарабынан элибиздин сот системасынын тарыхын, адат, шариятка негизделген салттуу укуктарды изилдөөгө бир катар эмгектерди жаратып келүүдө. Кыргыз элинин XIX к. социалдык түзүлүшүндөгү сот функциясын аткарып келген бийлердин, казылардын, административдик функцияны аткарышкан манаптардын тарыхтагы ролуна баа беришип жаткан мезгил.

Демек, тарыхый-салыштырмалуулук методу кеңири таанып билүүчүлүк шартка ээ. Биринчиден, тарыхый-салыштырмалуулук методу изилдеп

жаткан көрүнүш, так, бүдөмүк болгон учурда, анын кубулушунун маңызын ачып берүүгө, ал кубулушка тиешелүү болгон жалпы жана кайталанган зарыл жана мыйзам ченемдүү, ошол эле убакта бири-биринен айырмаланган көрүнүштөрдү аныктоого мүмкүндүк берет. И.Д. Ковальченко “бир типтүү жана көп типтүү, бир кылка шартта жана өнүгүүнүн ар кайсыл деңгээлиндеги объектилерди, кубулуштарды салыштыруу керек” [85.с.188] – деп белгилеген.

Илимий изилдөөдөгү колдонулган экинчи бир маанилүү методдордун бири бул тарыхый-генетикалык метод болуп саналат. Бул метод илимде кеңири колдонулат. Таанып-билүү ырааттуу түрдө бир жактуулуктан, өзгөчөлүккө карай, анан жекеден жалпылыка карай өнүгүү керек. Маселен, 1867-жылдан баштап 1917-жылга чейин Түркстан крайын башкаруу үчүн бир канча Жоболор кабыл алынгандыгын жогоруда белгилеп өттүк. Аталган Жоболор генетикалык жактан бири-бири менен тыгыз байланышта, түпкү максаттары бир гана багытты көздөгөн. Россия империясы  Түркстандагы коомдук-саясий кырдаалга, социалдык абалга жараша аймакты башкарууну реформалоо, жаңы Жоболорду кабыл алуу аркылуу өзгөртүүлөр киргизип турган.  Жоболордон көчмөн элдердин  сот бийлигине көзөмөл жүргүзүү, акырындап орус бийлигине баш ийдирүү,  жалпы орус мыйзамдарын орнотуу максаттарын көздөгөн өз ара генетикалык максат, багыт бар экендигин көрүүгө болот.

Илимий изилдөөдөгү колдонулган ыкмалардын бири бул – хронологиялык ыкма болуп саналат. Аталган ыкманы колдонуу менен илимий иштин изилденүү деңгээлине анализ берип жаткан мезгилде, элдик сот тутумунун тарыхына анализ берүүдө ар бир окуяны, ар бир автордун эмгегинин жаралышын ырааттуу – хронологиялык тартипте кароодо колдонулду.

Ал эми тарыхый булактарга жана тарыхнаамага сереп салууда сын-пикир ыкмасы да колдонулду. Анткени, илимий тема боюнча жарыяланган жана жарыяланбаган (архивдик) булактар пайдаланылгандыктан ар бир

булактагы келтирилген фактылардын аныктыгын, тактыгын, чындык экендигин тактоо маанилүү көрүнүш. Колдонулган булактардын дээрлик көпчүлүгү орус тилинде болуп, колониялык доордо жазылгандыктан империянын жүргүзгөн саясаты, кызыкчылыктары ар бир булакта чагылдырлган. Демек, ар бир булакты колдонууда сын-көз караш менен кароо, баалоо изилдөө жүргүзүүдөгү зарыл көрүнүш болуп саналат.

**Жыйынтыктап айтканда**, тарых илимин изилдөөнүн методологиясы жана методдору маселени обьктивдүү жана терең чагылдырууга өбөлгө түзөт. Учурдагы коммуникациялык технологиялардын шартында илимий изилдөө иштерин жүргүзүүдө ата мекендик жана чет элдик тарыхый изилдөөлөрдүн методологиясын жана методдорун кеңири колдонуу аркылуу ар бир илимий изилдөөнүн объектисин реалдуу чагылдырып берүүгө мүмкүнчүлүк бар. Изилдөөчү үчүн тарыхый фактыларга анализ берүүдө, анын мыйзам ченемдүүлүгүн жана ички байланышын объективдүү чагылдырууда тарыхый методдордун ролу чоң экендигин баса белгилемекчибиз.

## III БАП. КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТУУ СОТ ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА СОТ ИШТЕРИНИН ТАРЫХЫНАН

### 3.1. Салттуу сот системасынын калыптанышында бийлердин ээлеген орду

Көчмөн турмушта жашап келген кыргыз элинин салттуу укугунун жаралуу жана калыптануу тарыхын аныктоо – татаал маселелердин бири. Салттуу кыргыз коомундагы тартип, укук нормаларын сактоодо, ишке ашырууда бийлер институту негизги ролду ойногон. Бийлер көчмөн кыргыз коомундагы социалдык-экономикалык мамилелерди көзөмөлдөп, социалдык топтордун жана жеке инсандардын ортосундагы укуктук маселени чечип келишкен.

"Бий" терминининин келип чыгышы жана анын социалдык функциясы туурасындагы маселе илимде кызуу талкуу жаратып келет. Өзгөчө "бий" терминининин этимологиясы боюнча тарых илиминде бүгүнкү күнгө чейин бирдиктүү көз караш жок. Белгилей кетчү нерсе, "бий" титулунун этимологиясы боюнча Казакстандын тарыхнаамасында да ар түрдүү пикирлер жаралып, кызуу талкуулар жүрүп келет [94.с.37-55].

Бий наамы Алтын Ордонун курамына кирген түрк тектүү элдердин тарыхында кездешет. Бий наамын өзбек уруусунун белгилүү адамдары бек наамы менен катар алып жүрүшкөн бий даражасы укумдан-тукумга өткөн же болбосо хан тарбынан берилген. Кытай булактарынан маалым болгондой кыргыздардын төбөлдөрү "бий" титулун кеңири колдонушкан. Бул аталыштын түпкү чеги X к. таандык кытай жазмаларында кездешет. Алсак, X к. таандык кытай булагында төмөндөгүдөй маалыматтар кездешет: "Кыргыздардын коомундагы мансабы жагынан жогору турганы – Хеси Бей, экинчи даражада турганы – Айзюйше Бей, андан кийинки үчүнчүсү – Ами Бей. Булар мамлекеттик иштерди алып барышкан" [105.3-б.].

Белгилүү синолог И. Бичурин бул маалыматты башкача чечмелеген: "Кыргыз коомчулугунда эң бийик даражада тургандар булар "ажо" деген

аталышты алышкан. Төбөлдөр төмөндөгүдөй болуп бөлүнүшөт: министрлер, , жетекчилер, аскер башчылар, даганьдар жана ишти алып баруучулар... Кыргыз (хягас) ажонун министри үчөө, алар: Гюйшабо Бей, Гиеси Бей жана Ами Бей... Жогорудагы үч министр мамлекетти башкарышат" [2.с.358-362]. Бул маалыматтан X к. "бийлер" эң жогорку мамлекеттик башкаруучулардын катарына кирбегендигин, бирок кыргыздарда X к. эле "бий" титулу болгондугун көрсөтүп турат. В.В. Бартольд да изилдөөөрүнүн натыйжасында ушундай тыянакка келген. Ал IX к. "Улуу кыргыз дөөлөтү" мезгилиндеги административдик структурасына, башкаруу системасына мындай мүнөздөмө берген: "... Курултай – Енисейлик кыргыздардын коомчулугунда эң бийик даражада турган жогорку бийлиги. Кыргыздардын башка уруулар менен тышкы саясатын, уруулардын ичиндеги ич-ара маселелерин чечишкен. Бийлер, таркандар, бектер жергиликтүү бийликте иш жүргүзүшкөн. Ал эми белгилүү бир аймактарда тутуктар кагандын неместниги катары иштеп турган. Айрым жерлерде бийлер менен бектер чарбалык иштерди колго алып, аткаруу бийлигинин кызмат адамы болгон" [74.с.42]. Ошондой эле, В.В. Бартольддун пикирине таянсак кыргыздардагы "бий" титулу түрктөрдүн "бек" титулу менен тең болгон, анын мааниси асылзатуу башкаруучу дегенди түшүндүрөт [105.3-б.] деген ойду карманган.

Орто Азиядагы жер аталыштарында согду тилиндеги "би" деген деген сөзү кездештирүүгө болот. Анын мааниси "кудай дегенди түшүндүрөт деген маалыматтарды этнограф-тарыхчы О.И. Смирнова калтырган. Бирок бул жерден көрүнүп тургандай XVIII к.–XIX к. чейин "бийлер" менен IX к. – X к.чейинки "бийлердин" коомдогу орду аткарган функциялары айрымаланып, бул институттун эволюциялык өнүгүүнүн натыйжасында өзгөрүүлөргө дуушар болгондугун байкасак болот. Ошондой эле, "бий" титулунун Енисей кыргыздарында да, Тянь-Шань кыргыздарында да колдонулушу алардын саясий салттардын улантуучулугу жана байланыштары (политическая приемственность) тууралуу кабар берет.

“Бий” терминине кайрылган авторлордун бири Ч. Валиханов болгон. Автордун пикири боюнча “бий” термини “бек”, “бей” сөзү менен түздөн-түз байланышта болуп сот маанисин билдирет [3.с.87]. “Бий” терминининин келип чыгышына токтолгон В. Радлов анын төмөнкү үч аныктамасын белгилейт. “бі”, (“бег”, “бей”). Биринчидеги “бий” – князь, падыша (господа); экинчиден – сот (судья); үчүнчүдөн – чечим чыгаруудагы акылман [47.с.113]. Автор дагы бий терминин келип чыгышын түрк тамыры менен байланыштырат. Ал эми  В.В. Бартольд болсо “бий” сөзү түрк тилиндеги “бек” сөзүнө үндөшүп кандайдыр бир кызматтык абалды билдирет дейт. Автордун пикири боюнча Осмон империясында “бей” башкаруу династиясына кирип, катардагы элден өзгөчөлөнгөн “шонжарлар” аттуу өзгөчө топко колдонулган; бул категория абройлуу адамдарды түшүндүргөн [68.с.35-36,225-226,502].

XVI к. биринчи жарымынан – XVII к. чейин кыргыздардын этникалык жана өз алдынча саясий өсүп-өнүүгүсүндө маанилүү этап болуп саналат. Моголистан мамлектинин кулашы менен XV к. экинчи жарымында мамлекеттин перифериялык, түндүк-чыгыш тарабында жашаган кыргыз уруулары башка жака көчүүгө туура келген. Жыйынтыгында азыркы байырлап калган Тянь-Шанга жашап калышкан. Бул тарыхый окуялардан кийин кыргыздар Борбордук Азиянын саясий аренасына өз алдынча этнос катары чыгышкан. Кыргыздардын Тянь-Шанга келгенден кийинки калыптануусундагы маанилүү  окуялардын бири катары дуалдык этносаясий уюмдашууну айтсак болот. Байыркы түрктөрдөн, гунндардан калган этносаясий уюмдашуунун негизинде кыргыздар экиге бөлүнүшкөн. Башкача айтканда, оң канат жана сол канат болуп жана этносаясий уюмдашуунун негиздөөчүсү болуп Мухаммед-кыргыз болгон деп белгилейт. “Тарих-и Рашиди” деген аталыштагы Мухамед-хайдардын чыгармасында [97.с.118]. Ал эми санжырачы, тарыхчы Б.Солтоноев Мухаммед-кыргыз 1460-1470-жылдар аралыгында Ош шаарына жакын жайгашкан Сары-бел деген жерде туулган жана оң канаттын башында турган Тагай бий менен идентификациялаган. Бул жерден көрүнүп тургандай Тагайдын “бий” деген

титулу менен берилгендиги кызыгууну арттырат. Тарыхый булактарда “Жыл сайын ар бир канат улук бийлердин арасынан чоң бийди тандашкан жана ал өзүнүн карамагындагы уруулардын иштерин алып барып, жетектеп турган [97.с.125]. Бирок профессор А.Мокеев “чоң бийлер номиналдуу гана бийликке ээ болушуп, уруулук бирикмелердин анык жетекчилери – улук бийлер болгон” деп эсептейт [97.с.125]. Демек, чоң бийлердин кызматы формалдуу гана болуп, белгилүү бир канаттын урууларынын биримдигинин символу болуп келген.

Кытай булактарына жана элдик тарыхый уламыштарга таянсак, айрым кыргыз ишмерлери тууралуу кездештирүүгө болот. Алар санжырада бий же хан деп кездешет. Ал эми тарыхый булактарда болсо чоң бий деп берилген. Чоң бийлерге төмөндөгүлөр кирген: Тагай бий, Маматкулу бий, Кошой бий, Көкүм бий жана башкалар. XVIII к. аутенттик кытай булактарына таянсак, кыргыздар Чыгыш Түркстанда Цинь империясы менен түздөн-түз байланышып баштаганда, саяк (сарыбагыш) уруусунан чыккан Маматкулу бий оң канаттын чоң бийи [105.7-б.], кытай уруусунун жетекчиси Каработо бий сол канаттын чоң бийи болгон. Жалпы жетекчи Маматкулу, анын жардамчылары Каработо (кытай), Майтак (кушчу), Акбай (саруу) көрсөтүлгөн [97.с.125-127] болгон. Ар бир уруулук бирикмеде өзүнүн урааны, тамгасы, административдик бирдиги болуп, аларды улук бийлер башкарышкан. Уруулар жана уруктар (кээ бир учурда күмөн) тууганчылыгы болсо дагы уруулук конфедерацияга курамына киришкен. Аларды акалакчын бийлер башкарган. Акалакчын бийлер улук бийлерге түздөн-түз баш ийишкен. Бул уруу топтору башкалардан бөтөнчө көчмөн бирикме катары жакын бир туугандар эмес, негизинен территориялык түзүлүштөгү калк болуп саналышкан. Алардын ар бири өз алдынча административдик-саясий биримдик болушуп, башкаруучу бийлердин кырк жигити менен өздүк мөөрү болгон. Бийлик атадан балага (баласы жок болсо, агасына же инисине) укумдан тукумга калып, бийлердин бийлиги бири-бирине көз карандысыз болгон.

XVIII к. экинчи жарымы – XIX к. башында кыргыздардын башкаруучулары бий деген аталышта кездешеерин орус булактары аркылуу билсек болот. И. Андреев XVIII к. экинчи чейрегинде кыргыздар менен Батыш Сибирдеги казактарга байланыштуу маалыматтарды калтырып кеткен. Автор “Кыргыздарда эч кандай султан же ханы жок (Чыңгызхандын тукумдары – ыйык жана касиеттүү деп саналгандар “алтын уруктун” өкүлдөрү жөнүндө болсо керек сөз). Анын ордуна “бийи” (князы) бар жана алар бардык маанилүү иштерди чечет деп белгилейт. Кыргыздарды “Закаменная орда” деп мүнөздөп, ал он болуштан тураарын жана ар бир болушту бирден бий башкарат. Өзгөчө саясий оор учурларда же согуш мезгилинде бардык бийлер биригишкен жана кеңешип иш жүргүзүшкөн. Сарыбагыш уруусунан – Атаке бий, саяк уруусунан – Гадай (Адый) бий [114.с.129], кушчулардан Иваула (Абайылда) бий, солто уруусунан – Кашыбек бий, моңол уруусунан – Бирназар бий, желдеңдерден – Шапак бий, бостондорду – Ташыбек бий, кытайларды – Муса бий жана сарууларды – Сейит бий жетектеп келген – деп капитан И. Андреев жазган [101.с.96].

Кыргызстан аркылуу 1820-1821-жылдары өткөн Е. Тимковский кыргыздар жөнүндө төмөндөгүдөй материалдарды калтырган: “Кыргыздар өзөрүнүн башкаруучуларын бий деп аташат. Алар 10дон 20га чейинки, айрымдары 20дан 30га чейинки улустарды [118.с.891] жетектеп, улустагы адамдар алардын кулу катары эсептелинет. Бул элдин аталышы “кергиз” жана алар бир нече уруулук бирикмелерден туруп аларды бийлер башкарышкан. Бийлердин бийлиги тукум куума мүнөздө болуп, алар бири бирине көз карандысыз” [114.с.132].

Кыргыздар XVIII к. экинчи жарымынан тарта обочолонгон бири-бирине көз карандысыз уруулук бирикмелерге биригишип, согуш учурунда, тышкы душмандар кол салган учурда же коркунуч туудурган учурда жетекчилер биригишип чогуу иш-аракеттерди, коргонуу же жоонун мизин кайтарууда бирдиктүү мунасага келишип, бийлер тарабынан жетектелип келген. Бул мезгилде кыргыздарга тышкы агрессорлор жунгарлар,

кийинчирээк Кокон хандыгы чоң коркунуч туудуруп турган. Бий институтундагы бийлик укумдан тукумга калып келгени менен кийинчерээк убакыттын өтүшү менен бий даражасы үлгүлүү, татыктуу, кадыр-барктуу адамдарга чин катары ыйгарылып бериле баштагандыгын тарыхый материалдардан билсек болот.

1825-жылы орус дарыгери Зибберштейн, бийлерге тиешелүү калктын эсеби тууралуу маалыматтырды камтыган статистиканы айтып өткөн: “....арык уругунун бийи Олжобай, ага 300 түтүн тиешелүү, желдең уруусунун бийи Жапалак, ага 2000 түтүн карайт, кыдык уруусунун бийи Жайыке, ага 3000 түтүн, белек уруусун болсо көз жумган Шералы бийдин мураскорлору: Ажыбай, Мусакожо, Муса, Качыбек, Жанусактар башкарат, ага 3000 ден 4000 ге чейин түтүн карайт” [101.с.96-97].

Бийлер өз алдынча башкаруучу болуп, башка мамлекеттер менен тең укуктуу дипломатиялык, саясий байланыштарды түзө алышкан. Тарыхый документалдык материалдарга таянсак, 1785-жылы сарыбагыш уруусунун бийи Атаке Тынай уулу дипломатиялык топ менен бирге орус императору Екатерина II ге өзүнүн атынан кат жиберген. Атаке Тынай уулу өзүнүн жан жөөкөрлөрү менен Кокон хандыгынын экспансиясына каршы туруп, Россия империясын өзүнүн союздашы катары көргөн.

Атаке Тынай уулу өзүн “баатыр” деп сыпаттап, анын карамагында кыргыздардын бир бөлүгү: уруулар, бийлер бар болгондугун айтып өткөн [105.9-б.]. Атаке бийдин өздүк мөөрүндө “Атаке баатыр Тынай бий уулу” деген жазуу болгон. Анын европалык таризде «князь» деген аталышка жакын болгондугун орус тарыхый булактардан билсек болот. Вали жана анын бир тууганы Адил султан казактардын орток жүзүнүн ханы Атаке бийди бий эмес “баатыр” же “төрө” деген титул менен сыпаттаган. Алар кыргыздардын жетекчилерин эч качан бий деп аташкан эмес [105.9-10-б.]. Мындай титул менен сыпаттагандыгынын себеби Атаке Тынай уулунун бийлик даражасынан улам болушу мүмкүн. Казактарда да жогоруда белгилегендей бийлер институту болгон, бирок бийлер казак коомунун

социалдык стратификациясында эң жогорку тепкичте турбагандыктан, алар Атаке бийди “Ханга”, “Төрөгө” [119.с.261] теңеп сыпатташы мүмкүн. Жогорудагы авторлордун “бий” термини туурасындагы сунуштары негизинен окшош экендигин белгилейбиз. “Бий” сөзү “бек” термининен жаралып, башкаруу, бийлөө башкаруучу маанисин түшүндүрүп, сөздүн келип чыгышы түрк дооруна таандык экендигин белгилеп кетмекчибиз.

Бирок негизинен белгилей кетчү нерсе, манаптар түздөн-түз сот иштерине кийлигишкен эмес. Кыргыз коомунда манаптар институту пайда болгонго чейин эң жогоргу статус бийлерде болгондугу белгилүү. Алар бир эле убакта административдик (уруу жетекчиси) жана сот функцияларын аткарып турушкан [87.с.10]. Ал эми  манаптар күч алгандан кийин бийлер жөн гана сот иштерин карап калган.  А. Соколовдун билдирүүсү боюнча “Саясий жактан манаптардын кубаттанышы – бийлердин деңгээлин түшүрүп, алар кеңешчи катары кызмат кылуусуна себеп болгон” [101.101-б.]. Кыргыздардын адат салтына таянган бийлер сотуна манаптар баш ийбей койгондугу тууралуу да маалыматтар бар [101.с.103].

Букараларынын кайрылгандыгына жараша манаптар тигил же бул ишти карашкан. Бардык жарандык жана кылмыш иштерди карап, жазаны адатка таянып берген. Манаптар өзү нарктын сактоочусу,  уруулук намыстын коргоочусу, согуш, жоолордун демилгечиси, этникалык, уруулук мамилелердин ортомчусу катары беделдүү адамдар болушуп, алардын чыгарган өкүмдөрү, чечимдери кыңк этпестен кабыл алынган жана шек кылууга болбогон. Манаптар бийлер чыгарган бүтүмдөрдү жокко чыгарууга да укуктуу болушкан [114.с.131].

Берилген маалыматтардан көрүнгөндөй, манаптар кыргыз коомунун бардык сфераларын көзөмөлү алдында туткан. Административдик, дипломатиялык, аскердик, соттук функцияларын аткаруу менен бирдикте жайыт, айдоо жерлерди бөлүштүрүү саясатын жүргүзүшкөн. Ошондой эле, манаптар өз жерлери аркылуу өткөн кербендерден бажы салыгын алып, алардын коопсуздугун камсыз кылышкан.

Мезгилдин идеологиясына ылайык манаптардын бейнеси караланып тирандар катары көрсөтүлүүсү мыйзам ченемдүү көрүнүш болуп турган [20,21,58,66]. Бирок, белгилүү манаптар Ормон Ниязбек уулу, Боронбай Бекмурат уулу, Шабдан Жантаев, Байтик Канаев жана башкалардын кыргыздардын тарыхында маанилүү роль ойногондорун кабыл алышыбыз зарыл. Алардын кыргыз элинин калыптануусунда, тышкы агрессорлордон коргонуусунда, улут болуп сакталып калышында, кошуна элдер менен дипломатиялык байланыштарды түзүүдө элдин сабаттуулугунун өнүгүшүндө маанилүү роль ойногон адамдардан болгон. Ошондой эле, сарыбагыш уруусунан чыккан манап Ормон Ниязбек уулунун бытыранды болгон кыргыз урууларын бириктирип, борборлошкон мамлекет түзүүгө аракет жасагандыгын белгилеп кетүүбүз зарыл. Бул кыргыз элинин бириктирүүгө, көптөн жоготкон бирдиктүү мамлекетин калыбына келтирүүгө, тышкы агрессорлордун кысымынан арылууга, эгемендүүлүккө жасалган алгачкы кадамдардан болуп саналат.

Бийлер боюнча тарыхый документалдык материалдарды көз чаптырсак XVIII к. – XIX к. чейин кыргыздардын башында тургандарды “бий” деп атап келишкендигин билүүгө болот. Бий титулунун тарыхы андан да эски экендигин байкасак болот. Бий араб титулдары “амир”, “эмирдин” синоними, мааниси жетекчи, падыша, асылзаттуу башкаруучу дегенди туюндурат. Бир гана кыргыздарда эмес ошондой эле жакынкы жана ортоңку Чыгыштын феодалдык төбөлдөрү бул титулду колдонуп келишкен [71.43-б.]. Казак элинде да бийлер соту болгон, бийлер сотуна түздөн-түз катышып, сотто арбитрдык функцияны аткаргандыгы тууралуу П.П. Семенов-Тян-Шанский өзүнүн эмгегинде белгилеп кеткен [109.с.175-185].

Кыргыз фольклорунда өз башкаруучуларынын дээрлик бардыгына “бий” титулун колдонуп келишкен. Бий титулу көчмөн кыргыз элинин энциклопедиясы болгон “Манас” эпосунда, “Курманбек” эпосунда, ошондой эле кичи эпос “Жаныш-Байышта” жана башка майда эпостордо да кездешет.

XVIII к. таандык кытай жазма булактарына таянсак, “бий” титулун кыргыз төбөлдөрүнө карата колдонулуп келгендигин билсек болот [86.40-б.]. Бул туурасында М.Т. Айтбаев: “ал мезгилде бий – ишенимге ээ болуп, уруунун, уруктун башында туруп, административдик, саясий, чарбалык жана сот функциясын аткарышкан” [58.с.147] – деп жазат. Ар бир уруунун, уруктун өзүнүн бийи болуп, ар кандай ички жана тышкы маселелерди бийлер аркылуу чечип келишкен. Көчмөн кыргыздардагы бийлердин ролуна токтолгон А. Леонтьев: “бий бул бир уруунун башчысы – ал бир канча туугандык уруудан турган өз айылын башкарат.... . Бий наамы укумдан тукумга берилет” [92] – деп жазат. Бирок, бий наамы укумдан тукумга өтүүчү салттуу көрүнүш катары кароого да болбойт. Эл арасында ата-салтын жакшы билген, сөзмөр, өзүнүн жүрүш- турушу менен үлгү болгон букара социалдык катмарынын өкүлдөрү да бий наамына ээ болушкан.

Г.С. Загряжский Кыргыздардын жашоо-турмушун, адат-салтын, өзгөчө укуктук мамилелерин, бийлер сотунун мүнөзүн төмөндөгүчө баяндайт: “Кандайдыр бир иштин чечилиши укуктан көз каранды эмес, бардыгы окуяга, мамилелерге жараша болот. Бийлер сотунун мүнөзү ушундай, ал эч кандай адилеттүүлүккө кепилдик бербейт, керектүү учурда таасирдүү уруу башчыларды, аксакалдардын, уруунун, уруктун кийлигишүүлөрү боло берет” [15.с.362-371].Бийлер конкреттүү бир ишке жараша, же ошол ишке катышкан тараптарларга жараша заңды, адатты жекече ыктыяры боюнча түшүндүргөн жана колдонгон десек болот.

Ю.П. Россельдин бийлер институтунун туруктуулугу тууралуу бир катар маанилүү маалымат келтирилип кеткен. Анын пикиринде кыргыздарда 1869-жылга чейин туруктуу шайланып алуучу бийлери болгон эмес. Ар бир маселе үчүн тараптар тарабынан бир бий тандалып алынган. Бул адамдар бий деп, калк кайрыла турган учурда гана аталган [101.с.97].

Кыргыздардын салттуу коомунда бийлер ар бир уруктун, уруунун, айылдын (бир айыл бир канча уруулук бирикмеден турушкан) кылмыш, жарандык жана башка талаш маселелерди карашкан. Ошол эле учурда бий

акыл айтып, кеңеш да берип турган. Айылдык бий кыргыздардын салттуу укуктук нормаларын жакшы билген, кадырлуу адамдардан болуп алар, жекече же болбосо башка адамдардын катышы менен кылмыш, жарандык иштерди карашкан. Кылмыш иштердин тобуна: жалаа жабуу, мушташ, кемсинтүү, мал урдоо, денесине жаракат келтирүү ж.б. кирип, аталган иштер бийлер тарабынан териштирилген. Бирок айылдык бийлердин негизги милдеттери тарапташтарды жазалоо эмес, аларды жараштыруу болгон.

Кыргыздардын салттуу укуктук нормаларына мүнөздүү, өзгөчөлүктүү көрүнүштөр да болгон. Маселен, эки айылдык бий тарабынан бир уруудагы адамдардын кылмыш иши каралып, бир чечимге келе албай жаткан учурда, калыс чечим чыгаруу үчүн бийлер калыс болгон бийге кайрылган. Ошол эле учурда уруунун бийи эки тараптын бирине туугандык мамилеси болгон учурда, ал маселени чечүү үчүн айылдык бийге кайрылган.

Уруунун бийи – бул өз уруусунун ичинде авторитетке ээ болгон, калыс адам. Алар айылдык бийлерге караганда кылмыш иштеринин оор түрлөрүн караган. Алсак, барымта, талап-тоноо, каракчылык, мүлк талашуу, келиндин, жесирдин ортосундагы талаш, коңшу уруунун, айылдын ортосундагы талаш ж.б. иштерди териштирген. Айылдык бийлерге караганда уруунун бийи доогер жана жоопкерге карата катуу жаза нормаларын колдонгон. Салттуу жазалоолордун түрүнө айып, жана кун кирген. Салттуу укук норма боюнча жасаган күнөөнүн өлчөмүнө жараша күнөөлүүдөн доогерге уурдалган мүлктүн 9/3 өлчөмдөн жогорку айып салган. Тактап айтканда, уурдалган мүлктүн баасынан тогуз эсе жогорку көлөмдөгү айып тагылган. “Тогуз” үч түрдөн турган:

1. “чоң тогуз” – чоң тогуз тогуз баш малдан, бир төөдөн жана 8 баш жылкыдан же кулундан;
2. “орто тогуз” – орто тогуз бир жакшы жылкы жана 8 баш ири муйүздүү малдан (эчкиден) буга жылкынын кулуну да кошулган;
3. “кичи” же “токол тогуз” – тогуздан аз, ал бир мүйүзсүз же орточо уйдан, калган бөлүгү кой, эчки, улак, козудан турган [14.с.164-165].

Белгилей кетчү нерсе ар бир бооз бээ, бооз эчки үч баш катары эсептелген. Бий айып салууда кайсыл мезгилде малдын башы үч баш, эки баш катары эсептөө эрежесин эске алган. Ошол эле учурда “тогуз” айыбынын башка дагы эки түрү болгон:

- төө баштаган тогуз;
- ат баштаган огуз [14.с.166].

Соттук процесстердин жүрүшүндө бий күнөөлүүгө төө баштаган же ат баштаган тогуз айыбын төлөө чечимин чыгарса, бул айыптарды башка төлөмдөр менен алмаштырууга мүмкүн болбогон. Күнөөлүүнүн жасаган кылмыш оордугуна байланыштуу жогорудагы үч тогуздун баарын же болбосо алардын бирин төлөө бийдин чечимине жараша болгон. Бий болсо салынган айыптын кандайдыр бир өлчөмүн сыйлык иретинде өзүнө алган [14.с.194].

Ал эми кун төлөө кыргыздардагы салттуу айыптардын бири. Кун бул – өлтүрүлгөн адам үчүн күнөөлүү тараптын, анын туугандарынын материалдык төлөмү. Салт түрүндө каза болгон адамдын материалдык байлыгына жараша, жеке адам же айыптуунун туугандары тарабынан төлөнгөн.

Көчмөн турмуш шартында уруулардын ички конфликтеринен сырткары уруу аралык, айыл аралык тышкы конфликтер жаралып турган. Тышкы чыр-чатактар көпчүлүк учурда жайыт талашуу, суу талашуудан жаралып, эки тараптын чатагы куралдуу кагылышууга чейин барган. Мындай кырдаалда эки тарап өз ара карым-катнашты гана үзүп койбостон, куда-сөөктүк мамилени да токтотушкан учурлар болгон. Айрым тарыхый булактарга токтолуп өтөлү. 1892-жылы 8-декабрындагы Пржевальский уездинин начальниги Жети-Суу областынын аскер губернаторуна төмөндөгүдөй рапорт жазган: “атасы жана жакын туугандары мыкаачылык менен өлтүрүлгөндүктөн Узак Сауруков өз кызын Жети Огуз болуштугунун

бийи Соодонбек Истамовдон ажыратып үйүнө алып келген, кызынын каалабагандыгына карабай” [86.с.199].

Уруулар аралык конфликттер көпчүлүк учурда, жеңилген тарап кеткен чыгымды толтуруу, өч алуу максатында барымта уюштурушкан. Барымта жашыруун түрдө жааттапкан тараптын малын тартып алуудан башталып, эки уруунун ортосунда куралдуу кагылышууга чейин өсүп жеткен. Кагылышуу учурунда мал-мүлк тонолуп, кыз-келиндердер олжого алынып, адам өлүмү менен коштолгон. Мындай кагылышууларга жогорудагы бугу менен сарыбагыш ортосундагы чабыш, анын кесепеттери толук мисал боло алат. Уруулар ортосундагы кагылышуулардан соң эки тарап өз ара элдеше алышкан эмес. Мындай кырдаалда бейтараптуу уруу башчыларынын, бийлердин жардамы керек болуп, кагылышкан тараптардын макулдугу менен бийлердин сьезди чакырылган [86.с.22].

Бийлер көбүнчө оозеки даттануураларга, уруулука, ажырашууга, уруктук общинанын талаш-тартыш маселелерине байланыштуу иштерди алып барган (истец), жоопкер (ответчик) жана өкүл адамдардын (доверенное лицо) катышуусу менен гана башталган. Тараптардын каалоосу менен күбөлөр да сот процессине катышкан. Эгерде сот отурумуна жоопкер катышпай калса, өкүм сырттан чыгарылган. Соттук иштерди жоопкер менен доогердин каалоосу боюнча бир же бир нече бийлер карай алышкан.

Салттуу укук нормасы боюнча көп жылдык тажрыйбалардын негизинде соттук иштерди териштирүү тартиби калыптанган. Жоопкердин макулдугу менен сотту тандоо доогердин укугу болгон. Эгерде жоопкердин макулдугу болбогон учурда, башка бийге кайрылууга укуктуу болушкан. Бий тарабынан сот иштерин териштирүү жоопкер, доогер, күбөлөр чогулган учурда гана башталган. Сот баштааларда бий, таасири бар адамдар ардактуу жерден орун алашып, алардын бет алдында доогер, жоопкер, алар менен катар күбөлөр орун алышкан. Тартип боюнча алгачкы сөз доогерге, анан күбөгө берилип, андан соң жоопкер күнөөлүү адамга, анын күбөсүнө сөз берилген. Бий биринин артынан экинчисине сөз берип, аларды толук уккан.

Демек, адат боюнча жарандык жана кылмыш иштерин териштирүү сот өндүрүшү атаандаштык мүнөздө өткөн. Ар бир ишти кароодо бий калыс чечим чыгарууну көздөп, эки тарапты тең дооматтарын кылдаттык менен караган.

Тараптардын дооматтарын уккан бий, тыныгуу жарыялап, ал арада уруунун аксакалдары, таасирлүү адамдар менен өз алдынча кеңешкен. Бийдин акыркы чечими жоопко тартылып жаткан адам өз күнөөсүн мойнуна алып, күбөлөр көрсөтмө берген учурда гана чечим чыгарган. Бийдин акыркы чечимин далилдеген айрым бир фактыга токтололу. 1878-жылы. сот тарабынан "Токмок уездинин Кара-Балта болуштугуна караштуу Бешкемпирдин бир тууганы Касым Культебетовдун өлүмү боюнча" иш каралган. Адам өлтүргөн Баястан анын баласы Мамбет өз күнөөлөрүн мойнуна алышкандан кийин, бий соту акыркы чечимди кабыл алган. Бий сотунун чечими боюнча кун төлөөнөн ордуна адам өлтүргөндун тууганы Жаназаров Бургиндин 9 жаштагы Турсун аттуу кызы 15 жашка толгондо жабыркаган тарапка аялдыка берүү чечимин кабыл алынган [86.с.28]. Бийлер адилетсиз же туура эмес чечим чыгарган учурларда жоопкерчиликке тартылышкан эмес. Бирок кийин ошол адилетсиз чечим чыгарган бийге кайрылуулар аз болуп, кадыр баркына, беделине доо кеткен. Ошондуктан, бийлер талаш мени чечүүдө, арыздарды кароодо адилеттүү, максималдуу жоопкерчилик менен мамиле жасап, ошону менен өзүнө келечекте бий катары элдин ишеничин актоого аракет кылган.

## 3.2. Казы соту

Кыргызстандын түштүк аймагында жашаган көчмөн жана отурукташкан калк XVIII к. ортосунан – XIX к. 70-жылдарына чейинки аралыкта Кокон хандыгынын курамында болгону белгилүү. Фергана чөлкөмүндө орток хандык катары өкүм сүргөн Кокон хандыгында

кыргыздарга отурукташкан калктын таасири социалдык-экономикалык чөйрөдө чоң таасирин тийгизгендиги шексиз. Сот иштери адатка негизделип бийлер тарабынан жүргүзүлүп келсе, шариятка таянуу менен сот иштерин отурукташкан калк арасында казылар тарабынан аткарылып келген. Отурукташкан калк арасында казылар сот функциясын гана аткарып гана келбестен, ислам дининин өкүлдөрү катары да эсептелишкен. Тарыхый булактар тастыктап тургандай, казы болуу үчүн ислам динин туткан, жаман иштерге аралашпаган, эркин, ден-соолугу чың, бойго жеткен жергиликтүү адам казы боло алган [28. ф.160.оп.1.ед.хр.109.л.12]. Казы шарияттын ченемдерин жакшы өздөштүргөн, сыноодон өткөн адам хан, бектер тарабынан дайындалып, кызматтан алынышкан. Сот иштерин жүргүзүүдө казылардын конкреттүү бөлүнгөн аймактары болгон эмес. Казыга ишеним арткан ар бир доогер өзү каалаган казыга кайрылууга укуктуу болгон [40. Ф.1396,оп.1.д.392.ч.2.л.14]. Казылардын негизги милдеттеринин бири: өзүнүн өкүлдөрү муфтийлер, катчылары аркылуу базарлардагы соода-сатык өлчөмдөрүнүн, тараза жана башка эсеп жүргүзүүлөргө байкоо жүргүзүү, даттанууларды кабыл алуу, жарандык жана кылмыш иштерин териштирүү, чечим чыгаруу, мүлк боюнча бардык өлчөмдөгү келишимдерди, соода-сатык бааларын аныктоо, үйлөнүү, ажырашуу шарттарын аныктоо, өлгөн адамдын мүлкүн анын мураскорлору арасында бөлүштүрүү, бала асыроо, жетим-жесирлерди коргоо болгон” [7.с.172]. Кокон хандыгы жөнүндө жазылган “Обозрение Кокандского ханства в нынешнем его состоянии” деген орус булактарындагы маалыматтарда: “Хандыктагы жогорку сот бийлигине казылар ээ болгон” деп жазылат. Хан өзү адамдардын арасынан тартиптүү жана билимдүү адамдарды казы кылып дайындаган. Казылар зор бийлике ээ болушуп, диний жана жарандык багыттагы иштерди чечишкен [53.с.200]. Казылар мусулмандардын сотунун өкүлү болушуп, бек же хан дайындаган (айрым учурларда аксакалдар жана молдолор шайлашкан). Алар шариятка таянып сот иштерин жүргүзүшкөн. Казы статусу боюнча имамдан жогору болгон, кыштактын же шаардын диний башчысы катары иш алып барган.

Казы сотунун эл арасында жүргүзгөн адилеттүүлүгү, туура чечим кабыл алышына байланыштуу эл каалаган казысына даттанууга, кайрылууга укуктуу болушкан. Жети-Суу жана Сыр-Дарыя областтары боюнча түзүлгөн өзгөчө комитеттин отчетунда билдиргендей: "Сот участкасы болгон эмес, доогер ишеним көрсөткөн казыга даттанууга укуктуу болгон" [7.с.178] деп белгиленет.

Кокон хандыгында сот иштерин жүргүзүшкөн казы сотунун соттук түзүлүшү бир канча түргө бөлүнгөн. Мисалы, А.Хорошхиндин пикири боюнча казылар үчкө бөлүнгөн: 1) казы- калян – жогорку сот; 2) казы-раис – динди коргоочу сот; 3) казы-аскер – аскердик сот. Казы-калянды башка соттор сыяктуу эле бек дайындаган. Анын карамагында соттук, нотариалдык, бардык диний (диний окутуу) ж.б. иштер кирген [54]. Орчундуу, татаал соттук иштерде же юридикалык талаш-тартыш маселелерде бардык муфтийлер менен казылар өз ара кеңешип, бир чечимге келишкен [54.с.189]. Ушуга эле үндөш пикир А.К. Гейнстин эмгегинде сүрөттөлгөн. Мисалы, А.К. Гейнс "Ташкентте Кокон хандыгынын учурунда төрт казы болгон:

1) Казы-калян – Кокон ханы жеке бекиткен жана алмаштырган (элдин уруксатысыз тандалган) жана соттордун арсынан эң абройлуу жогорку сот болгон;
2) Казы-кузат – казы каляндан кийинки экинчи баскычтагы сот;
3) Казы аскер – аскердик сот, Ташкенттеги Кокон горнизонундагы аскерлерди соттогон;
4) Казы-раис – раистин жана казынын иштерин аткарган" [10] – деп белгилеген.

Аглямдар болсо салыштырмалуу башкалардан көбүрөөк билген, чоң билимге ээ болгон жана муфтийлерден улуу эсептелип аларга тажрыйбалуу, билимдүү муфтийлер тандалып алынган. Казы соттук түзүлүшүндө кызмат кылышкан казылар, муфтийлер, аглямдар наам алыш үчүн бектерге кайрылышкан, бектер болсо аларды шарият билимин текшерүү үчүн казы-калянга жөнөтүшкөн. Казы-каляндар билимдүү, шариятты жакшы

өздөштүргөн молдолорду чакырып алардын билимин сынашкан. Экзаменди ийгиликтүү тапшырган атаандаштар казы, муфтий, аглям укуктарын аткаруу укугуна ээ болуу медальонун алуу үчүн бектерге, даткаларга кайрылган [7.с.262-264]. Бектер, даткалар тарабынан соттук иштерди жүргүзүү үчүн медальонго ээ болгон казы сотунун өкүлдөрү өздөрүн эл арасына жарыялоо зарыл болгон. Бул туурасында жогорудагы "Всеподданейший докладда": "диний соттук кызматкерлер медальонду өзүнүн башындагы чалмасына кадап алышып, жума күндөрү базарда сыйланып, кадырланышкан" – деп жазат [7.с.171].

Кокон хандыгынын түштүк аймактардагы кыргыздардын арасындагы бийлигинин, Ислам дининин ченемдеринин калктын аң-сезимине тереңдеши казы сотунун күчөшүнө алып келген. Тоолуу аймакта жашаган кыргыздардын арасында бий соту менен катар эле казы соту иштей баштаган. Ош уездиндеги сот иштери менен таанышкан капитан Давлетшиндин пикирине таянсак, Ферганада жашаган кыргыздардын көпчүлүгү өздөрүнүн ата-бабаларынын салттуу сотун таштап, шарияткa өтө баштагандыгын билдирет. Бул туурасында капитан Давлетшин өз эмгегинде төмөнкүдөй маалыматтарды келтирген: "Оштон Куршабдын ортосундагы аралыкта Кашкар болуштугунун соту кыргыз Таджь-Маметь-Багадарь Чапиевди жолуктурдум. Сот бул кызматында 11 жыл болуптур. Мурун болуш болуп эмгектенген. Чапмиев Кокондо билим алыптыр, ал эч кандай кыргыздын салтына таянбай эле шарият боюнча сот иштерин жүргүзөт экен, анын алдында 3 муфтий, 1 аглям кызмат кылат. Алардан 2 кыргыз, эки сарт" – деп жазат [35.с.40]. Жогорудагы пикирин андан ары улаган капитан Давлетшин "Куршаб болуштугунда жашаган көчмөн кыргыздардын сот иштеринен кабар берген Таджь-Мамедь-Дорду Мамедов – өзү кыргыз" – деп жазат Давлетшин. Ош, Андижан медреселеринен билим алган, анын алдында 1 муфтий жана 1 аглям бар, бири кыргыз, бири сарт. Чечимди муфтий тарабынан көбүнчө казынын өзү жазат [35.с.41]. Давлетшиндин андан аркы маалыматы боюнча бул аймактагы кыргыздар мурун бийлер тарабынан сот иштери жүргүзүлчү,

кээде адаттын же шарияттын салты боюнча аралаш жүргүзүлчү, муфтилердин жардамысыз; ал эми бир канча жыл мурун эл казыны шайлашып, сот өндүрүшү шариятка негизделип жүргүзүлө баштады" [35.с.41]– деп эскерип кеткен.

Демек, жогорудагы капитан Давлетшиндин билдирүүсүнө таянуу менен салттуу укукка таянуу менен жүргүзүлгөн бийлердин сот иштерин акырындап казылар тарабынан жүргүзүлө баштагандыгын далилдеп турат. Анткени Ош уездиндеги сот иштеринин абалын жакындан таанышкан капитан Давлетшин уездин аймагындагы кырыздардын сот иштерине баа берип жатып: "Адаттан шариятка карай өткөөл мезгил" [35.с.41] катары баалаган. Бирок кыргыз элинин салттуу өзгөчөлүктөрү, менталитети, коомдук, саясий, социалдык абалы исламдашуу процессинин жай жүрүшү, казылар институтун толук үстөмдүк кылышына тоскоол жараткан. Казылар институту Фергана өрөөнүндө жашаган көчмөн кыргыздардын арасында толук үстөмдүк кыла алган эмес. Казылар сот иштерине Фергана өрөөнүнүн түштүк-чыгыш аймактарынын түздүк жерлеринде үстөмдүк кыла баштаган. Ал эми тоолуу аймактарына жайылтууга, Кыргызстандын башка аймактарында бийлер институтун жоюуга күчү жеткен эмес. Бийлер Кокон хандыгына номиналдуу гана баш ийип турушкан" [114.с.129]. Демек, казы кызматына исламдын укуктарын мыкты өздөштүргөн, эң негизгиси мусулмандык дух менен суугарылган, эл арасында кадыр-баркы бар адам дайындалган. Албетте, ислам динини ишенимдерине суугарылган фанат адамдар орус бийлигине жаккан эмес. Казылар бийлигинин эл арасындагы үгүт-насыят иштеринен бийлик дайыма чочулап турган. Казылар бийлигин чектөө максатында, 1867-жылдагы Жобонун 219-беренесинде "Эл арасында кадыр-барккка, ишенимге ээ болгон, 25 жаштан жогору жана соттолбогон, издөөгө алынбаган ар бир адам казы болууга укуктуу" [45.с.41] деп көрсөтүлөт. Беренеде көрсөтүлгөндөй казы болуудагы мусулман болуу талабы аланып салынган.

Демек, Фергана өрөөнүндө жашаган кыргыздарда Кокон хандыгынын мезгилинде бийлер менен катар казылардын сот бийлиги өкүм сүрүп, көчмөн жана отурукташкан калктардын салттуу жазалоо нормалары өз ара синтездеше баштагандыгын байкоого болот. Кокон хандыгындагы сот иштерине анализ жүргүзгөн А.П. Хорошхин “Башка мусулман мамлекеттери сыяктуу эле Кокон хандыгында да сот жана жазалоо иштери шариятка негизделип жүргүзүлгөн, бирок аягында хандын же бектин ыктыярына көз каранды чечилген” [54.с.189] – деп билдирген.

Хандыктагы адатка жана шариятка таянып жүргүзүлгөн сот иштеринде кыргыздар менен өзбектердин ортосундагы чыр-чатак маселени чечүүдө бийлер жана казылардын катышуусу аркылуу ишке ашып бирдиктүү жаза колдонушкан.  Бул маселеге кайрылган А.К. Гейнс: “Кыргыздар менен сарттардын ортосундагы талаш-тартыш маселелер жаралса, кыргыздар адатка таянып, сарттар шариятка таянып чечишкен”[11.с.464] – деп эскерген.

Ал эми жазалоо ыкмасынын бири – таш бараӊга алуу адат укуктук нормалардын бири болуп келген болсо, кийинчерээк хандыкта да колдонула баштаган. Ф. Назаровдун  маалыматы боюнча аталган ыкма хандыкта да колдонулган. Бул туурасында автор: “Адамдар чогулган жерде жазаны аткарууну ишке ашырышкан. Кылмышкердин айланасына таш үйүп коюшкан жана аны жерге төшүнө чейин көмүшүп, ташты кылмышкерге карай ыргытышкан. Казы биринчи ташты ыргыткан, андан ары башкалар ташты ыргытышкан. Кийин анча тереӊ эмес жерге көмүлгөн (жолбун иттер тарабынан желип кетиши максатында) жана мындай жазага дуушар болгон кылмышкерлерге жаназа окуган эмес” [27.с.63] – деп билдирген.

Кыргыздардагы салттуу сот системасы жана алардын функциялары, жазалоонун түрлөрүнө байланышкан материалдар совет дооруна чейинки орус тарыхый булактарда кеӊири баяндалган. Тарыхый булактарга таянсак, бийлер көчмөн элдин арасында соттук функцияны аткарса, казылар болсо отурукташкан элдин арасында соттун фунциясын аткарып келгендигин билүүгө болот. Шарият менен адаттын нормаларына таянган казылар менен

бийлер чырдашкан тараптын доолорун угуп, талаш-тартыш маселени чечип беришкен. Казы соту ишти алдын ала териштирген эмес, тергөө органдары да болгон эмес. Доогердин келтирген далилдери күнөөлүүнү аныктоодо негизги ролду ойногон. Ф.Назаров Кокон хандыгына 1813-жылы саякат жасап, сот системасы жөнүндө мындай деп баяндаган: «Кокондуктар сот иштериндеги маселени чечүүдө күбөлөрдүн айткандарына жана далилдерге таянышып чечишет. Тергөө иштерин кагазсыз жүргүзүшөт» [27.с.75]. Күбөлөрдүн көрсөтмөсү карама-каршы болон учурда же далилдер жетишсиз болгон жагдайда чындыкты аныктоонун эффективдүү ыкмасы катары «ант» берүү ыкмасы колдонулган. А.К. Гейнс «Жоопкер адамдын күнөөсүн аныктоодо жетиштүү далилдер табылбай калса, жоопкер өзү ант кабыл алган (ушул жол аркылуу күнөөлүү эмес экендигин бышыктай алган)» [11.с.292]. Көрүнүп тургандай, казылык сот иштеринде тергөө иштери, айып тагуу жолдору архаикалык гана жолдо болуп, жакшы өнүккөн эмес.

Шаар ичинде казылардын саны бек тарабынан көзөмөлдөнүп турган. Доогер өзү каалаган казыга кайрылууга укуктуу болгон. Соттук процесске муфтийлер менен аглямдар да катышкан. Муфтийлер доогердин арызын түзүүгө жана аглямдар менен биргелешип шарияттын негизинде чечим чыгарууга сунуштарды келтирип турушкан. Орчундуу маселе пайда болгон учурларда бир нече казылар ишти карашкан жана тиешелүү чечимге келишкен. Казылардын чечими тууралуу кагаз «васиха» деп аталып, ага казылар өз мөөрлөрүн коюшкан. Доогердин каалоосу боюнча васихага сот процессине катышпаган казылар да (бүтүмдүн күчүн бекемдөө максатында) өз мөөрлөрүн кое алышкан. [49].

Казылардын чечими даттанууга жаткан эмес. Казылар бир гана соттук иштерди аткарбастан, диний башчынын иштерин да аркалаган. Ошондуктан, мусулмандар үчүн «дин менен сот иштери бири-бирине сиңишип кеткен». Казыларга нааразычылык билдирүү – Аллахтын мыйзамдарына каршы чыкканды туюндуруп, чоң күнөө катары кабыл алынган. Бул маселе боюнча сенатор К.К.Пален төмөндөгүдөй пикирин калтырган: «Көп учурда кайсыл

жерден дин бүтүп, кайсыл жерден укук башталганын билүү кыйын» [86.с.37]. Демек, жергиликтүү элдин түшүнүгүндө дин менен укуктун ортосундагы чектин жоголгондугун билдирет. Коомдун мындай маанайын шариятка фанатизм менен берилишкен казылар жакшы түшүнүшкөн жана алардын таасири күч болгон

Сот прецессине арналган атайын имарат болгон эмес. Каралып жаткан маселеге доогер жана жоопкер, алардын тарапташтары кеңири катыша алышкан. М.Михайлов 1887-жылы «Туркестанские ведомости» журналына казыларга тиешелүү баяндама түрүндөгү макаласын жазып чыккан. Макалада автор «Казыларды бек же хан тандап алат. Бек менен хандар казыларды тандоодо алардын жеке сыпаттарына көңүл бурушкан. Бирок барибир казылардын шаарына келгенде казылардан кымбат баалуу белек, баалуу буюмдарды белек катары алышкан. Бул нерсе «тартуулоо» деп аталып, казылар тартуулоо аркылуу өздөрүнүн кызмат ордун сактап калууну ниеттенишкен. Кийин тартуулоого кеткен жалпы чыгымды кызмат ордунан пайдаланып эки эселеп чыгарып алышкан» [101.с.98]. Казы кызматы өтө кирешелүү орун болгондугун жана паракорчулук күч болгондугун көптөгөн тарыхый булактар тастыкташат [49,56,88]. К.К. Пален өзүнүн Түркстан крайындагы сотторго байланыштуу отчетунда казылар тууралуу маалыматтарды, сот процессинин жүрүшү жөнүндө маалыматтарды жазып калтырган. “Казылар – орток европа түшүнүгүндөгү соттордон айырмаланган, себеби алар сот процессинде чоң ролду ойногон эмес. Тараптардын ортомчусу катары иш өтөгөн. Алар талаш-тартыш маселеде жергиликтүү шариятты мыкты өздөштүргөн инсандардын жардамы аркылуу өздөрүнүн пайдасын көздөгөн риваяттарды казыга сунушташкан. Сунушталган риваяттар аглямдардын талкуусуна коюлуп, жыйынтыгында юридикалык далилдерге жана фактыларга таянып чечим кабыл алынган [37.с.5].

Казылар же башка сот тармагында иштеген адамдарга мамлекеттен эч кандай акы берилген эмес. Бирок негизинен казыларга уткан тараптан

ыраазычылык иретинде белек же сый акы берип турушкан. А.К. Гейнс: “Кокон хандыгында соттон уткан тарап же акталгандар иштин маанилүүлүгүнө жараша бир кокон тыйындан бир дилдеге чейин казыга акча беришкен”[11.с.476] – деп белгилейт.

Казылардын алдында бир нече аглямдар, муфтийлер болгон. Муфтийлер азыркы мезгилдеги адвокаттардын функцияларын аткарышкан. Алардын милдеттеринин катарына арыз жазуу, курандан керектүү аяттарды, ишке байланыштуу риваяттарды сунуштоо кирген. Муфтийлер, аглямдар көбүнчө казынын жакын адамдары болушуп, казы менен муфтийдин ортосунда маселе боюнча талаш-тартыш, кайым айтышуу болуп турган.

## 3.3. Салттуу сот процессинин жүрүшү, кылмыш жана жазалоо чаралары

Кыргызстан Россия империясынын курамына каратылганга чейинки салттуу сот процессинин жүрүшү, кылмыштын түрлөрү, жазалоо тартиби туурасындагы маалыматтар элдик оозеки чыгармаларда, санжыра булактарында, эл арасында айтылып калган макал-лакаптарда, накыл сөздөрдө эскерилет. Жазуу түрүндөгү тарыхый булактар саналуу гана. Патриархалдык-уруулук түзүлүштө жашаган кыргыздардын жарандык жана кылмыш иштеринин арасына так чек коюлган эмес. К.К. Пален белгилегендей, ар кандай таарынычтар жана адам өлтүрүү эгер бир уруунун арасында болсо кун төлөө аркылуу, уруудан сырткары болсо өч алуу менен аяктаган [37.с.37]. Ошол эле учурда кыргыздар диний ишеним, ырым-жырымдарга таянышып, бардык жаман жоруктарды адамды шайтан тукурду деп баалашып “шайтан азгырды”, “шайтан баштады”, “шайтан мойнуна минди” дешип карашкан [23]. Бардык кылмыштарды бир сөз менен “күнөө” деп коюшат. Күнөөлүүнү жазалоодо, талаш маселелерди чечүүдө уруунун, уруктун аксакалдарынын ролу чоң болгон. Салттуу сот бийлигинин башында турган бийлер үчүн ар кандай кылмыш иштерин териштирүү адаты калыптанган. Кыргыздардын салттуу адат укугунун (обычное право) негизги

максаты коомдогу конфликттерди, талаш-тартыш маселелерди чечүү болгон. Адат укугунун негизги булагы катары кылымдар бою күндөлүк турмушта колдонулуп, кайталанып калыптанган салты, үрп-адаты – “адат” болгон.

Совет дооруна чейинки тарыхый булактарга таянсак, Кокон хандыгында кылмыштар үчүн жазалоонун бир канча түрлөрү кездешкен. Мисалы, кулагын кесүү, бармагын кесүү, орго салуу, көзүн оюп алуу ж.б. Кокон хандыгына саякаттап келген Ф.Назаров бул тууралуу “30 кой уурдаган адамдын кылыч менен оң бармагын кесип, анын канын токтотуу максатында ысык майга малып, андан кийин кое беришкенин мен өз көзүм менен көрдүм” [27.с.52] – деп эскерет күндөлүгүндө.

XIX к. экинчи жарымына чейин кыргыздарда уюшулган, бир регламентке баш ийген сот системасы болгон эмес. Бийлердин башкача айтканда салттуу сотторунун ыйгарым укуктарын, алардын карай турган маселелери так көрөтүү мүмкүн эмес болгон. Көбүнчө, анча маанилүү эмес иштерди айыл бийлери, ал эми маанилүүрөөк иштерди уруу же уруу бийлери караган учурлар болгон. Бирок, кыргыздардын адат укугунун жалпы жобосуна ылайык, ар кандай чарбасы менен жабырлануучу - майда болобу, чоң болобу - каалаган бийге кайрылууга укуктуу болгонуна карабай жогорудагыдай жагдайлар көп кездешен. Сот практикасы көрсөткөндөй, белгилүү бийлер олуттуу жана татаал иштерди карап, ал эми анча маанилүү эмес, майда барат иштерди айыл бийлери караган. Эки же андан көп айылдарга жана уруктарга тиешелүү иштер эки же андан көп бийлердин курамында, айылдын же уруунун таасирдүү адамдарынын катышуусу менен же катышпай биргелешип каралып турган. Мындай чоң маселелер бийлер, таасирдүү туугандар тарабынан эл менен жолугушууларда (байга, эскерүү) талкууланган. Талкуу эки тараптын тең туугандарына тең орток болду.

Кыргыздардагы калыптанган салттуу сот иштеринин жүргүзүүнүн тартиби боюнча кандайдыр бир кылмыш ишин кароо бийге кызыктар тараптар даттануудан кийин гана башталган. Доогер же анын жакын туугандары оозеки түрдө өзү каалаган бийге кайрылууга укуктуу болгон. Сот

системасынын жогорку бийлик органдары манаптар жана башкаруучулар болгон. Көбүнчө иш боюнча акыркы чечим алардын эркине көз каранды болгон. Бий тарабынан териштирүү иштери жоопкер жана ага күбө адамдарды чакыруудан башталган. Андан кийин арызданышкан эки тарап: болбосо ич ара сүйлөшүп алышып бийге кайрылган же болбосо доогердин суранычы боюнча жоопкер адам чакырылган – деп жазат Г. Загряжский. Жоопкер адамды чакыруу бий тарабынан жүргүзүлгөн" [16.с.196].

Жоопкер адам бийдин чакыруусуна келбей койгон учурда анын туугандары, айылдын аксакалдары аркылуу алынып келинген. Ал эми айрым учурларда жоопкер адам айыл аксакалдарына да баш ийгиси келбесе, мажбурлоо жолу аркылуу бий алдына алынып келтирилген. Бул тууралуу А. Леонтьев: "Эгерде жоопкер адам бийдин чакыруусу боюнча өз алдынча келбесе, аны күч колдонуу, кээде байлап алып келишкен. Эгерде бийдин чакыруусунан атайлап баш тарткан болсо, анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири келүүгө тийиш болгон" [92.с.128] – деп жазат. Бирок, жоопкердин өзү келбеген учурда сырттан чечим чыгарылган эмес. Бий тарабынан жоопкерди чакыруу кызматын аткарган адамды эл арасында "чабарман" деп атап коюшкан. Чабармандын кандайдыр бир белгиси болгон эмес, бирок анын оозеки сөзүнө эл ишенген. Чабармандын, бийдин атын сатуу, аны шылдындоо катары кабыл алынып, салттуу ченемдерге жат көрүнүш катары каралган. Демек, соттук процесс доогер, анын жакындары, жоопкер жана башка өкүлдөрүнүн катышуусу менен башталган.

Сот иштери салттуу ченемге ылайык ачык, оозеки формада өткөн. Ошол эле учурда бийдин кабыл алган чечимдери оозеки түрдө болуп анын аткарылышы милдеттүү болуп саналган. Ачык жүргүзүлгөн сот ишине доогер, анын жакын туугандары, уруунун өкүлдөрү катышып, айрым учурларда гана соттошкондордун өтүнүчү менен күбөлөрсүз өткөн. Доогердин жана жоопкердин каалоосу боюнча бир же бир нече бийлер катышкан. Сот ишинин ар бир катышуучусунун укуктук даражасы болгон.

Бийлер тарабынан жүргүзүлгөн сот иштеринин жүрүшүн бир канча этаптарга бөлүп кароого болот: 1. Бийге кайрылган доогердин арыз-муңунун билдирүүсу жана сот ишинин башталышы; 2. Доогер жана жоопкер тарабынын буюмдук далилдерин көрсөтүүсү; 3. Сот иши боюнча чечим чыгаруу. Биринчи этап дооматчынын жана жоопкердин же алардын өкүлдөрүнүн катышуусунда башталган. Дооматчы өз өкүлү жана жоопкер менен келген, кээде жоопкерди бий өзү чакырткан. Сот иши жабыр тартуучу тарабынан башталган. Экинчи этаптагы сот ишинин жүрүшү негизги далилдерди көрсөтүү: 1) күнөөлүнүн далили менен кармоо; 2) жекече тинтүү; 3) күнөөнү өз мойнуна алуусу; 4) күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүн алуу; 5) буюмдук далилдер; 6) касам ичүү ант берүү болгон. Бийлер институтунун атайы жазаны аткаруу түзүмү болгон эмес. Ошол себептен чечимдерди жазалануучунун айылынын же уруусунун кадыр-барктуу адамдары ишке ашырышкан [87.с.17-18].

Бийлер тарабынан алдын ала тергөө иштери жүргүзүлгөн эмес, ошондуктан козголгон ишке тиешеси бар далилдерди жабырлануучу тарабынан чогултуусу негизги ролду ойногон. Бардык далилдердин арасынан тараптардын бирөөсүнүн күнөөнү мойнуна алуусу жана буюмдук далилдер маанилүү деп саналган. Сот процессинде далил катары күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү да кеңири колдонулган. Күбө катары суракка 15 жашка чейинки эрезеге жете электер, козголгон ишке мамилеси барлар, акылынан ажырагандар, айыпталуучунун жакын тууган-туушкандары, тараптардын биринин досу же касы, ушак боюнча уккан адамдар ж.б. киришкен эмес. Ошондой эле, мурда акча төлөгөндүгү үчүн жалган ант берип күбө болуу укугунан ажыратылгандар да күбө катары катыша алган эмес. “Күбөнүн эки түрү болгон: биринчи түрү – күбө көрсөтмөлөрү сөзсүз түрдө ант берүү менен кабыл алынган, экинчи түрү – күбөнүн көрсөтмөсү өкүм чыгаруу үчүн жетиштүү болгон. Биринчи категорияга: а) күбө тараптын туугандары (куда, бөлө, бажа, жээн ж.б.); б) коомдо баркы төмөн, туруксуз адамдар. Экинчи

категорияга ардактуу, сыйлуу, чынчылдыгы менен таанылган адамдар кирген" – дейт Б.Борубашов [70].

Кылмыштар түрү боюнча оор жана өтө оор эмес кылмыштар болуп бөлүнгөн. Кадыр-барктуу адамдарга доо келтирүү, уруу ичиндеги кылмыш, үй-бүлө башчысына каршы кылмыш, көп жолу кайталанган кылмыш, барымта, адам өлтүрүү, курал колдонулуп жасалган кылмыш ж.б. оор кылмыш болуп саналган. Өтө оор эмес кылмыштар болуп букараларга кадырлуу адамдар тарабынан жасалган кылмыш, үй-бүлө мүчөлөрүнө каршы үй-бүлө башчысы тарабынан жасалган кылмыш жана башкалар кирген [70]. Оор жана жеңил кылмыштар жарандык жана кылмыш иштер болуп бөлүнгөн эмес.

Салттуу кыргыз коомунда кылмыш түшүнүгү оор кылмыш жана жеңил кылмыш деп карашкан. Жеңил кылмыштардын түрүнө төмөнкүлөр кирген:

1) кызмат адамдарын жана ардактуу адамдардын кызыкчылыгына доо кетирсе;
2) уруунун арасында жасаган чыккынчылык;
3) үй-бүлөнүн башчысына карата болгон урматсыздык;
4) кайталанган жана бир канча ирет жасаган жоруктар;
5) курал колдонуу аркылуу жасалган жорук;
6) жаратылыш кырсыктары учурунда жасалган жорук [121.с.284];

Ал эми оор кылмыштарга:

1) адам өлтүрүү;
2) бир канча жолу жана үзгүлтүксүз кылмыш жасоо;
3) уурдап кетүү жана зордуктоо ж.б кирген.

Ошол эле учурда С. Кожоналиевдин пикирине таянсак, кыргыздардын салттуу коомунда төмөнкүдөй кылмыш иштердин түрү каралган: адам өлтүрүү, жарат келтирүү, уруп-согуу, адамды кооптуу жагдайда калтыруу, абийирине залал келтирүү, кемсинтүү, адамды каралоочу ушак жайылтуу, калың төлөө убадасын бузуу; аялдарды ала качуу, зордуктоо, ойноштук,

уурулук, каракчылык  жана тоноо, алдамчылдык, өрттөө, башканын мүлкүн жок кылуу, коомдук тынчтыкты бузуу, жалган күбө көрсөтмөлөрүн берүү, барымта, кадыр-барктуу адамдардын (манап, бий) чогулушу болуп жаткан жерге ат үстүндө келүү, атайын дайындалган кылмыш [86.с.99]. Эң оор кылмыштар болгон адам өлтүрүү, кайталанган уурулук, кыз ала качуу, зордуктоо, ала жипти аттагандык үчүн – өлүм жазасына тартылган. Өлүм жазасы уруу башчылардын жана уруулук бийлердин чечими менен дубандагы эл жыйналышында ишке ашырылган. Өлүм жазасынын бир нече түрлөрү болгон: муунтуу, даргага асуу, жардан түртүп жиберүү, жапайы үйрөтүлбөгөн аттын куйругуна байлоо жана тоодо жырткычтар бар жерге байланган абалда таштап коюу жана башкалар [86.с.100]. Алсак, "Каскелен суусунун жээгинде сарыбагыш уруусунун манабы Ормондун даргасы болгон. Ал даргага жыл сайын бирден уруу асылган абалда турган, себеби ушул ыкма менен элди коркутуу, кылмыштын санын азайтуу максатын көздөшкөн – деп жазат Ч.Ч.Валиханов [4.с.38]. Демек, бул билдирүүдөн байкалгандай өлүм жазасы өтө сейрек кездешкен. Г.Загряжский XIX к. 70-жылдардыгы өлүм жазасынын колдонулушу боюнча төмөндөгүдөй маалымат берет: "Азыркы  мезгилде өлүм жазасы такыр колдонулбайт, мурунку мезгилде деле сейрек колдонулган, ордуна кун төлөө менен жазадан кутулуу мүмкүн болгон" [14]. Айыпталуучунун сунушу жана зыянга учураган тараптын макулдугу менен өлүм жазасы кун төлөө менен алмаштырыла алган. Кундун өлчөмү коомдогу даражасына, жынысына, жашына жана кылмыштын жагдайларына жараша өзгөрүп турган. Аял үчүн төлөнгөн кун эркектин кунунун так жарымын түзгөн. Эски салт боюнча кун – 200 бээ жана 60 аттан (үчкө бөлүнгөн: 20сы аялына аза күтүүгө, 20сы  кыз себине, 20сы өлүм чыгымына жумшалган) турган. "Ал эми жаңы салт боюнча кундун өлчөмү 1000 кой жана бир төөдөн турат" –  деп жазат Г. Загряжский [14.с.164].

Ал эми 1843-жылдын жай мезгилинде Ысык-Көлдүн батыш тарабында жайгашкан Котмалдыда өткөн курултайда Ормон Ниязбек уулун Жантай жана Качыке бийдин сунушу менен хан көтөрүшөт. Хандыктын символдору

болгон туу, мөөр, бийлик курамы, жаза жана айып өлчөмдөрүн, туяк пул (кербендерден жана мал айдап өтүүдөн алынган бажы төлөмү) жана коңшу мамлекеттер менен мамилелердин багытын бекитишкен. Кабыл алынган декрет боюнча жаза жана кундун жаңы өлчөмдөрү киргизилген: адам өлтүрүү – куну 300 жылкы; бирөөнүн аялына көз артуу – 40 жылкы, уурулук – 9 жылкы ж.б. [112.21-22-б.]. Жогоруда белгилеп кеткендей, кундун өлчөмү маркум болгон адамдын мансабына, жынысына жараша өзгөрүп турган. Кабыл алынган декреттен 10 жыл кийинчирээк Ормон хан бугу жана сарыбагыш урууларынын өз ара согуштарынан улам 1853-жылы жай мезгилинде бугулар тарабынан өлтүрүлгөн. Ормондун балдары бугулардан атасынын куну үчүн төмөнкү үч талапты коюшкан: 1) Боромбай, Балбай, Тилекмат же Мырза Ормондун каны үчүн берилсин 2) 100 баалуу жасалгаланган ат менен бугулардын эң сулуу 100 кызы берилсин 3) Же Ысык-Көл ойдуңун бошотуп, Текеске калмактарга көчүшүн талап кылышкан [112.53-55-б.]. Бугу уруусу бул талаптарды аткаргандан баш тартышкандыгынан улам эки уруунун ортосунда бир нече жылга созулган чабыш башталат.

XIX к. 70-жылдары Кыргызстандын аймагында, анын ичинде Бишкек, Токмок аймактарына саякаттап келген Англия чиркөөсүнүн кызматкери Генри Лансдел өз эмгегинде кыргыздардын сотуна өзгөчө көңүл буруп: “Ар кандай кылмыштар “чапандан” “кунга” чейинки айыптар менен жазаланат. Эркек үчүн кун 1000 кой же 100 жылкы, же болбосо 50 төөгө барабар. Аялдын куну эркекке төлөнгөн кундун жарымын түзгөн. Жеңилирээк кылмыштар үчүн төмөндөгүдөй жаза болгон: таарыныч үчүн – бир жылкы жана чапан, мал уурулук үчүн – уурдалган малдан тышкары анын куйругуна бир мал, башына бир мал байланып берилген; денеге келтирилген зыяндын оордугуна жараша айыптын өлчөмү кундун ондон бир бөлүгүнөн – үчтөн бир бөлүгүнө чейинки айып пул каралган – деп белгилеген [72.с.65-66]. Белгилей кетчү жагдай, Г. Лансдел адамдардын социалдык абалына жараша кундун баасынын өзгөрө тургандыгын байкаган эмес.

Кыргыздардын салттуу адат укугунда кылмышты жеңилдетүү тажрыйбасы да өкүм сүрүп келген. Күнөөнү жеңилдетүү шарттарына төмөнкүлөр кирген: жеңил ойлуулук менен жасалган чыккынчылык, кылмыш жасаган адамдын ага чейинки кадыры, кызматы, күндүз, талаада ачык жерде жасалган кылмыш иши күнөөнү жеңилдеткен. Тескерисинче, түнкүсүн боз үйдүн ичинде жасалган кылмыш күнөөнү оорлоткон. Ал эми С. Кожоналиев болсо, жазанын жеңилдетүү түрлөрүнө: үй-бүлөнүн башчысы тарабынан үй-бүлөнүн мүчөлөрүнө каршы жасалган кылмыш, адамдын эркинен көз карандысыз жасалган (оору же болбосо аз убакытка аң-сезимин жоготуу) кылмыштар, өз аркасынан аз материалдык чыгымга алып келген жана арзыбаган залака тийгизген биринчи жолу жасалган кылмыш, мас абалында жасалган кылмыш, өз айыбын моюнга алуу, кылмыштын жасалганынан көп убакыт өтүү түрлөрүн кошуп кеткен [92.с.115-116]. Белгилей кетчү, кызыктуу көрүнүш мас абалда кылмыш жасалса, күнөө жеңилдетилген, айрым учурда айыптан бошотулуп, чыгымды гана төлөп берүүгө милдеттендирген. Кыргыздардын турмушунда мас абалда жүрүү Россиянын курамына каратылганга чейинки коомдо сейрек кездешүүчү феномен болгон. Ошол эле учурда, Г. Загряжский белгилегендей адат укугунда айыпты жеңилдетүүчү жагдайлар да каралган. Алардын түрлөрүнө: кылмышты өз мойнуна алуу; биринчи жолу кылмыш кылуу; аффект абалында кылмыш кылуу; кылмыш жасалгандан кийин көп убакыттын өтүшү; аргасыздан жасалган кылмыш (жашоо тиричилигине өтө зарыл болгондуктан жасалган кылмыш) эсептелген [16.с.167]. Ал эми Н. Гродеков кыргыздардын адат укуктары боюнча жоруксуз иштери уятка калтырбай турган аракет катары саналып, адат укугу боюнча бир канча жоруктардын түрлөрүн белгилейт. Алардын катарына: 1) тилдөө, ар кандай кемсинтүү; 2) жеңил жаракат; 3) туугандарына уруулук кылуу; 4) үрп-адатка карата жасалган жоруксуз иштер; 5) өзүм билемдик; 6) бийликтен пайдалануу; 7) алсыз, кароосуз адамдарга карата жаслган чыккынчылык; 8) башка урууларга каршы багытталган чыккынчылык [12.с.146]. Салттуу адат укугунун

тажрыйбасында күнөөкөрдү сөзсүз эле жазалоо, айыпка жыгуу башкы максат болгон эмес. Уруу аксакалдары көпчүлүк учурда уруулардын ортосунда кастыкты жаратпоо, үй-бүлөсүн бузбоо максатында «элдештирүү», «жараштыруу», «уяткаруу» салтын колдонушкан. Айрым жаза колдонуу тартибине караганда салттуу ченемдер эффективтүү болгон.

Уяткаруу, мазактоо, эл алдында шерменде кылуу сыяктуу адат укугуна байланышкан ченемдер салттуу турмушта жазанын башка түрүнө караганда калкка чоң таасир берген. Кыргыздардагы “уят” түшүнүгү коомдук мамилелерди тескөөдө чоң күчкө ээ болгондугун тастыктаган бир катар фольклордук маалыматтар азыркы мезгилге чейин сакталып калган. Мисалы: “Жигиттин куну жүз жылкы, ары – миң жылкы”, “Уят – өлүмдөн катуу” ж.б. Г. Загряжский уяткаруу жазанын күчтүү формасы катары баяндайт. Автор бул туурасында мындай деп жазат: “Айыпталуучунун бетин көө менен шыбап, кара уйга тескерисинен миңгизип алып, айылды айландыра кыдыртышкан [14.с.158]. Ушул ыкмага окшош жазаны Н.И. Гродеков “эл айландырмак” деп баяндаган. Ага ылайык күнөөлүнүн колдорун артка байлап, бетин көө менен шыбап, жылкыга миңгизип, жазаны аткарууга милдеттүү болгон адамдардын бирөөсү алдынан тартып, экинчиси аркасынан кубалап айылды аралатышкан [12.с.246-247]. Бул ыкмаларга түспөлдөш дагы бир варианты болгон: кылмышкердин мойнуна эски кийизди илип, айылды үч айлантып бастырып (айланып баскан учурда кылмышкер “мен ушундай кылмышты жасадым, бул менин жазам” деп кыйкырып турат), сабап, андан кийин терең чуңкурга ыргытылат да, ошол жерде суусуз, тамак-ашсыз азап чегип, көз жумат. Жазанын бул түрү: уурулук үчүн, ойноштук үчүн, жогоркуларга урмат көрсөтпөгөндүгү үчүн берилүүчү жаза болгон – деп белгилейт Н.И. Гродеков [12.с.246-248].

Ал эми Кокон хандыгындагы эл алдында күнөөсүн айтып ашкерелөөгө байланыштуу жаза тууралуу хандыктын турмушу менен жакындан тааныш болгон Саттар-хан Абдул Гафаров төмөндөгүдөй мисалды келтирет: “Бозо ичип күнөө кылып тартип бузган адамдын бети-башына бозону сүртүп,

мойнуна бозо куюлган идишти илип алып, эл алдына айландырган. Эл кыдырткан күнөөлүүнү: бозо ичкен, тамеки тарткан (кальян) адам жазалансын" деп кыйкырууга мажбур кылган" [49] – деп жазат.

Жазанын дагы бир түрү катары – уруп жазалоо эсептелинет. 60 жаштан кийинки кылмышкерлер бул жазалоодон бошотулган, ошондой эле "ак сөөктөр" (манап, бийлердин үй-бүлөлөрү) бул жазага тартылган эмес [104.с.99,16.с.167]. Жалган ант берүү жана жалган күбө болуу үчүн да 25-40 сокку же бирден тогуз "тогузга" чейинки айып салынган [14.с.168]. Шариятка ылайык казылар кылмышкерлерди 100 ирет шапалак [12] менен урууга же 6 күн ордого камоого чечим чыгара алган.

Көчмөн элдин адат укугундагы калыптанган көрүнүштөрдүн бири бул өч алуу. Өч алуучу бул жабыркаган адам, уруулук, туугандык аң-сезим жогору болгондуктан, өч алууга айрым учурда уруу, урук толугу менен катышкан. Н.И. Гродеков бул туурасында мындай деп жазат: «Кыргыз тарабынан жашыруун түрдө кызды башка уруунун өкүлү уурдап кетсе, уруунун мүчөсүнүн көп сандаган малын айдап кетсе, уруунун бардык мүчөлөрү өч алууга өзүн милдеттүү деп эсептешкен» [12.с.142].

Салттуу укукта калыптанган түшүнүктөрдүн бири – жоопко тартуу маселеси. Н.К. Загряжскийдин пикири боюнча, жоопкерчиликке тартуу мезгили 13 жаш курактан башталган. 13 жаштан төмөнкү кылмыш ишин жасагандар ата-энесине тапшырылган (үй-бүлөдө тарбия иштерин жүргүзүү үчүн). 13 жаштан жогорку өспүрүмдөр үчүн жарым-жартылай жазанын түрү колдонулган. Алсак, жаза 60 сокку болгон болсо, 30 гана сокку берилет жана да камчынын ордуна тал чыбык менен сабалган [14.с.167].

Салттуу сот системасында кылмышкердин азаттыгын чектөө жана коомдук иштерге тартуу жазалары кеңири колдонулган эмес. Көчмөн жашоо турмушка ээ кыргыздарда классикалык түшүнүктөгү түрмө болгон эмес, бирок адамдын азаттыгын чектөөгө байланыштуу жазалоо түрлөрү кездешкен. Мисалы: жерге айлана чийилип, элдин көзүнчө күнөөкөрдү анын борборуна отургузушкан жана кетүүгө мүмкүнчүлүк беришкен эмес. Бул

жаза бир нече сааттан бир нече күнгө чейин созулган. Казактарда бул жаза түрү “міирман тохта” деп аталат [19.с.21]. Ал эми Кыргызстандын түштүгүндө зындандар (Зиндан – перс nâdniz ,زندان— түрмө. “zin” – күнөө, “dân”- жай, бөлмө. Күнөөлүүлөр бөлмөсү) кеңири колдонулуп келген.

XIX к. орто ченининдеги айыптын өлчөмдөрү тууралуу Ч. Валиханов төмөндөгүдөй маалыматты берген: “Алардын (кыргыздардын) уурулук үчүн болгон айыптары казактарга караганда жогору. Бир жылкы үчүн ууру анын ээсине 60 ат, ал эми кылмыш ишин тескөөгө алган бийге бирден төө жана күлүк берүүгө мажбур болгон” [4.с.42]. Ал эми Г. Загряжскийдин маалыматына таянсак, бир уурдалган малдын же мүлктүн ордуна, айыпталуучу эки эсе төлөп берүүгө тийиштүү болгон [14]. Башка булактарда берилгендей айыптын өлчөмү үч эсе, беш эсе, жети эсе, тогуз эсе [86.с.106] же “үч тогузга” (ар бир уурдалган баштын ордуна 27 баш) [14] чейин жогору боло алган. Айыптын өлчөмү бир катар себеп жана кырдаалга жараша болгон: мүлктүн мааниси жана баалуулугуна жараша; ниетинен; кылмыштын экинчи ирет жасалышынан; маселени карап жаткан бийлердин да субъективдүү мамилесине көз каранды болгон. Айыпталуучунун күнөөлүү же күнөөлүү эместигин аныктоо үчүн, далилдер жана күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү зарыл болгон.

Мындан сырткары кыргыздарда кылмышка байланыштуу жетишээрлик дадилдер табылбай калган учурларда гана ант берүү жараяны колдонулган. “Эгерде жеңил кылмыш иштерин кароодо айыптоо же актоо үчүн далилдер табылбай калса доогерге же жоопкерге ант берүүнү сунушташкан” – деп жазат Г.Загряжский [14.с.199]. Эгерде айыпталуучу тарабынан ант берүүчү күбө буларды аткаруудан баш тарткан болсо, кылмышты жасаган жана күнөөлүү деп эсептелинген. Тескерисинче, ант берген болсо анда айыпталуучудан бардык күнөөлөр алынган жана ал акталган. Ант берүүчү, кимдин гана тарабында болбосун, ант берүүгө макул болгондон кийин, каралып жаткан иш менен таанышууга убакыт берилген. Өз ара сурамжылоо, иликтөө жүргүзгөндөн кийин маселе боюнча ант берүүгө макулдугун же

макул болбогондугун бийге же доогерге билдирген.  Ант берүүчүнүн белгиленген убакытта жөнү жок себеп менен келбегендиги, жоопкердин күнөөлүү экендигин аныктоого түрткү боло алган. Эң оор кылмыштар мазарлардын [119.с.11] же болбосо  аталардын мүрзөлөрүнүн жанында жүргүзүлгөн [114.с.130]. Жоопкер өзүн күнөөсүз экендигин далилдеш үчүн бир кесе суу ичип, ата-бабалардын көрүн жети ирет айлануусу зарыл болгон. Ыйык булак, дарак (долоно), таштардын жанында ант берилген. Ант берүүчүнү коркутуп, чындыкты билүү максатында аны жуундуруп, саванга ороп жаңы казылган көрдүн жанына барып ант ичиришкен [12.с.211-217]. Жалаң бут менен нанды тебелеп, нанга, тузга заара чыгарып да ант берүү болгон [86.с.33]. Кээ бир учурларда жоопкердин аялдын буттарынын арасынан өтүүгө зордошкон. Бул ант берүүнүн эң кемсинтүүчү бир формасы болгон. Жеңил кылмышты аткарган адам жөнөкөй чырпыкты же ала жипти кесүү менен өзүн актай алган. Антты 15 жаштан жогору эркектер бере алган. Аялдар, жаш балдардан ант алынган эмес, алардын ордуна күйөөсү, атасы же бир тууганы ант берген. Ант берүүчү адамды – жан берүүчү, ал эми антты кабыл алган адамды – жан алуучу деп аташкан. Андан сыркары, ыйык Куранды кармап ант берүү да кездешкен. Куран кармап ант берүү Кыргызстандын түштүгүндө кеңири колдонулган. Себеби, түштүктүк кыргыздардын турмушунда шарияттын мааниси алда канча чоң болгон. Ант берердин алдында молдолор менен бийлер ант берип жаткан тараптардын достугуна, кастыгына карабай туура маалыматтарды айтуусун эскертишкен. Куран кармап ант берүү жол-жобосун молдо жүргүзгөн жана ант берген убаданы арап же болбосо фарсы тилдеринде кайталап турган.  Тараптардын ант берген сөзү атайын кагазга түшүрүлүп, астына кол коюлган. Анан кийин мөөр иретинде манжа изин кагазга түшүргөн. Ант бергенден кийин типографиялык жол менен атайын жасалган атайын бланкта сот отурумун ким жетектегени, ким катышканы көрсөтүлүп, ант берген адам ага колун койгон. Ант эки түрдүү болгон: айыпталуучу тараптын актанууга анты жана жабырлануучу тараптын ырастоо анты. Актануучунун ыйык Куранды кармап

ант берүүсү абдан көп кездешкен, себеби өзүнүн күнөөсүз экендигин ушул жол менен далилдөө машакаты жок узака созулбаган оңой иш-аракет болгон. Куран кармап ант берүүнүн эң оор формасы катары молдонун көрсөтмөсү менен Куранды колуна алып, өөп, «Кудай урсун, Куран урсун» (Кудай жазаласын) деп жалбарып ант берүүсү керек болгон.

Негизинен, ант өтө сейрек учурларда берилген. Көпчүлүк  учурларда доогер жоопкердин ант берүүгө даяр экендигин көрүп, коюлган доолорунан баш тарткан. Мындай жагдайды митаамдар жана алдамчылар көп колдонушкан. Ысык-Көл уездинин начальниги 3-апрель 1869-жылкы жазылган отчетунда мындай деп жазат: “Көпчүлүк кыргыздардын ишенимдерине караганда, кудай жана арбактар жалган ант берүүгө жол бербейт, жалган ант берген адам, ант берүү учурунда өлүмгө дуушар болот. Эптүү, амалкөй кылмышкерлер элдин жөнөкөйлүгү менен колдонуп, жалган анттарды бере беришет” [114.с.130]. Кыргыздарда ант түшүнүгүнүн мааниси чоң болгон. Эл арасында буга байланыштуу бир топ лакаптар, фразеологизмдер  сакталып калган: “Уу ичкен бир өлөт, ант ичкен миң өлөт”, “Ант ичкендей кубарган”, “Ант ичкендей саргайган”, “Ант өзүңдүн мойнуңда” жана башка ушул сыяктуу [119.с.57]. Азыркы мезгилге чейин кыргызардын аң-сезиминде “ант берүү” менен байланышкан “нан урсун”, ”кудай урсун”, “ тузум урсун” деген түшүнүктөр сакталып келүүдө.

Салттуу укукта бийлердин чечимине даттанууларга жол берген. Кайрадан ишти кароолор чоң чогулуштарда, аш-тойлордо өткөрүлгөн. Наааразы болгондор уруунун манабына “тартуу” менен келип, арызданышкан. Манаптар даттануучулардын оозеки арызынын негизинде ишти кайрадан карап чыккан [87.с.18]. Эгер чечим туура деп ойлосо, арыздануучуларды ынандырганга аракет кылган. Туура эмес деп тапкан болсо жеке өзү же башка бийлердин катышуусу менен ишти карап чыккан. Ошого жараша макул эмес ойлорун айткан. Уруу башчысынын чечимин аппеляцияга берүү мүмкүн эмес болгон, себеби арызды берүү үчүн манаптардан жогору турган инстанция болгон эмес.

Кыргыздардын Россия империясынын курамына кирүүгө чейинки мезгилде салттуу укукта жарандык жана кылмыш иштеринин арасында так чек болбогондугун байкасак болот. Ажырашуулар да бийлер тарабынан жүргүзүлгөн. Чырпыктын бир аягын күйөсүнүн атасы кармап, экинчи аягын аялынын атасы кармап турган. Күбө бычак менен чырпыкты так ортосунан кескен [116.с.18]. Бул ишти аткаргандыгы үчүн ал ат, же баалуу чепкенди белекке алган. Белекти ажырашууга көбүрөөк кызыкдар болгон тарап берген. Эгерде ажырашуудан кийин бир тарап бийдин чечими менен макул болбосо, экинчи тарап “чырпыкты кесүүгө” башка бир барктуу күбөнү чыгарып, бийдин “бүтүмү” өз күчүндө калган [14.с.158]. Белгилей кетчү нерсе, мындай күбөлөрдүн ролун керектүү учурларда таасирдүү адамдар аксакалдар, байлар, манаптар ж.б. аткарган.

Жоопкер кандайдыр бир кылмышты аткаргандыгы далилденсе ага айып пул салынган. Эгерде жоопкердин каржылык абалы айып пулду төлөөгө туура келбесе, үй-бүлөсү, урууластары төлөөгө жардам беришкен. Урууластары же үй-бүлөсү жардам берүүдөн баш тартышса, жоопкерди айып пулду иштеп берүү үчүн доогерге беришкен. Кээ бир кылмышкерлер жасаган жазасына жараша уруп-жазалоого да тартылган. Манаптар болсо мындай жазалоодон бошотулган [101.с.99,23.с.167]. Кылмышкерди ачык талааага алып чыгып, белге чейин жылаңачтандырып, камчы менен аркасына урушкан. Соккулардын саны кылмышкердин жасаган кылмышынын мүнөзүнө жана даражасына көз каранды болгон. Негизинен соккулардын саны алтыдан кем эмес жана токсондон көп эмес болгон.

Бийлер сотунун аныкталган бир өлчөмдөгү акысы болгон эмес, аткарган кызматы үчүн жоопкерден жакшы ат, чепкен же башка баалуу буюмдардан түзүлгөн “бийликти” алган. Россия империясынын курамына киргенден кийин бий кызматынын баасы арыздын наркынын 10 пайызын түзгөн. Бийлер сотунун акы төлөнүүчү кесиптик ишкердикке айлануусу – сот системасынын институтционалдашуусунун бир этабы. Бий адилетсиз чечим чыгарган учурларда жоопкерчиликке тартылган эмес, бирок мындай

жагдайлар анын аброюна шек келтирген жана ага кайрылуудан баш тартышкан. Эл арасында кадыр-баркы азайган. Ошондуктан, ар бир бий арызды кароодо максималдуу түрдө жоопкерчиликтүү мамиле жасап, ошону менен өзүнө келечекте бий катары элдин ишеничин актоого аракет кылган. Бий сотунун кыргыздардын арасында кадыр-баркка ээ болуусуна, алардын өкүм чыгарууда бир гана абстрактуу байыркы салттарга таянбастан, реалдуу иштин шарттарын, айыпталуучунун бейнесин, анын социалдык абалын, кылмыштын жагдайын эске алгандыгы маанилүү өбөлгө болгон. Бул факторлорго жараша алар өз ыктыяры менен салттуу укукта берилген жазаны жумшартышкан же күчөтүшкөн. Бийлердин мындай саясаты бир гана абстракттуу мыйзамдын салтанаты эмес, бузулган мамилелердин калыбына келтирүү, тараптардын кызыкчылыктарын канааттандыруу менен салттуу соттун маанисин түшүнгөндүктөрүн билдирген.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз элинин юридикалык маселелерин адатка таянган бийлер соту чечкен. Сот жараяны оозеки түрүндө жүргөн жана бийдин бүтүмү атайы жазма документтер менен бекемделген эмес. Соттошуучу тараптардын социалдык абалы, эл арасындагы кадыр-баркы соттун чечимине түздөн-түз таасир эткен. Россия империясынын карамагына киргенге чейин бийлер соту бардык административдик, жарандык, кылмыш иштерин кароого укуктуу болушкан. Бийлер соту жекече жана коллегиалдуу болуп, салттуу укук – адатка ылайык чечим чыгарып келишкен.

**Жыйынтык:**

*Таблица №1*

*Изденүүчү тарабынан түзүлдү*

**Бий менен казыны салыштыруу**

| *Окшоштуктары* | *Айырмачылыгы* |
|---|---|
| 1. Бийлер дагы, казылар дагы соттун функциясын аткарышкан. | 1. Бийлер көчмөн калк аймагында иш жүргүзүшкөн. Казылар отурукташкан калк аймагында иш жүргүзүшкөн. |
| 2. Экөө тең салттуу сот бийлигинин өкүлдөрү болушкан. | 2. Бий даражасы атадан-балага мурас катары өткөн. Казыларды хан же бек дайындаган. |
| 3. Адилетсиз же туура эмес чечим чыгарган учурда жоопкерчилике тартылышкан эмес жана чечимдери даттанууга жатпаган. | 3. Бийлер сот иштерин адатка таянып жүргүзүшкөн. Казылар шариятка таянуу менен иш алып барышкан. |
| 4. Айлык акы алышкан эмес, Көпчүлүк учурда иштин маанилүүлүгүнө жараша уткан тараптар өзү каалаган формада ыраазычылык билдиришкен | 4. Бий болуудагы негизги критерий – бул коомдогу жүрүм-туруму жакшы, кадыр-баркы жогору, үлгүлүү болуусу шарт болгон. Казыларда болсо - исламдын укуктарын мыкты өздөштүүсү зарыл болгон. |
| 5. Башкаруу чөйрөсүндө «жогорку» бийликтегилерге көз каранды болушкан. | 5. Кыргыздардын сот практикасында башкаруу чөйрөсүндө бийлер таасирдүү адамдардын, уруу башчылардын, аксакалдардын кийлигишүүлөрү менен адилетүү чечим чыгара алган эмес жана көз каранды болгон. Казылар хан, бектерге көз каранды болушкан. |

– Кыргыздардын коомдук-саясий турмушунда бий башкаруучу социалдык катмар катары орто кылымдардан баштап кызмат адамы катары жашап, бара-бара ар бир уруунун, уруктун өз алдынча бийи түзүлүп, алар укукка байаныштуу саясий, социалдык-экономикалык маселелерди чечип турган;

– XIX к. 40-жылдарынан тарта кыргыз коомунун социалдык турмушунда жүргөн өзгөрүүлөрдүн жыйынтыгында манаптар социалдык катмар катары калыптанып, алар административдик функцияны, а бийлер болсо соттун функциясын аткара башташкан;

– Отурукташкан калк арасындагы казы сотунун жаралышы ислам динин кабыл алуу менен тыгыз байланыштуу көрүнүш. Ал эми Кокон хандыгынын мезгилинде Фергана өрөөнүндөгү көчмөн, отурукташкан калктарда казы жана бий соту өкүм сүрүп турган;

– Салттуу кыргыз коомунда жазалоодон жана жоопко тартуу элдик тажрыйбага негизделген “айыпка жыгуу”, “уят кылуу”, ”ант берүү”, “убада берүү”, “мазактоо” ж.б. ушул сыяктуу элдик баалуулуктар ар кандай соттук чечимдерден да жогору турган.

# IV БАП. КОЛОНИЯЛЫК МЕЗГИЛДЕГИ СОТ СИСТЕМАСЫНДАГЫ РЕФОРМАЛАР

## 4.1. Жаңы административдик башкаруу системасынын орношу, сот түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөр

XIX к. экинчи жарымында Россия империясынын Орто Азияны анын ичинде Кыргызстанды каратып алуу саясаты ишке ашкан. Т. Кененсариевдин пикирине таянсак Кыргызстан 1855,1863,1868,1876-жылдардагы келишимдердин натыйжасында тынчтык жана каратып алуу жолдору менен Россия империясынын курамына кирген [82]. Ошентип, Россия империясынын карамагына өтүү тараптардын сүйлөшүүсү, ант берүү, грамоталарды берүү жолдору менен ишке ашкан. 1855-жылдын 17-январында Ысык-Көлдүк бугу кыргыздарынын ант берүүсү менен кыргыздардын Россияга кошулуусунун алгачкы этабы башталган.

1856-жылы Ысык-Көл өрөөнүнө келген отряддын курамындагы котормочу Г. Бардашев: “Кыргыздар урууга жана урукка бөлүнүшкөн, алардын негизгилери бугу, сарыбагыш жана солто болгон. Ар бир урууну жана урукту элдин көпчүлүк добушу менен шайланган манаптар башкарган. Алардын бийлиги муундан-муунга өтүүчү, балдарына жалпы туугандарына мураска берилүүсү жетишкендик катары мүнөздөгөн [1.с.385]. Ысык-Көл аймагында жашаган бугу, сарыбагыш, урууларынын жалпы санын билүүгө мүмкүн эместигин белгилеген. Ал эми Г. Бардашев 1847-жылы эле Россияга кошулууга ниеттенген Ормон, Жантай, Жангарачтардын карамагында 40 000 түтүндөй кыргыздар, Боромбайдын карамагында болсо 10 000 түтүндөй эл болгондугун кошумчалап кеткен [1.с.385]. Ысык-Көлдүк кыргыздардын Россия империясынын курамына кириши менен кыргыздардын салттуу башкаруусунда административдик жактан реформалоо иштери жүргүзүлө баштап, ал реформа бир канча этапка бөлүнгөн. Биринчи этапта, Ысык-Көлдүк кыргыздар Батыш Сибирь генерал-губернаторулугунун курамына каратылган. Кийинчерээк аталган генерал-губернаторлук “Хан ордо жана бугу кыргыздарынын башкармалыгы” деп атала баштап, приставдын

жардамчысы Ф. Ногоев котормочу катары дайындалган жана ага Ысык-Көлдүк кыргыздар көчүп-конуп жүргөн жерлерде “жаңы көз каранды болгондорду дайым көзөмөлдөө милдети” [81.с.76-84] жүктөлгөн. Ал эми “Хан ордо жана бугу кыргыздарынын башкармалыгы” 1856-жылдын 3-ноябрынан тарта жаңы түзүлгөн область Алатав округуна каратылып, анын башында Г. Колпаковский (1859-1865-жылдары) башкарып турган [19.с.219-269].

Россиянын курамына кирген Ысык-Көл кыргыздарын мурдагыдай эле өз манаптары башкарышып, “талаш-тартыш маселелерди карoo жана чечүү алардагы тартип боюнча” каралган. Ысык-Көл кыргыздарынын башчысы Боромбай Бекмуратов бугу уруусунун башкы манабы болуп дайындалып, “Чоң ордо кыргыздарынын приставынын бардык иштери боюнча жоопкер” болууга милдеттүү болгон. Мураскерлери бугу уруусунун тартибине ылайык, Батыш Сибирь генерал-губернатору аркылуу бекитилген. Башкы манаптын маянасын Чоң Ордонун улук султандарынын маянасы менен бирдей төлөшкөн, башкача айтканда, жылына 343 рубль күмүш акча менен алышкан, ошондой эле манап сиңирген кызматы үчүн Россия бийлигинен ар кандай чин ж.б. артыкчылыктарды алуу укугуна ээ болгон” [19.с.176]. Аскер министринин 1854-жылдын 14-декабрдагы буйругу менен Боромбайга подполковник аскердик даражасы ыйгарылган. Ал эми маянасын убагында алып турганын ынанымдуу айтуу мүмкүн эмес, бирок 1866-жылы бул кызматты жоюу жөнүндө чечим кабыл алынган соң, ага маяна төлөө токтотулган. Бул чечимди орус администрациясы “келечекте башкы манапты шайлоодо өз элинин кызыкчылыгы үчүн эмес, өз кызыкчылыктары үчүн ар түрдүү партиялардын (топтордун) уюштурулушун жана интригаларды токтотуу максатында” кабыл алгандыгы менен түшүндүргөн.

Аймактагы администрациялык системанын калыптанышынын кийинки этабы 1865-1867-жылдарды камтыйт. Бул мезгил аралыгында тактап айтканда, 1865-жылы Оренбург генерал-губернеторлугунун курамында Түркстан областы түзүлүп [5], Оренбург генерал-губернаторлугунун

карамагына Ысык-Көл, Чүй, Кемин, Талас, Кетмен-Төбө өрөөндөрү жана ички Тянь-Шань кирген.

Жаңы түзүлгөн административдик бирдикти башкаруу максатында 1865-жылы 6-августта император Александр II "Түркстан аймагын башкаруу тууралуу убактылуу Жобону" бекиткен [5]. Областтын биринчи аскер губернатору болуп генерал-майор М.Г. Черняев дайындалган. Муну менен катар Түркстан областынын ички администрациялык-аймактык бөлүнүшүнүн системасы аскердик максатка ылайык жүргүзүлгөндүгүн белгилей кетүү абзел. Анын негизин аскердик-аймактык бирдиктер түзүп, ал турсун областы башкаруу аскер адамдарынын колунда болгон. Жашыруун кеңешчи Ф.К. Гирстин билдирүүсү боюнча, бул этапта "алгач каратылып алган жерлерди башкаруу ошол учурдагы аскерлерди башкарган генерал-майордун (ошол учурда Оренбург генерал-губернаторуна баш ийген генерал-лейтенант Черняев) түздөн-түз чечимдеринин негизинде ишке ашырылган" [35.с.2]. Түркстан областынын ички административдик-территориялык бөлүнүү системасы аскердик маселелерди чечүү максатында болгондуктан, анын өзөгү аскердик-территориялык бирдиктер: оң канат, борбор жана сол канат болгон. Оң канатка – Сыр-Дарыя району, Аральск, форт №1 (Казалинск) жана Перовск (Кызыл-Орда) шаарлары кирген; борбору – Түркстан жана Чимкент райондору болгон. Сол канатка – Олуя-Ата, Пишпек жана Мерке шаарлары кирген [79.с.35]. Системанын негизги өзгөчөлүгү аскердик башталышка ээ болгондугунда турат. Ошондуктан Жобонун расмий аталышы "аскердик-элдик башкаруу" деп бекитилген. Падышалык төбөлдөрдүн билдирүүсүндө ылайык: "Бул мезгилдеги өрөөндүн маанисинин төмөндүгүнөн улам, бардык башкаруу бийлиги аскер башкармалыктын карамагында болгон" [35.с.2].

Өз курамына басып алган жерлерди кошуп алуу менен падышачылык эң алгач натыйжалуу, бирок ошол эле учурда башкаруунун жана колониялык эксплуатациялоонун каражатты көп талап кылбаган системасын түзүүгө кам көргөн. Н. Абдурахимова, Г. Рустамовалар белгилегендей, "Түркстанды

каратып алуу акцияларын баштаганы менен, падышачылыктын кеңири масштабдагы аймакты кошуп алууда дыкаттык менен иштелип чыккан пландары, ал турсун басып алган жерлерде башкарууну уюштурууга байланыштуу долбоорлору да болгон эмес. XIX к. 60-жылдарынын башында борбору Ташкент болгон “Талаа генерал-губернаторлугун” түзүү жөнүндөгү абстрактуу сунуш да өкмөттүк чөйрөдө орунсуз деп эсептелген” [57.с.20].

Областтык администрация начальниктерге баш ийген бөлүмдөргө бөлүнгөн. Анда “бардык башкаруу бийлиги, ал учурда аймак үчүн анчейин мааниге ээ болбогон аскер начальниктеринин колуна топтолуп” ага орус төбөлдөрү тарабынан дайындалган жана жергиликтүү элге карата полициялык көзөмөлдөө иштерин аткарган жергиликтүү калктын башкаруучулары баш ийишкен [35.]. Областтык администрациянын негизги милдеттери болуп соода кербендеринин коопсуздугун камсыздандыруу, жергиликтүү калктан алынуучу салыкты, аларга администрация тарабынан белгиленген шарттын аткарылышын көзөмөлдөө болгон. Мындан тышкары, жергиликтүү калктын башкаруучулары соттун милдеттерин аткарууну да колго алышкан. Жер-жерлердеги салттуу мусулман сот мекемелеринин иш-аракеттери да алардын көзөмөлүндө болгон.

Бул мезгилдеги аймакты башкаруунун айрым өзгөчөлүктөрүн белгилеген Н. Южаков: “Генерал Черняев бул маанилүү жана башкы маселеге абдан этияттык менен мамиле жасаган. Алгачкы төрт жылы аймак өтө алсыз болуп бир аз сандагы орус аскерлери менен башкарылган, же бул орус аскерлеринин жөнөкөй эле аскердик машыгуусу болгон. Бирок, алгачкы төрт жылдагы башкаруунун зор мааниси тынымсыз кандуу толкундоолор, согуштар менен коштолгон толук анархиялык өлкөгө тынчтык орнотуп, калктын тынчтыкта эмгектенүүсүнө мүмкүнчүлүк берүү болгон” – деп жазган [56.с.13].

Иш жүзүндө орус бийлиги калктын ички башкаруу иштеринде алгач байкоочу катары гана катышкан. Калкты алгачкы төрт жыл ичинде, анчалык мааниге ээ болбогон өзгөртүүлөр жана чектөөлөр менен аксакалдар,

сарттарды болсо казылар, кыргыздарды улук бийлер жана жөнөкөй бийлер башкарышкан. Демек, Россия империясы тарабынан жүргүзүлө баштаган административдик башкаруу реформасынын алгачкы этабында 1855-1866-жылдары падышалык административдик башкарууну өздөрү тарабынан дайындалган манаптар аркылуу башкара баштаган. Административдик реформаны акырындык менен этап менен жүргүзүлүшү жергиликтүү элди чочутпоо, көндүрүү максаты катары карасак болот.

Кыргыздардын салттуу коомдук өзүн-өзү башкаруу органдарын реформалоонун экинчи этабы 1867-жылы Сыр-Дарыя жана Жети-Суу областарынан турган Түркстан генерал-губернаторлугунун түзүлүшү менен башталат. Н. Южаков белгилегендей, Россияга каратылган жаңы аймакты империяга түбөлүк кошуу керектигин, бирок анын мындай начар башкаруусун кийинкиге калтырбай, ага жергиликтүү шартка ылайык, элдин мүнөзүнө туура келе турган жарандык башкарууну киргизүү чечимине келген [56.с.17].

1865-жылы келечекте башкаруунун жаңы долбоорун түзүү жана үйрөнүү максатында, атайын комиссия (Талаа комиссиясы) түзүлгөн. Талаа комиссиясын (Степная комиссия) түзүүнүн демилгечиси жана түздөн-түз уюштурууючусу аскер министри Д.А. Милютин болгон. Комиссиянын курамына ички иштер министрлигинен – Ф.К. Гирс (төрагасы), аскер министрлигинен – А.К. Гейнс, Оренбург администрациясынан – К.Г. Гутковский, Батыш Сибирь администрациясынан – А.П. Проценко кирген. Жаңы долбоорду иштеп чыгууда, түрлүү көз-караштар болгондугуна карабастан Александр II комитеттин көпчүлүк мүчөлөрүнүн пикирин колдоп, 1867-жылы 11-апрелде долбоорго кол койгон. Бул долбоордун негизинде 1867-жылы 11-июлда Түркстан генерал-губернаторлугу түзүлгөн.

Түркстан генерал-губернаторлугунун түзүлүшү менен 1867-жылы 11-июлда “Проект положения об управлений в Семиреченской и Сыр-Дарьянской областях” [45] аттуу Жобо кабыл алынган. Жети-Суу областынын борбору Верный (Алматы), Сыр-Дарыя областынын борбору

болсо Ташкент шаары эсептелип, азыркы Түндүк Кыргызстандын көпчүлүк бөлүгү (Талас өрөөнүнөн башкасы) Жети-Суу областына кирип калган. 1882-жылы Батыш Сибирь генерал-губернаторлугунун жоюлушу менен 1882-1899-жылдары борбору Омск шаары болгон “Талаа губернаторлугу” (Степное генерал-губернаторство) түзүлүп, анын курамына Жети-Суу областы кирсе, 1899-1917-жылдары Түркстан крайынын курамына кошулган. Ал эми азыркы Талас өрөөнүнүн аймагы жаңы административдик башкаруу системасына ылайык Түркстан генерал-губернаторлугунун Сыр-Дарыя областынын, 1886-1917-жылдары Түркстан крайынын курамында болгон.

Ал эми Россия империясынын Кокон хандыгына карата жасалган басып алуучулук саясатынын негизинде 1876-жылы 19-февралда Александр II нин буйругунун негизинде Кокон хандыгы кулап Фергана областы түзүлөт.Түштүк аймакта жашаган кыргыздар Фергана областынын бир катар уездерине карап калган.

Аймактын биринчи генерал-губернатору болуп, генерал-адъютант К.П. Кауфман дайындалып, аны 1882-жылга чейин башкарган. Н. Южаков: “Ал орус бийлигин бекемдеп… катуу тартип орнотуп, жаңы башкарууну киргизип, орус жарандыгын алууну башаттаган. Өлкөнү кыдырып, анын калкы, жашоо-турмушу, мүнөзү, жергиликтүү шарттары менен таанышып чыккан генерал-адъютант Кауфман Жобонун долбоорун толугу менен жетекчиликке алып, андагы  штаттар боюнча аймакты жаңыча башкарууга болоорун билген” – деп жазат [56.с.17].

Жаңыдан түзүлгөн генерал-губернаторлуктун башкаруу структурасынын негизги принциптери төмөндөгүлөр болгон:

1) аскердик жана административдик бийликтин бөлүнбөстүгү анын бир колго топтолушу;

2) жергиликтүү калктын саясий мүнөзгө ээ болбогон, бардык маселелер боюнча ички башкаруусу, элдин ичинен шайлоо жолу менен анын каада-салттарына ылайык өздөрүнө ыйгаруу” [56.с.17].

Жаңы киргизилген административдик башкаруу системасынын Жобосу аймактагы чек аралык жана ички абалды эске алуу менен “аскердик” элемент басымдуулук кылган, аскердик жана администрациялык бийликтин биримдиги сактоого багытталган. Жергиликтүү уруу башчыларынын бийлигин алсыратуу максатында, администрациялык-аймактык бөлүүнү уруулардын орун алышына эмес, жергиликтүү калктын чарбалык турмушунун жалпылыгына ылайык ишке ашырышкан; исламдын шарттары жана адаттардын (айылдардагы бийлердин соту жана кыштактардагы казылар соту) негизинде иш алып барган сот институттары сакталган; жергиликтүү калктын чарбалык турмушунун өзгөчөлүктөрү эске алынган. Мындай шартта, К.П. Кауфмандын пикири боюнча, башкарууну уюштурууда этияттык менен мүмкүнчүлүктүн жетишинче катуу тартип жана тынчтык орнотуу, калктагы ар кандай жаман башталыштардын алдын алуу, салык төлөмдөрүн камсыз кылуу, кошуна элдер менен тынчтык мамилелерин түзүү, Россия империясынын жаңы бөлүгүндө тажрыйба жана билимди пайдалануу менен уюштуруу иштерин жүргүзүүгө даярдык көрүү керек болгон” [18.с.5-5]. Азия комитетинин 1875-жылдагы чечимдеринде, “Россия аймакты обочолонтуу эмес, тескерисинче, аны Россиянын калган бөлүктөрүнө толугу менен кошуу болгон” [18.с.47].

Россия империясы тарабынан кабыл алынган жаңы административдик башкаруу системасына ылайык генерал-губернаторлук областтарга, уезддерге жана жергиликтүү башкаруу органдарына (болуштукка, айылдыкка) бөлүнгөн. Бардык административдик кызматтарга (жергиликтүүлөрдөн башка) аскердик жана жарандык төбүлдөр дайындалып мындай система “аскердик-элдик” башкаруу деп атала баштаган. Белгилей кетчү көрүнүш 1865-1917-жылдар аралыгында Түркстан крайын башкаруу боюнча бир катар Жоболор жана Жоболордун долбоорлору [8,45,51] иштелип чыккан. Жоболордун иштелип чыгышы, толукталышы, кошумчаланышынын түпкү максаты Түркстан крайын колонияга айландыруу, жерди мамлекеттик менчикке айландыруу, саясий көзөмөл, сот

органдарын империялык мыйзамга баш ийдирүү болгон. Жалпысынан, 1867-1886-жылдар аралыгында генерал-губернаторлукту башкаруу, анын ичинде сот түзүлүшү боюнча 6 проект сунушталган (1867-ж,1871-ж,1873-ж,1881-ж,1884-ж) жогорудагы Жоболордун бири дагы 1886-жылга чейин бекитилбестен, убактылуу иштеп турган.

1868-жылдын башында талаа комиссиясы тарабынан иштелип чыккан Оренбург жана Батыш Сибирь генерал-губернаторлугундагы Урал, Тургай, Акмоло жана Семипалатинск областтарын башкаруу жөнүндөгү Жобонун долбоорунда, айрым жерлери гана алынган (башкы башкармалык, жерди пайдалануу эрежелери, дин кызматкерлеринин иштерин көзөмөлдөө ж.б.), Түркстан генерал-губернаторлугунда иштелип жаткан башкаруу системасы сунушталган.

Орус падышачылыгына Түркстандын бир бөлүгү кошулгандан кийин, жаңы территорияларды башкаруу үчүн бир гана аскердик башкаруу жетиштүү болгон эмес. Ошондуктан, “аскердик башкаруу” “аскердик-элдик” башкаруу менен алмаштырылган. “Аскердик-элдик” башкаруунун түзүмү төмөндөгүдөй болгон: административдик (уезддик, областтык, башкаруу, генерал-губернаторлук), сот (уезддик,жергиликтүү сот), аскер жана аскер-талаа соттору (областтык сот жана башкаруучу сенат). Ошондой эле, жергиликтүү башкаруу органдары: административдик (болуш), сот (айылдык бий соту, арачы сот, бийлердин болуштук жана чукул сьезддери) түзүмдөрү. Жаңы сот системасына ылайык, “туземдик эл” элдик сотто өз маселелерин чечишкен. Элдик соттор экиге бөлүнгөн: арачы соттор (араздашып жаткан тараптар өз ара тандалып алынган бийлер) жана айылдык бийлер болгон. Ошондой эле, болуштук бийлердин съезди жана бийлердин чукул съезди деп бөлүнгөн. Сот системасынын жогорку инстанциясы уезддик же областык төбөлдөр эсептелинген. Жаран айылдык, болуштук бийлердин чечимине канааттанбаган мезгилде жогорку административдик төбөлдөргө кайрылууга мүмкүнчүлүгү болгон.

Болуштуктарды жана айылдарды уюштуруу тартиби урууларга жараша эмес, географиялык табигый чектерге, жайлоо, суу, өзөндөргө жараша жүргөн. Айылдар жетимиштен эки жүзгө чейинки сандагы түтүндөн турган. Ар бир айыл өзүнө таандык бийи болгон. Болуштуктар алтыдан он экиге чейин айыл сегиз жүздөн-эки миң түтүнгө чейин элди өзүнө камтыган. Эгерде бир өрөөндө бир урууга таандык бир миң беш жүз түтүн эл болсо, эки же үч болуштука бөлүнгөн. Болуштуктагы айылдардын санына жараша бийлери да болгон. Жаңы администрация өкүлдөрү кыргыздардагы мурунтан калыптанып келе жаткан уруулук-уруктук байланыштарды жана уруулук-патриархалдык түзүмдү жоюуга аракет жасашкан. Айылдар он жана элүү түтүн болуп бөлүнгөн. Ар бир он жана элүү түтүндүн атынан бир адам тандалган. Ондук жана элүүлүк бир шайлоочу бирдик болуп эсептелинген. Биринчилер айылдык старшинаны, ал эми экинчилер болуштун башкаруучусун жана бийлерди шайлашкан. Ар бир болуштук үчүн 4 – 8 чейин бий шайланып алынган [56.с.38].

1867-жылдагы Жободо көчмөн жана отурукташкан калктардын арасында адатка жана шариятка негизделген (саясий мүнөздөгү эмес) жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарын сактоо менен аларды реформациялоо тартиби киргизилген. 1867-жылы кабыл алынган Жобонун “соттун түзүлүшү” деген бөлүгүндө сот түзүлүшүнүн жаңы нормалары, принциптери каралып, сот түзүлүшүн реформалоонун жаңы этабы башталган. Алсак, 1867-жылдагы Жободо үч сот органы: аскердик сот империянын жалпы мыйзамдарына негизделген сот жана элдик сот иштей баштаган [41.ф.160-и,оп.1,ед.хр.11.^27]. Аталган Жобонун 130-135-беренелеринде жергиликтүү калктын (көчмөн жана отурукташкан) жана крайдын аймагында жашап империяга баш ийген башка элдер Жободо көрсөтүлгөн жалпы мыйзамдардын негизинде соттолушат деп көрсөтүлгөн [41. ф.160-и, оп.1,ед.хр.11.^28.]. 130-беренеде көрсөтүлгөндөй: Аскер соту тарабынан кыргыздар жана сарттар: саткынчылыгы, аскердик транспортко жана почтага кол салгандыгы, өзүнүн уруулаштарын өкмөткө каршы

үндөгөнү, кызмат адамын өлтүргөндүгү жана христиан жана ошондой эле, христиан динин кабыл алууну каалагандарды өлтүргөндүгү үчүн жоопко тартуу каралган [41.ф.160-и,оп.1хр.11.^27].

Ал эми 131-беренеде болсо империянын жалпы мыйзамдарында каралган кылмыш иши боюнча: каракчылык, талап-тоноо (барымтадан башкасы) соодагердин соода кербенине кол салып бирөөнүн ээлигине зыян келтирүү, өрттөө, бийликке каршылык көрсөтүү, казынадагы мүлктү уурдоо боюнча соттолуу каралган [41. ф.160-И.ОП.1.ед.хр.11.^28]. Жобонун 133-беренесинде болсо аскер соту жана империянын жалпы сотунда көрсөтүлгөн кылмыш иштери анын ичиндеги барымта жана кыргыздардын бири-бирин өлтүрүүсү элдик сот тарабынан каралат деп көрсөтүлгөн [41. ф.160-И.ОП.1.ед.хр.11.^28. ].

1867-жылы 26-октябрда жаңы дайындалган генерал-губернатор Жети-Суу областынын аскер-губернаторлугуна 5 уюштуруу комиссиясын түзүү боюнча көрсөтмө берген. Ал эми 1867-жылы 20-декабрда болсо Сыр-Дарыя областынын аскер губернаторлугуна түтүн ээлеринин тизмесин түзүү, айылдык жана болуштук кызматтарга дайындоо боюнча үч комиссия түзүү боюнча көрсөтмө берген [121.с.55].Уюштуруу комиссиясынын башында А.К. Гейнс туруп, комиссияга айылдарды, болуштуктарды түзүү, уюштуруу тапшырмасы берилген. Алсак, 1867-жылдан тарта жүргүзүлө баштаган жаңы административдик башкаруу реформасы кыргыздардын салттуу башкаруу түзүлүшүнө шайлоо тутумун киргизген.

1867-жылы Жобонун кабыл алынышы менен сот бийлиги административдик башкаруудан бөлүнгөн. Жобого ылайык сот катары казы соту жана бий соту калтырылып, “элдик сот” деп атала баштаган. Жети-Суу областында бийлердин соту, Фергана областында жашаган, отурукташкан калкта казы соту жана көчмөн калк үчүн бийлер соту калтырылган. Н.И. Гродеков белгилегендей, 1867-жылы соттордун төмөнкү түрлөрү киргизилген:

1. Бийлердин жекече соту;

2. Болуштук бийлердин съезди;

3. Бийлердин чукул съезди [12].

Ал эми элдик сот системасы бийлердин айылдык сотуна, бийлердин болуштук съездине жана бийлердин чукул съездине бөлүнгөн. Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстандын Россия империясына каратылышы менен империянын кызыкчылыгын көздөгөн жаңы административдик башкаруу саясаты жүргүзүлө баштаган. Биринчиден, реформанын алгачкы максаттарынын бири жергиликтүү элдин салттуу өкүлдөрү болушкан манап бийлердин бийлигин алсыратуу максатында Жоболорду киргизүү болгон. Экинчиден “бөлүп жарып башкаруу” принцибине таянуу менен ири уруулук түзүлүштү алсыратуу, башкарууга оңой болгон саясий-экономикалык максаттарды көздөшкөн башкаруу системасын ишке ашыруу болгон.

Демек, жогоруда белгилеп өткөндөй 1865-1867-жылдар аралыгында Россия империясы тарабынан каратып алган аймактарды башкаруу үчүн жаңы административдик башкаруу системасын киргизүү максатында Жоболор кабыл алынып, территориялык-админстративтик жактан бөлүштүрүү иштери жүргүзүлүп “аскердик-элдик” башкаруу органдары түзүлгөн.

Салттуу сот системасын реформалоо иштери башталып, Алсак, 1867-жылдагы Жободо үч сот органы: аскердик сот, империянын жалпы мыйзамдарына негизделген сот жана элдик сот иштей баштаган.

### 4.2. Элдик сот системасынын калыптанышы жана өнүгүшү

Түндүк Кыргызстандын Россия империясына каратылышы менен, падышачылык 1855-1867-жылдар аралыгында салттуу сот тутумуна карата акырындык менен, жергиликтүү элдин үрп-адаттарын сыйлоо принциптерине таянуу аркылуу иш жүргүзө баштаган. Бийлер, манаптар административдик иштер менен катар сот функцияларын аткарышкан. 1867-жылы жаңы Жобонун

кабыл алынышы менен Сыр-Дарыя жана Жети-Суу областарынын аймагында сот реформасынын жаңы этабы башталган.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, эки областтын аймагында соттук үч инстанция: аскердик сот, империянын мыйзамдарына таянган жалпы сот жана элдик сот [41. ф.160-И,оп-1,ед.хр.11.л.27] түзүлгөн. Жергиликтүү элдин келечектеги наразычылык маанайынан чочулаган орус бийлиги элдик сот түшүнүгүн киргизип саясий мүнөздөгү чыккынчылык жана коомдук тартипти сактоо боюнча тартип бузуучулуктан башка мүнөздөгү соттук иштерди алып баруу укугун элдик соттун өкүлдөрү болгон бий жана казыларга сот иштерин жүргүзүү укугун берген. 1867-жылдагы Жободо көчмөндөрдүн элдик сотунун төмөнкү үч инстанциясы киргизилген: айылдык соттор, соттордун болуштук сьезди, соттордун чукул сьезди [12.с.205].

Жободо көрсөтүлгөндөй, бардык кылмыш жана жарандык иштер жеке сот тарабынан каралган. Башка оор кылмыш иштерин эки тараптын макулдугу же болбосо соттордун сьездине кайрылууга, кылмышкер тандаган өкүл аркылуу кароо укуктары каралган.

Көчмөндөрдөгү элдик сот соттун иштерин жеке арыздын негизинде, болуштук башкаруучунун, уезддик начальниктин берген маалыматы боюнча карай баштаган. 1867-жылы Жобонун 192, 193, 197-беренелеринде айылдык бий сотунун, соттордун болуштук сьездинин, соттордун чукул сьездинин иштеринин жыйынтыгы боюнча айып пулдун көлөмү көрсөтүлгөн. Алсак, айылдык сот 100 рубль (5 жылкы же болбосо 50 койдон) ашпаган айып пулду, соттордун болуштук сьезди 1000 рублдан (50 жылкы, 500 кой) ашпаган суммадагы айып пулду салууга укуктуу болгон [41. ф.160– И. Оп.1,ед.хр.11.л.38.]. Жобонун 198-беренесинде каралгандай соттордун болуштук сьезди акыркы чечимди 7 күндүн аралыгында уезддик начальниктин пикиринен кийин гана кабыл алуу укугу каралган. Ушул эле беренеде көрсөтүлгөндөй адам өлтүрүү кыргыздардын арасында кылмыш иши катары каралган [41. ф.160.–И.Оп.1,ед.хр.11.л.38. ]. Ал эми Жобонун 203-беренесинде көрсөтүлгөндөй үй-бүлө куруу боюнча жаралган талаш

маселелер боюнча эки тарап уезддик начальникке кайрылууга укуктуу болгон. Демек, империялык бийлик акырындык менен кыргыздардын салттуу ченемдерине кийлигише баштаган.

1867-жылдагы сот реформасынын жетишкен жактарынын бири бул элдик сотторго карата киргизилген шайлоо тартиби болгон. Жобонун 182, 183-беренелеринде белгилегендей, кылмыш жана жарандык иштерди кароо үчүн ар бир болуштукта төрттөн сегизге чейин бий шайланган [41. ф.160–И.Оп.1, ед.хр.11.Л.36]. Жободо белгиленгендей бийлер 3 жылга шайланган. Бийлерди тандоого өзгөчө көңүл бурулуп, бий болууга 25 жаштан жогору курактагы эл арасында ишенимге, урмат-сыйга ээ, соттолбогон [41. ф.160–И.Оп.1, ед.хр.11.Л.36] адам укуктуу болгон. Шайланган бий уезддик начальник тарабынан бекитилип, колодон жасалган белги “мөөр” алышкан [41. ф.160–И.Оп.1, ед.хр.11.Л.36]. Бий кызматынан кеткен же болбосо каза болгон учурда мөөр жана коло белгиси уезддик начальникке кайтарылган.

Сот системасын реформалоонун бир каражаты катары каралган бийлерди шайлоо атаандаштар ортосунда конфликттерди жаратып, уруулардын ортосунда кастыкты күчөткөн учурлар көп болгон. Айрым учурларда орус бийлигинин өкүлдөрүно кол салуу менен да коштолгон. Шайлоонун жүрүшүнө токтолгон К.К. Пален: “Кээде чыр-чатактар ушунчалык күч алып, шайлоого катышып жаткан уезд начальниктерине да кол салуу болуп кеткен. Мисалы, Жети-Суу областынын Пржевальск уездинде бир нече жыл мурун шайлоо учурундагы кагылышууда уезддин начальнигине да кол тийген, ал эми 1909-жылы Ат-Башы участкалык начальниги да ошондой абалга дуушар болгон. Администрацияга, айрым болуштуктарга шайлоо учурунда казактарды иш сапарга жиберүүгө туура келген, анткени алардын кийлигишүүсүз шайлоону тынч өткөрүүгө мүмкүн болбогон” – деп белгилеген [36.с.226].

Ал эми М.Т. Айтбаев архивдик материалдарга таянып, Пржевальск, Пишкек уездериндеги шайлоо учурунда жаралган айрым конфликттик кырдаалдарга анализ жасаган. Алсак, 1891-жылдын 19-сентябрындагы

Пишпек уездинин начальнигинин рапортунда Кул жыгач болуштугундагы шайлоодо учурунда жаралган конфликт жөнүндө: "2057 түтүндөн турган Кул жыгач болуштугу эки каршылаш партияга (топко) бөлүнгөн. Касташуу башында Чойбек, Батырбек жана Мырзабек Дыйканбаев турган кичиктер уругу, Байзак жана Султан Таукин жана Жантели Байзаков турган кедей уруктарынын ортосунда болгон. Эки тарапта миңден кем эмес түтүн болгон. Эки тараптын өкүлдөрү Байзак Таукин менен Чойбек Дыйканбаев элдешкени менен, эл аларды такыр угушкан эмес" – деп жазган [58.с.45]. Жогорудагы каршылаштык тез арада эле токтоп калбагандыгын белгилеген автор: "1888-жылдын январь айында уезддик башкармалыкка жогорудагы эки топтун бири-бирине кол салгандыгы жөнүндө даттануулар келип түштү" – деп билдирген. Январь айында Байзактын тобу Чойбек тобуна кол салып, алардын акчасын жана мал-мүлкүн тартып алгандыгын, ал эми апрелде Чойбек тарабындагы куралданган, союлчан адамдар байзакчыларга кол салып, алты адамды, Байзаковдун өзү да жарадар кылышкан. Бул баш-аламандыктар үчүн Ч. Дыйканбаев болуштук кызматтан четтетилген. Бирок, булардын арасындагы тынчтык көпкө созулган эмес, өз ара жаатташуу, тирешүү улана берген. Ал эми, ошол эле жылы 14-июнда Байзактын партиясына курал жана союлдар менен кол салып, бир адамды жарадар кылып, төрт жылкыны өлтүрүшкөндүгү жөнүндө даттануу келип түшкөн – деп жазат М.Т. Айтбаев [58.с.45]. Революцияга чейинки эмгектерде шайлоонун терс көрүнүштөрүнүн бири катары добуштарды сатып алуу, коркутуу, көчүрүү сыяктуу ыкмалардын колдонулгандыгын баяндаган көптөгөн маалыматтар кездешет.

Россия империясы каратып алган аймактарды башкаруу үчүн бир катар Жоболордун долбоорун иштеп чыгууну уланта берген. Алсак, 1871, 1873,1881-жылдары Түркстанды башкаруу боюнча Жоболордун долбоорлору иштелип чыккан. 1883-жылы падышанан жашыруун кеңешчиси Ф. Гирстин жетекчилиги астында Түркстан крайын ревизиялоо боюнча Сенаттын комиссиясы түзүлүп, натыйжада жаңы долбоордун Жобосу

иштелип чыккан. Ал эми 1884-жылы болсо Н.П. Игнатьевдин жетекчилиги астындагы түзүлгөн комиссия жаңы Жобонун акыркы вариантын сунуш кылган. Бир канча жолку талкуудан кийин мамлекеттик кеңеш тарабынан, 12-июнь 1886-жылы Түркстан крайын башкаруунун Жобосу кабыл алынган. Түркстанды башкаруунун 1886-жылкы Жобосуна ылайык элдик сот түзүлүшүнө бир катар өзгөрүүлөр киргизилген. Жободо каралгандай, элдик сот, болуштук сьезд, болуштук башкаруучу менен кошо 3 жылдык мөөнөткө шайланган. Соттук кызматка 2 кандидатура шайланып, алардын бирөөсү бекилип, экинчиси кандидат катары саналган [43.с.35]. 1886-жылкы Жободо каралгандай элдик сот төмөнкүдөй болуп бөлүнгөн: жеке соттон; болуштун, сьездердин сотунан; соттордун чукул сьездеринен турган [43.с.38].

*Бийлердин айылдык соту.* Айылдык соттордун укуктары, алардын аткарган функциялары 1886, 1891-жылдардагы Жоболордо, “Временные правила для аульных судей” [6. Ф.160-И, оп.1, №105] аттуу кабыл алынган Жоболордо көрсөтүлгөн. Жогорудагы айылдык соттор боюнча көрсөтүлгөн документте: “Айылдык соттор арыздарды жана талаш маселелерди толук 3 соттун курамында чечишкен. Эки сот же бир сот соттук иштерди кароого, чечим кабыл алууга укугу жок болгон” [6. ф.160-И, оп.1, №105]. Демек, айылдык соттордун курамы үч кишиден туруп, соттук териштирүүлөрдү коллегиалдуу кароого тийиш болгон. Соттордун бирөөсү күн мурунтан жүйөлүү себептер менен сот отурумуна катышпоону айылдык старшинага билдирүүгө укуктуу болгон. Айылдык старшина ордуна башка кандидатты дайындаган.

Айылдык сот арыздарды, талаш маселелерди кароо үчүн ар жуманын жума күндөрү белгиленген жайга чогулушуп кароого киришкен. “Временные правила для аульных судей” аттуу документте көрсөтүлгөндөй: “Айылдык соттор арыздарды айылдык старшинанын же болбосо күнөөлүү тараптын арызы боюнча ишти кароого укуктуу болушкан” [6. ф.160-И, оп.1, №105]. Айылдык соттордун функцияларын кыргыздардын салттуу укуктарын жакшы билген – аксакалдар аткарышкан. Бирок, айылдык соттор арыздарды,

талаш иштерди адаттын негизинде чечишкен, бирок жазалоо иштерин колониялык бийлик тарабынан кабыл алынган ченемдер боюнча жүргүзүшкөн. Алсак, айылдык бийлер жазанын төмөнкү түрлөрүн колдонууга укуктуу болушкан: “Сөгүш берүү, эскертүү, 30 рублдан ашпаган штраф салуу же болбосо 7 күнгө чейин камоо. Жогорудагы жазалардын башка түрлөрүн колдонууга укуктуу болгон эмес” [86.с.56]. Айылдык соттордун кабыл алган чечимдери боюнча 1893-жылдагы Токмок уездине караштуу Шамшы болуштугунун Атай Чекиновго байланышкан ишти мисалга келтирүүгө болот. 1893-жылы 29-августта Атай Чекинов ошол эле Шамшы болуштугунда жашаган кыргыз Кабаке Куттумбетов тарабынан сабалганы боюнча арыз жазып келген. Биз доогер жана жоопкер, өз эркибиз менен иштерди териштирүү үчүн айылдык бийди шайлаганбыз, өзүбүздүн тамгаларыбызды койгонбуз. Айылдык старшина курбан күбө жана өзүнүн мөөрүн баскан. Ишти кароо учурунда жоопкер тарабынан чындап жаракат алгандыгы аныкталды, мен бий кара кыргыздардын салты боюнча жана туугандары менен бирдикте чечтик: жоопкердин доогердин пайдасына 3 рубль турган 1 мерина жана 1 халат өндүрүүнү чечтик. Төлөө мөөнөтү 3 күн. Бийлик үчүн молдо Осмон кожо Тоголокходжинов мөөргө өзүнүн колун коюп койду [86.с.56] – деп жазылат. Белгилей кетчү көрүнүш айылдык бийлер өзүнүн ар бир чечими туурасында айылдык старшинага билдирүүгө укуктуу болушкан. Айылдык бийдин чечимдерине наараз болгон тарап, болуштук же болбосо бийлердин чукул сьездине кайрылууга укуктуу болушкан.

Айылдык бийлердин укуктары жана жазалоо тартиптери чектелүү гана болгон. “Временные правила для аульных судей” аттуу документте айылдык бийлер төмөнкү иштер боюнча чечим кабыл алышкан:

1) жалпы суммасы 100 рублдан ашпаган акча, мүлк, жер жана суу талашы;
2) старшина тарабынан анын талабын аткарбаган тургундар же болбосо жаман кыял-жоруктары, тынчтыкты бузганды үчүн;

3) бир төөнү уурдагандыгы же болбосо бир төөнүн баасынан ашпаган буюмду, акчаны уурдаганы үчүн;
4) адам өмүрүнө күнөөлөнгөн жана уруп-соккондугу үчүн;
5) жалган айтууга же урушканга күнөөлөнгөндөр үчүн;
6) 100 рублга чейинки өлчөмдөгү алдамчылыкка жана көз боемочулукка күнөөлөнгөндөр;
7) аял менен эркектин ортосундагы чатак, бирок экөөнүн ортосундагы ажырашууну аныктабаган жагдайлар;
8) ата-эненин балдарына карата жасаган арыздануулар;
9) асырандылардын балдарына болгон арыздар [6. ф.160-И,оп.-1,№105, л.2.] ж.б.

Жогорудагы аталган күнөөлөр үчүн айылдык бийлер төмөнкүдөй жаза колдонууга гана укуктуу болушкан: сөгүш жана эскертүү, 3 рублга чейинки штраф салуу же болбосо 7 күнгө чейинки камака алуу [6. ф.160-И,оп.-1,№105, л.2]. Айылдык бийлердин милдеттерин кыргыздардын салттуу укуктук нормаларын жакшы билген, айыл арасында кадыр-баркка ээ аксакал адамдар аткарышкан. Айылдык бийлер өз алдынча же болбосо башка өкүлдөрдүн катышуусу менен кылмыш иштерин, жарандык иштерди карашкан. Айылдык бийлердин негизги максаттары эки тарапты жараштыруу, элдештирүү болгон. Каршылашкан эки тараптын дооматтарын кароодо, уруу башчыларынын жакын туугандарынын ролу чоң болуп, алар арачалык милдеттерди аткарышкан. Негизинен жалпы эле бийлерге келип түшкөн талаш маселелер элдешүү жолу менен чечилүүсүнө толук мүмкүнчүлүктөр болгон. Бийлер иш козгогондон кийин тараптарды элдештирүүгө аракет кылган, эгерде тараптар соттук ишти кароону талап кылууну улантышса, соттук териштирүү башталгандыгы маалым болгон.

Кыргыздардын адат укугунун ченемдерине деталдуу анализ кылуу элдештирүү процедурасы жөнүндө ченемдердин мазмуну кеңири камтылган. Соттук териштирүү башталганга чейин бийлер тараптарга тынчтык бүтүмүнө келүүнү же талаш-тартышты «салават», кечирүү жолу менен бүтүрүүнү

сунуштаган. Адат укугунун ченемдерине ылайык салават жалпы (толук) же айрым (толук эмес) мүмкүн болгон. Толук эмес салаватта талашып-тартышып жаткан тараптар талашты унуткаруу үчүн убакытты белгилеп ушундай элдешүүгө келишкен. Талаш маселе тараптарды элдештирүү аракетинен кийин, ийгиликтүү аяктабаса, ишти өз убагында чечүүнү камсыз кылуу максатында бий бардык кызыкдар тараптарды соттук териштирүүгө жигердүү катышууга алып келиши керек болгон.

*Бийлердин болуштук сьезди.* Элдик сот системасындагы экинчи инстанция – бул бийлердин болуштук сьезди болгон. Болуштуктагы бийлердин санын шайлоо алдында аскер-губернатору тарабынан болуштуктагы айылдардын жалпы санына жараша чечилген. Бийлердин болуштук сьезди бир жылда бир жолу же болбосо бир нече ирет талаш-тартыштуу маселелерге байланыштуу чогулган. Бийлердин болуштук сьезди болуштун арызы боюнча сьездин убактысын, сьезди өткөрүү жери уезддик начальник тарабынан аныкталган. Бирок айрым учурларда маселе чукулдаганда болуштук башкаруучу съездди каалаган убакта чакырууга укуктуу болгон. Бийлердин болуштук сьездине болуштуктагы айылдык соттордун үчтөн бири катышканда сьезд чакырылды деп эсептелинген. Бийлердин болуштук съезддеринин компетенциясы ниаразы болгондордун арыздары боюнча бийлердин өкүмдөрүн жана чечимдерин кароо болгон. Съезддин чечимдери ыйгарым укуктарынан аша чабуу менен же съезддин карамагына кирбеген маселелер боюнча кабыл алынган учурларды кошпогондо, акыркы деп эсептелинет.

Башка болуштуктун адамдарына чогулушка катышып айрым учурларда доо коюуга да уруксат берилген. Эгерде алардын болуштугунда жасалган кылмыштар жана жосунсуз жоруктар, каралып жаткан болуштука, жергиликтүү тургундарга тиешеси бар болгон болсо айтылган доомattар каралган. Болуштук съезд башталганга чейин болуштук губернаторлор күн тартибинде каралуучу өздөрүнүн жана коңшу болуштуктардын тургундарынан жазуу же оозеки арыздарын, ошондой эле башка улуттун

өкүлдөрүнүн арыздарын кабыл алууга милдеттүү болгон. Ошондой эле, алар күбөлөрдүн жана тараптардын катышуусуна жалпы көзөмөл жүргүзүүгө милдеттүү болгон.

Болуштук курултайда каралуучу иштерди болуштун бардык бийлери караган, айрым учурларда эгер каралуучу иштер көп болсо, бийлер 3төн кем эмес топторго бөлүнгөн. Съездде бийлер өздөрүнүн ичинен ишти кароонун тартибин көзөмөлдөгөн төраганы шайлашкан. Бул съезддерде көпчүлүк добуштун негизинде чечимдер кабыл алынып, алар атайын китепке түшүрүлгөн. Каралып жаткан талаш маселеде иштин жеңүүчүсүнө бардык бийлердин колу коюлган жана мөөрү түшүрүлгөн чечимдин көчүрмөсүн беришкен. Бул нуска менен жеңүүчү тарап айыл өкмөт башчысына арыз менен кайрылган, ал чечимди токтоосуз түрдө аткарууга милдеттүү болгон.

Болуштук съезддин чечимине нааразы болгон партиялардын арыздары, ошондой эле 1000 рублдан ашык суммадагы доо арыздары өздөрүнүн болуштук губернаторуна берилип, ал мезгил-мезгили менен уезддин губернаторуна билдирүүгө туура келген. Бул арыздар менен даттануулар бийлердин кезексиз курултайларында каралган. Болуштук сьездге болуштук башкаруучу сөзсүз түрдө катышып, ал жалпы тартипти сактоого, доогерди жана күнөөкөрдү, күбөнү алып келүүгө милдеттүү болгон [86.с.57]. 1886-жылы кабыл алынган Жободо элдик соттун түзүлүшү жана анын ишмердиги толук каралып, 1867-жылдагы Жобого бир топ өзгөрүүлөр киргизилген. 1886-жылкы Жобого ылайык элдик сот системасы көчмөндөрдө – жеке соттордон, бийлердин болуштук сьездинен жана соттордун чукул сьездинен турган [43]. Бийлердин болуштук сьезди ар кандай суммадагы сот иштерин териштире берген, бирок алардын акыркы чечими 1000 рубль (же болбосо 50 жылкы, 500 койго) чейинки өлчөмдөгү чечимдерди гана кабыл алышкан [33. ф.160-и. Оп.1.ед.хр.9.л.94]. Ошол эле учурда доогердин арызын канааттандырууда, 7 күндүн ичинде уезддик начальниктин пикири талап кылынган. Ошондой эле кылмыш иштери боюнча чечимди кабыл алууда уездик начальниктин пикири эске алынган [33. ф.160-и. Оп.1.ед.хр.9.л.94]

Демек, элдик соттор эл тарабынан шайланып ар бир сот иштерин акыйкат чечүүгө аракет жасагандыгына карабастан маанилүү чечимдерди кабыл алууда орус бийликтеринин пикирин эске алышкан. Болуштук бийлер тарабынан пара алуу боюнча көптөгөн фактыларды келтирүүгө болот. Н. Гродеков билдиргендей бийлер тарабынан пара алуу ортомчулар же болбосо жекеме-жеке түрдө пара алуу формасы өнүккөн. Доогерге же болбосо күнөөкөргө: “Бул ишти чечүү мага байланыштуу, башка бийлер бул иш үчүн көп сурамак, мен эчтеке албаймын” деген мааниде пара алуу максатын билдирген” [12.с.185]. Болуштук бийлердин сотунун чечими көпчүлүк добуш аркылуу чечилип, уезддик начальник тарабынан берилген китепчеге жазуу жүргүзүлгөн. Чечимди жарыялаган соң эки тарапка, жеңген тарап бардык бийлердин мөөрү коюлган чечимдин көчүрмөсүн алган [86.с.58]. Жеңген тарап чечимди күчүнө келтирүү үчүн чечимдин көчүрмөсү менен болушка кайрылган. Бийлердин болуштук съезди болуштук башкаруучунун катышуусу менен өтүп, бирок Жободо көрсөтүлгөндөй болуштар соттун жүрүшүнө киришүүгө укугу жок болушкан. Бирок болуштар сот иштерине кийлигишкен эмес деп айтуу мүмкүн эмес. Иш жүзүндө соттордун шайлоодон жеңип, бий кызматын ээлөөгө уруу башчыларынын, болуштардын таасири чоң болгондугун тарыхый булактарда келтирилет.

*Соттордун чукул сьезди.* Элдик сот системасынын тутумундагы соттордун эң жогорку инстанциясы соттордун чукул сьезди болгон. 1886-жылдагы Жободо көрсөтүлгөндөй соттордун чукул сьезди ар кайсыл уездердеги жана болуштуктардагы сот иштерин кароо үчүн губернатор тарабынан дайындалган [37.с.49]. Ал эми К.К. Палендин билдирүүсү боюнча соттордун чукул сьезди арызданышкан тараптардын болуштук соттору жана уезддик начальник тарабынан дайындалган соттордун курамынан турушкан. Соттордун сьездине уезддик начальник же болбосо атайын командировкага жөнөтүлгөн төбөлдөр катышып, алар сьезддин жүрүшүн көзөмөлгө алууга милдеттүү болушкан.

К.К. Палендин маалыматы боюнча көчмөндөрдүн (кыргыз, казак) сотторунун чукул сьездине көп эл чогулуп, боз үйлөр тигилчү, болуштун буйругу менен ар бир уездге караштуу боз үйлөр соттор үчүн алыс-алыс тигилип, ортосуна соттук иштерди караган сотторго 2 үй тигилген. Соттук процессти баштоонун алдында сьездге чогулган соттор өздөрүнүн арасынан төраганы, анын жардамчысын шайлашкан, эгерде сьезд ар кайсыл уездин сотторунан чогулган болсо, төрага бир уездин өкүлүнөн, анын орун басары башка уездин өкүлүнөн шайланган [37.с.49]. “О русском народном судах” аттуу архивдик документте көрсөтүлгөндөй: “Чукул съездге чогулган соттор, төраганы, анын орун басарын шайлагандан кийин тандалган эки адамга арналып бээ союлуп, анын канына экөөсү акыйкат болууга ант беришкен, андан кийин чогулган соттор ереже түзүүгө киришкен” [30. ф.1396,оп.1.д.392,ч.2л.7] деп белгиленет. Н. Гродеков болсо, чукул съездге ар бир болуштуктан бирден бий жиберилген. Съезге катышууну каалагандар көп болгондуктан алардын ортосунда шек (жреби) таштаган. Шек түшкөн бий, өзүнүн шайлоочуларына пара берип, колуна мөөр берилип, съездге жөнөтүлгөн, деп белгилейт [12.с.182].

Съездеги соттук иштердин жүрүшүндө, соттордун бирөөсү күнөөлүүнү коргосо, башкасы күнөөлөй баштаган (прокурор сыяктуу). Съезддин төрагасы орун басары эки жакты тең угушуп, суроо беришкен. Съезддин токтому төрага, анын орун басары тарабынан кабыл алынган, чечим кыска жазылган [30. ф.1396,оп.1.д.392,ч.2л.7]. Чукул съезддин чечимдердин көчүрмөсү эки тарапка тең берилип, алар тийиштүү китепчеге кол койушкан. Чечимдин көчүрмөсү так, кыска түрдө: “Даттануунун кыскача мазмуну, кабыл алынган акчалай сумма, чечимди аткаруу мөөнөтү, датасы, күнү, номери, мөөрдүн тиркемеси жазылган” [12.с.184]. Демек, архивдик булактарда көрсөтүлгөндөй бээнин канына ант берүү салты акыйкаттулукту сактоонун байыртан бери келе жаткан жөрөлгөсү, салты катары кароого болот. Кыргыздар орус бийлигинин курамына өткөндүгүнө карабастан ата-бабалар наркы сактоого аракет жасагандыгын байкоого болот.

Тарыхый маалыматтарга таянсак соттордун чукул сьезди тарабынан 21 эреже кабыл алынып, алар орус тилине которулган. Мисалы: Жети-Суу областына караштуу Пржевальск уездинде 1907-жылы 5-майда, 1908- жылы 5-октябрда өткөрүлсө, 1905-жылы 18-сентябрда Ат-Башыда соттордун сьезди өткөрүлгөн [37.с.51]. Эрежелердин түзүлүшү орус бийлигинин өкүлдөрүнүн катышуусу менен түзүлгөндүктөн салттуу-укуктук ченемдерге орус бийлигинин кызыкчылыгын көздөгөн укуктук тартиптерди киргизүүгө орус администрациясы кызыкдар болушкан.

Тарыхый булактарда сүрөттөлгөндөй эреже – бул сьездге жөнөтүлгөн арыз, доомат иштерин кароо боюнча түзүлгөн (инстанция) эрежелердин (нормалардын) жыйындысы [37.с.50]. Эрежеде сот өндүрүшүнүн ченемдери гана эмес, кылмыш жана жарандык укуктардын ченемдери жазылган. Алсак, уруулук, калың берүү, мураска калтыруу ж.б. кылмыш иштерине карата көрүлүүчү укуктук ченемдери көрсөтүлгөн документ болгон. Эрежени түзүүдө кылмыш иштери, үй-бүлөлүк арыздашуу, үйлөнүү, мүлктүк маселелер адат укугунун ченемдерин эске алуу менен сьезддин кийинки күн тартибине ылайык, соттор эреже түзүүгө киришкен.

Сенатор К.К. Пален тарабынан Түркстан крайында жүргүзүлгөн ревизиянын материалдары көрсөткөндөй Жети-Суу жана Сыр-Дарыя областарында 10 жыл аралыгында соттордун 21 жолу чукул сьезди болуп, тийиштүү болуштарда эреже иштелип, кабыл алынган. Алсак, 1908-жылы 15-мартта Мерке айылында кыргыз-казак бийлеринин чукул съездин өткөрүү үчүн Олуя-Ата уездинин бир катар болуштуктарынан өкүлдөр чогулашкан. Бул съездде жарандык жана кылмыш иштери боюнча никеде туруп 10 жылдык мөөнөтү өтпөгөн, иштерди териштирүүгө алуу үчүн эреже түзүшкөн [86.с.315]. Эрежеде кабыл алынгандай никелик турмушту бузган учурда, колдоно турган жазанын ченеми көрсөтүлгөн. Алсак, эрежеде эгерде үй-бүлөлүү аял күйөөсүн таштап ата-энесинин колуна кайтса, ата-энелери кызын кайрадан күйөөгө берсе, анда алган калыңдан сырткары мурунку күйөөсүнө 18 баш мал кайтарып берүү каралган [86.с.315].

Үй-бүлөлүк арыздашууга байланышкан эрежедеги дагы бир чечим: “Эгерде кимдир бирөөнүн кудалап койгон кызы бойго жеткенге чейин каза болуп калса, анда кыздын атасы экинчи кызын берүүгө мидеттүү болгон, эгерде кызы болбосо берилген калыңдын 2/3 бөлүгүн кайтарууга милдеттендирилген” [86.с.315] деп көрсөтүлөт эрежеде.

Демек, кыргыздардын салттуу укугундагы ченемдер – адат гана болуп келген болсо, Россия империясына кошулгандан кийин эреже укуктук ченемдеринин бирине айлана баштаган. Эреже адат укугунун ченемдерине таянуу менен түзүлүп, ченем катары сот өндүрүшүндө колдонула баштаган. Анткени, эрежеде каралган ченемдер чукул съезддин чечимдерин кабыл алууда гана колдонулбастан, бийлер тарабынан ар кандай категориядагы иштерди кароого колдонулган. С.З. Зиманов белгилегендей, эреже акырындап кадимки укук ченемдеринен “чакан кодексине“ [77.с.119-120] айлана баштаган. Бийлердин чукул съезди иштин көлөмүнө жараша 1 айлык мөөнөткө чейин иштерди тириштирип беришкен. Съезддин мөөнөтү көпчүлүк учурда аскер-губернатору тарабынан белгиленген.

Элдик сот боюнча өзүнүн пикирин билдирген белгилүү авторлордун бири А. Зуев эреженин түзүлүшү боюнча мындай деп жазган: “Кыргыздын элдик соттору соттук иштерди кароонун алдында бири-бирине адаттын ченемдерин эскеришкен, ошол эле учурда эрежени түзүүдө биздин мыйзамдарга таянышкан. Эрежеге (токтомго) сот тарабынан кол коюлгандан кийин ал мыйзамдардын жыйнагы катары эсептелип, ошол сьездде колдонууга милдеттүү болгон [17.с.171]. К.К. Пален тарабынан жүргүзүлгөн ревизиянын материалдары көрсөткөндөй, кабыл алынган эрежелер орус администрациясынын таасири астында түзүлгөн [39.с.51].

Соттордун чукул сьезди апелляциялык инстанция катары каралып, сьездге катышкандар негизинен айылдык жекече (единоличный) соттордун өкүлдөрүнөн турган. Чукул сьездде чечилбеген талаш-тартыш арыздар каралган. К.К. Пален билдиргендей сьезд саат 9да башталып, кечки саат 6-7 аралыгында бүткөн. Сотко чакырылган күбөлөр, доогерлер, жоопкерлер

төраганын катарына боз үйдү айланып орун алышкан. Төрага жана орун басары күбөлөрдү, доогерлерди, жоопкерлерди сурай баштаган [39.с.50]. Адатта кылмыш иштери тезирээк каралса, барымтага алуу, калың төлөө жана башка үй-бүлөлүк чыр-чатактарды кароо көп убакытка созулган. Чукул съездге күнөөкөр адам катары чакырылып, эки ирет сотко келбеген адамга сырттан өкүм чыгарылган. Бирок, кыргыздардын салттуу адат укугунда адамга сырттан өкүм чыгаруу адаты болгон эмес, жогорудагы сырттан өкүм чыгаруу чечимин жергиликтүү элге орус мыйзамдарынын тийгизген таасири катары кароого болот. Н.И. Гродеков сырттан өкүм чыгаргандар “бийдин чечими адатка каршы деген” [12.с.183] жалаа менен арызданышкан учурлар болгондугун белгилейт.

Бийлердин съезди өзүнүн  чакырылышы боюнча бир канча категорияга бөлүнгөн. Кырдаалга жараша бийлердин чукул съезди кээде бир канча болуштуктардын ортосунда, айрым учурда уезддеги бардык болуштуктардын арасында да чакырылган. Айрым учурда бир уездде жашаган кыргыз-казактардын ортосунда, кээде эки башка уездердде жашаган кыргыздардын ортосунда талаш-тартыш маселе жаралганда чакырылган. Алсак, 1896-жылы түштүк Кыргызстанда съезд болуп, ага Жети-Суу, Фергана областынын Андижан, Ош уездинин бийлери чакырылган [86.с.217]. 1872-жылы Токмок, Ысык-Кол уездеринин жана  казактар жашаган Вернен уезддин тургундарынын ортосунда талаш маселе жаралып, эл аралык съезд чакырылган [86.с.217].  Мындай эл аралык съездге баа берген К.К. Пален бул чукул съезди үч категорияга бөлгөн:

1) ар кайсыл  болуштуктардагы кыргыздардын ортосундагы иштерди териштирүү үчүн болуштуктар ортосундагы бийлердин съезди;

2) ар кайсыл уездердеги кыргыздардын ишин караган эл аралык чукул съезд;

3) коңшулаш губернаторлордун макулдашуусу менен областтар арасындагы кыргыздардын ишин караган бийлердин чукул съезди [37.с.70].

Бийлердин чукул съездинде ар кайсыл соттордун ортосунда пикир келишпестиктер жаралып турган. Ага карабастан чечимдер кабыл алынган. Алсак, 1893-жылы Токмоктогу чакырылган бийлердин чукул съездинде жарандык жана кылмыш иштери боюнча маанилүү укуктук ченемдер кабыл алынган. Т.М. Культелеев 1893-жылы Токмоктогу бийлердин съездинде кабыл алынган эреже “кадимки салттуу укуктун кичи жыйындысы” [89.с.94.] катары баалаган. 12 баптан турган Токмок эрежесинин 1-3-баптарында кыргыздардын салттуу укуктарындагы кылмыш иши боюнча сот түзүлүшү, сот өндүрүшү каралган, башка бөлүктөрүндө болсо үй-бүлөлүк укуктук ченемдер, жазалоо тартиптери ж.б. каралган. Иш жүзүндө бийлердин чукул съезди “Степное положениенин” 117-беренеси, ал эми 1886-жылкы Жобонун 214-беренесинде көрсөтүлгөн ченемдер ортосунда практика жүзүндө кыйынчылык жараткан.

Көчмөн элдерде элдик системасын орус бийлиги реформалоо максатында чукул съезддерди өткөрүүнүн тартиптерин өзгөртүү боюнча чараларды киргизе баштаган. 1905-жылы Россия империясынын сенаты тарабынан чукул съезддер ар бир уезддин болуштуктарынын ортосунда жүргүзүлсүн деген ченем киргизилген [30. ф.1396,оп.1.д.392,ч.2л.]. Аталган ченем иш жүзүндө соттук өндүрүштө өзүнүн баш-аламандыка алып келген. 1886-жылкы Жобонун 247-беренесинде көрсөтүлгөндөй ар бир уезддин ичиндеги болуштуктардын чукул съездин чакыруу иш жүзүндө катаалдыктарды жараткан. Алсак, 247-беренеде көрсөтүлгөндөй чукул съезд губернатор тарабынан чакырылгандыктан, ар бир съезд өткөрүү үчүн губернатордун уруксатын алуу, алыскы уезддер үчүн кыйынга турган. Кылмыш иштерин кароо өзгөчө көпкө созулгандыктан, кылмышкерлер бир болуштуктан экинчи болуштукка качып кетүүгө үлгүрүшкөн [30. ф.1396,оп.1.д.392,ч.2л.9].

Ошондуктан, көпчүлүк кылмыш иштери ачылбай калган. Архивдик документтерде көрсөтүлгөндөй, “алсак 30 болуштугу бар уезддерде съезд чакырылып, ар бир съездге уезддин өкүлү катышуусу зарыл болгон. Кеңири

аймактан турган уезддин болуштуктарына көзөмөлдөөчү төбөлдөрдү жиберүү мүмкүн эмес болгон [30. ф.1396,оп.1.д.392,ч.2л.9]. Элдик сот системасын реформалоодо областтар аралык, участкалар, болуштуктар аралык чукул съезддердин өкүм сүрүшү негизсиз болгон, болгону уезддер аралык чукул съездердин болушу" [30. ф.1396,оп.1.д.392,ч.2л.9] зарыл болгон деп белгиленет архивдик булактарда. Демек, колониялык бийлик элдик сот системасын реформалоодо жергиликтүү шарттар менен тааныш болбостон, теориялык чечимдерди кабыл алышкан.

### 4.3. Элдик сот системасындагы реформалардын натыйжалары

Россия империясынын Түркстандагы көчмөн элдердин сот системасына карата болгон саясаты адат укугуна негизделген элдик сот өндүрүшүн жалпы орус мыйзамдары менен дал келтирүү, салттуу сот системасынын укуктук ченемдери жоюу аракеттерине багытталган. Падышачылыктын мындай саясаты бир жагынан мыйзам ченемдүү көрүнүш эле. Колониялык бийлик бир тараптан сот бийлигине өзүнүн көзөмөлүн күчөткүсү келсе, экинчи тараптан орус бийлигинин көз-карашы менен көчмөндөрдүн «эскирген укуктарын» прогрессивдүү ченемдер менен алмаштыруу аракетин жүргүзүшкөн.

Россия империясынын Түркстандагы сот системасын «орусташтыруу» аракетин 1865-жыдын 6-августта Александр II тарабынан кабыл алынган «Временное положение об управлении Туркестанской областью» [8] аттуу Жободон эле байкоого болот. Жободо адат жана шарият укугуна негизделген салттуу элдик сотторду түзүү менен катар аларды "жергиликтүү калкты башкаруучулардын" контролу астында калтырып, алар бийлерди тандоодо, кызматтан алууда аскер-губернаторуна сунуш берүү укугун киргизишкен. Орус бийлигинин өкүлдөрү (жергиликтүү калкты башкаруучулар) элдик соттордун чечимдери, өкүмдөрү эгерде алар каардуу, акыйкатсыз болсо жокко чыгарууга укуктуу болушкан [8.с.876-881].

Сот өндүрүшүн "орусташтырууга" болгон аракеттерди 1865-жылы кабыл алынган Жобонун 36-беренесиндеги элдик соттордун кароосунан "адам өлтүрүү, тоноо, уурдап качуу, барымтага алуу, каракчылык, зордуктоо кылмыштарын" кароо укуктарына тыюу салуудан да көрүүгө болот. Андан аркы сот өндүрүшүндөгү "орусташтыруу" тенденциясынын күчөшүн, кийинки элдик соттордун съездинде ар кандай чечимдерди кабыл алууда орус бийлигинин өкүлүнүн катышы нормага айлана баштагандыгынан көрүүгө болоор эле [104.с.323].

Ал эми XIX к. 80-жылдарынан тарта Россия империясы элдик сот системасын реформалоо, 1867-жылкы Жободогу беренелерди жаңылоо, аларды жалпы империялык бийликтин мыйзамдарына жакындатуу боюнча иш-аракеттер жүргүзүлө баштаган. 1871, 1873-жылдары Түркстан крайын башкаруу боюнча Жобонун проектиси иштелип чыгып, 1867-жылдагы кабыл алынган Жободон көп айырмаланган эмес. Бирок элдик соттун укугунан барымтага алуу, адам өлтүрүү иштерин териштирүү алып салуу каралган. Ошол эле учурда генерал-губернатор Г.А. Колпаковский Түркстан крайын башкаруу боюнча жаңы проектин сунуш кылып, анда элдик сотторго шайлоону жоюу, аларды аткаруу бийлиги тарабынан дайындоо сунушун киргизген. Бирок аталган проект өкмөт тарабынан колдоо тапкан эмес. Колониялык төбөлдөр тарабынан элдик соттордун ишмердигиндеги соттордун билимсиздиги, уруу башчыларына болгон көз карандылык, шайлоо учурундагы "добуштарды сатып алуу" терс көрүнүштөр сынга кабылган.

Белгилей кетсек, элдик сотторду шайлоо учурунда орун алган жемкордук, добуштарды сатып алуу сыяктуу терс көрүнүштөрдүн кайталанып тургандыгын архивдик документтер да тастыктап турат. Алсак, эл арасында кадыр-барктуу бай адам сот болуусун каалаган эмес, өзү сырттан байкоо жүргүзүп, эл башчыларга акчалай, нравалык жактан басым жасап, өзү каалаган адамдын шайлануусун талап кылган [28. ф.1396, оп.1.д.392,л.15 ]. Натыйжада, "шайлоонун жыйынтыгында элдик сот кызматына татыксыз,

шариятты билбеген, бай адамдар, көпчүлүк учурда татыксыз адамдар ээлеп калган” [28. ф.1396, оп.1.д.392,л.15] деп архивдик булактарда көрсөтүлөт. Чындыгында, бийлерди, казыларды шайлоодо уруу башчылары чечүүчү ролду ойноп, өзүнүн талапкерин өткөрүүгө бардык материалдык, саясий жактан аракеттерин жактаган.

Жогорудагы терс көрүнүштөрдөн улам Түркстан крайындагы көчмөн элдердеги элдик сот системасынын сакталып калышы, колониялык төбөлдөргө жаккан эмес. Бирок жергиликтүү элдин адатка негизделген укугун таптакыр жоюудан чочулаган орус бийлиги, бул тармакты реформалоо жолу аркылуу гана өзүнүн көзөмөлүн орнотуп, укуктарын чектеп, сот өкүлдөрүн кызматтан алып, жалпы империялык мыйзамдарга дал келтирүү, саясатынын ишке ашыруу аракеттерин жүргүзө баштаган.

1884-жылы Игнатьевдин жетекчилиги астында жаңы Жобонун проектисине талкуу жүрүп, комиссия “элдик соттор генерал-губернатордун буйругу менен кызматтан алынышы мүмкүн” деген тыянакка келишкен. Бирок мамлекеттик кеңештеги департамент Түркстан крайындагы жана Жобонун долбоорун карап жатып, комиссиянын тыянагын колдогон эмес. А.Салиев белгилегендей комиссия генерал-губернаторлорго мындай укукту берүү “элдик соттордогу демократияга зыянын тийгизет” жана жергиликтүү мусулман калктарындагы сот өндүрүшүнө карата бийликтин үстөмдүгүн күчөтөт, деген пикирди карманышкан [104.с.319]. Натыйжада, “элдик соттордун кызматтан алуу” сунушу четке кагылып, 1886-жылы 12-июнда император Александр II тарабынан Түркстан крайын башкаруунун Жобосу кабыл алынган [43]. 1886-жылкы Жободо бир катар өзгөрүүлөр болуп, империялык бийлик сот тармагында айрым чектөөлөрдү киргизген. Алсак, 1886-жылкы Жобонун 209-беренесинде көрсөтүлгөндөй: элдик соттун кароосуна: Жобонун 141-142-беренелеринде көрсөтүлгөндөн башкасы, алсак:
а) жергиликтүү эл тарабынан жасалган кылмыш жана чыккынчылык иштери
б) жергиликтүү калктын ортосунда жаралган жарандык иштерди кароого укуктуу болушкан.

Ал эми Жобонун 142-беренесинде жергиликтүү калктын өкүлдөрү төмөнкү жасаган иштери боюнча (элдик соттор эмес) жалпы мыйзам тарабынан (орус мыйзамдары) жоопко тартылууга тийиш болгон:

1) христиан динине каршы кылмыш;
2) мамлекеттик кылмыш;
3) башкаруу тартибине каршы кылмыш;
4) мамлекеттик жана коомдук кызматтагы кылмыш;
5) мамлекеттик жана жергиликтүү токтомдорго каршы кылмыш;
6) казынанын мүлкү жана кирешелерине каршы кылмыш;
7) коомдук сактануу жана эсенчиликке каршы:
   - карантин уставын бузуу,
   - малдын кырылышына себепкер болгон жугуштуу ооруларга каршы токтомду бузуу;

8) коомдук тартипти жана тынчтыкты сактоого каршы: а) кылмыш топторун түзүү, б) империянын мыйзамдары боюнча соттук иште жалган жалаа жана калп күбөлүк үчүн, в) качкындарды жашыруу, г) жолдорду жана телеграф линияларын бузуу,

9) абал тууралуу мыйзамдарга каршы;

10) өмүр, ден-соолук, эркиндик, ар-намыска каршы кылмыштар: а) адам өлүрүү, б) оор жаракат келтирүү, в) зордуктоо, г) мыйзамсыз камоо, азаттыгын чектөө;

11) мүлккө каршы:
   - башка бирөөнүн кыймылсыз мүлкүн тартып алуу жана чек араны билдирүүчү белгилерди жок кылуу,
   - мүлктү жок кылуу, атайын өртөө,
   - каракчылык жана тоноочулук,
   - мамлекеттик мүлктүү уурдоо, талап-тоноо жана орус администрациясынын документтерин оңдоо, окшотуп жасоо [43.с.24].

Саналган кылмыш иштерин элдик сот кароого укугу жок болгон. Бирок айылдык бийлердин компетенциясында кылмыштардын бир катар оор түрлөрү кала берген: өлүм үчүн кун; денеге залал келтирүү жана уруп-согуу (жыйынтыгында өлүмгө алып келгендерден тышкары); кемсинтүү, ар-намыска шек келтирүү; уурулук; зордуксуз карактоо; алдамчылык жана башкалар. Мындан тышкары айылдык бийлер болуштар менен биргеликте падыша бийлигинин өкүлдөрүнөн көпчүлүк талаш маселелер, кылмыш иштерин, кээ бир учурда адам өлтүрүүнү да "өтө оор эмес иш" катары жашырып, өз ара чечип келишкен. Ушул сыяктуу мыйзам бузуулар үчүн аскер-губернаторлор бийлерди жана болуштарды кызмат ордунан бошотушкан [86.с.213].

1886-жылдагы Жобо жаңы кабыл алынган Жобонун негизинде империялык бийлик көчмөндөрдүн сот бийлигине карата өзүнүн көзөмөлүн күчөтүүгө багыт алгандыгын көрүүгө болот. Ошол эле учурда көзөмөл тоталдык мүнөздө болгон деп белгилөөгө болбойт. Алсак, жергиликтүү сот системасын жакшы билген капитан А. Давлетшин 1900-жылы Түркстандын областтарын кыдырып, элдик соттун ишмердигине анализ берүү аракетин жасаган. А.Давлетшиндин пикири боюнча 1886-жылы Жобону кабыл алгандан кийин "жогорку администрация элдик сотторду таптакыр четтетип, айрым жерлерде алардын өкүм сүрүшүн четке кага баштаган" ал эми областык башкаруучулукта болсо элдик соттордун ишмердиги боюнча алар маалымат чогултушпаган [29. ф.1396, оп.1.д.394.ч.2,л.2.]. "Тескерисинче" деп белгилеген А. Давлетшин: "Уезддик деңгээлде элдик соттордун ишине кызыгышат" [29. ф.1396, оп.1.д.394.ч.2,л.2.] – деп жазган. А. Давлетшин мындай жыйынтыктарын Фергана, Сыр-Дарыя, Жети-Суу областтарынын уезддерине деги сот иштери менен таанышкандан кийин жыйынтык чыгарган. Ошол эле учурда элдик соттор калк арасында абройго ээ эмес Түркстандагы "элдик сотту тартипке келтирүү үчүн сөзсүз түрдө радикалдуу чараларга баруу керек" [29. ф.1396, оп.1.д.394.ч.2,л.24] деген жыйынтыка келген.

1886-жылдагы Жободогу өзгөрүүлөрдүн бири 1867-жылкы Жободо каралган "адат" (көчмөн калктардагы), "шариятка" (отурукташкан калктагы) негизделген бий, казы сотторуна болуу жоюлган. Бий, казы түшүнүктөрү Жобонун 3-бөлүмүндө бириктирилип элдик сот деп атала баштаган. Н.Южаков белгилегендей, эми элдик сот тутумунда эки инстанция: жеке сот – элдик сот жана аппеляциялык инстанция катары элдик соттордун съезди түзүлгөн [41.с.42]. Элдик сот ар кандай суммадагы жана ар кандай кылмыш иштерди териштирүүгө жана чечүүгө укук берилип, бирок алардын акыркы чечими 30 рублга чейинки көлөмдө болуп, 7 күндүк камоого укуктуу болушкан. Элдик соттун чечимине нааразы болгондор элдик соттордун съездине кайрылууга укуктуу болушкан, акыркы инстанциянын чечими акыркы деп каралып, алар ар кандай суммадагы кылмыш иштерин чечүүгө укук алышкан. Элдик соттордун съезди 300 рублга чейин айып салууга жана 18 ай түрмөгө камоого укук берилген [56.с.42]. Демек, 1886-жылкы Жобо боюнча бий, казы сотторунун ордуна регламенттештирилген жаңы сот системасы жаралган.

1886-жылкы Жобонун кабыл алынышы менен колониялык бийликтин сот системасына карата өзүнүн саясатын бекемдей баштаган. Аталган Жобо туруктуу бекилип 1867-жылкы проектке салыштырмалуу бир катар өзгөрүүлөр киргизилген. Адам өлтүрүү, каракчылык, тоноочулук, зордуктоо кылмыштары бийлер сотунун карамагынан чыккан. Бийликтин буйругун тоготпоо, падышачылыктын башкаруу органдарынын өкүлдөрүнө урмат көрсөтпөгөндүк, коомдук тынчтыкты бузуу жана ал жерлерде мушташуу үчүн, Жобонун 65-бересине ылайык уезддин начальниктери 15 рублга чейинки айып же 7 күндүк камакка алууга укуктуу болушкан [43.с.135]. Болуштук башкаруучулар бийликке баш ийбегендик, мушташ үчүн 3 рубль айып же 3 күндүк камакка алуу каралган.

Бирок, элдик сотторду тандоо принциптери, шайлоонун жүрүш тартиби, кызматка бекитүү шарттары өзгөргөн эмес. Бирок, элдик сотторду шайлоодо жаңы маанилүү принцип киргизилген. 1886-жылкы Жобонун

225-беренесинде: “ар бир сот ордуна эки талапкер тандалат. Бирөөсү сот катары бекитилет, экинчиси талапкер катары кала берет” – деп көрсөтүлгөн [43.с.141-142]. Биринчиден, бул жагдай сотторду шайлоо алдында атаандаштыкты туудуруп, ич ара келишпестиктерди жараткан. Экинчиден, колониялык бийлик үчүн өзүнө эң ыңгайлуу кандидатты тандоо мүмкүнчүлук алган. Үчүнчүдөн, элдик сот ооруп, кырсыкка учурап, кызматын аткара албай калган учурда, кайрадан шайлоо уюштуруу кажети жок болгон. 1891-жылы март айында “Акмола, Семипалатинск, Жети-Суу, Урал, Тургайск областтарын башкаруу тууралуу Жобо кабыл алынган [9].

Негизинен, мындан мурунку кабыл алынган Жоболордон көп айрымачылыктар болгон эмес. Ошону менен бирге, бир катар түзөтүү жана өзгөртүүлөр киргизилген. Мисалы: эгерде мурунку Жоболордо сот макамына талапкерлер 25 жаштан жогору болушу керек болсо, кийинчирээк 35 жашка чейин көтөрүшкөн. Ал эми 1891-жылдагы кабыл алынган Жобо боюнча орус окуу мекемелерин аяктаган 25 жаштан жогору бардык адамдар катыша алат деп аныктаган. 1867-1891-жылдардагы баардык Түркстандык жана “Талаа Жоболор” ырааттуу түрдө соттордун шайланып алуу принциптерин киргизишкен. Бул укуктук актылардын баарында бир гана падыша администрациясын эмес, ошондой эле болуштук башкарууга да бийлер сотунун шайлоо процессине кийлигишүүгө тыюу салган. Бирок мындай кийлигишүүлөр аз санда болгондугу жана өтө олуттуу эместиги маалым. Тескерисинче, падыша өкмөтүнө уруулардын, “партиялардын” сот кызматы үчүн өз ара конкуренттүүлүгү, натыйжада өз ара чыр чатактардын чыгышы ыңгайлуу болгон. Бул көрүнүш падышалык саясаттын “divide et impera” (бөлүп жарып башкар) деген негизги тезисине төп келген. Бийлерди шайлоодогу эң көп таасир берген адамдар жергиликтүү туземдик администрациясынын өкүлдөрү: болуштук башкаруучулар жана айылдык старшиналар электораттын так ортосунда болуп, шайлоо өңүттөрүн байкап турушкан, өздөрү белгилүү бир урууга, кланга таандык болуп шайлоо

жыйынтыктарына түздөн-түз таасир беришкен. Демек, колониялык бийлик элдик сотторго карата өз позициясын бекемдей баштаган.

1886-жылкы Жободо каралган реформалардын бири элдик сотторго прокурордук көзөмөлдү киргизилип, уезддик начальник жана аскер губернаторунун өкүлүнүн катышуусу менен элдик соттордун сьезди өткөрүлүп, ереже кабыл алына баштаган. Аймактагы сот реформаларынын ийгиликтүү жүрүшү менен, салттуу сот системасынын Россия империясынын сот институтунун эң төмөнкү баскычына айланган. Классикалык сот системасындагы жазалоочу жайларды – түрмөлөрдү куруунун муктаждыгы келип чыккан.

1892-жылкы Фергана областындагы «Обзор Ферганской области» деген жыйнактын маалыматы боюнча Жаңы Маргелаң, Ош, Кокон жана Наманганда түрмөлөр жайгашкан. Ошондой эле, камакка алуучу үйлөр (арестные дома) Жаңы Маргелан, Эски Маргелан, Ош, Чуст, Андижан, Наманганда да уюштурулган. Андижандын жергиликтүү гаупвахтасында да кээ бир кылмышкерлер убактылуу камалган [32.с.63-65]. Түрмөлөрдү уюштуруу маселелери оор абалда болгондугун 1906-жылкы Жети-Суу аймагы боюнча отчетто да баса белгиленген: “азыркы мезгилдеги 6 түрмөнүн ичинен Верный жана Жаркенттеги түрмөлөр атайын жасалгаланган, өзүнүн милдетин аткаруу үчүн бардык шарттары бар имаратттарда жайгашкан. Ал эми Прежевальсктагы түрмө эч бир шарттары жок, жыл сайын капиталдык ремонтту талап кылган жагдайда болгон. Пишпек, Лепсинск, Копальск шаарларындагы түрмөлөр жекече үйлөрдө уюштурулган, себеби бул шаарларда түрмөгө айландырууга ыңгайлуу эч бир ылайыктуу имарат жок” [31.с.93]. 1906-жылдын январь айында бардык 6 түрмөгө 274 кылмышкер кармалган. Жылдын аягына чейин 57 кылмышкер келип түшкөн. 1907-жылдын 1-январында түрмөлөрдө камалуучулардын саны 289ду түзгөн [31.с.94]. Бул көрсөткүчтөргө ылайык камакка алуу бир жылдан ашуун убакытты өтө сейрек кезде колдонушкан жана сот

системасынын жазаны аткаруучу жайларынын жеткиликтүү деңгээлде жабдылбагандыгынан кабар берет.

Колониялык бийлик Түркстан крайындагы элдик соттордун ишмердигиндеги катачылыктарды, кемчиликтерди белгилеп, аларды орус администрациясына баш ийдирүү аракеттерин жүргүзө баштаган. Ошол доордогу басма сөз беттеринде элдик сот ишмердигин сынга алган макалалар тез-тез жарык көрө баштаган. Алсак, Е. Медведев “Түркстан жыйнагына” жарыялаган макаласында элдик соттордун ишмердигине баа берип келип, соттордун билимсиздиги, шайлоо учурунда акчалуу адамдардын жеңип чыгышы, сот процессинин жүрүшүндөгү орун алган укуксуз иштер, жемкорлуктун орун алашы, жоопкерге айып тагууда далилсиз фактылардын колдонушу, алардын кемчиликтери катары баалаган. Аталган себептерден улам элдик сот системасын жоюу керек деген бүтүмгө келген [24.с.99]. Мындай ишенбестик көрсөтүүнүн негизги себеби: элдик соттор уруунун таасирдүү адамдарынын өкүлү же орус бийлигинин таасири астында калып, таза эмес өткөрүлгөндөн улам жаралган. Мындай кырдаалдын өкүм сүргөндүгүн белгилеген Г. Загряжский төмөндөгүдөй мисалды келтирип кеткен: “Тунгатар уруусунун уруу башчысы Рыскулбек Нарбутин айылдык старшина жана бийлердин кызматына өзүнө керектүү адамдарды, ошондой эле болуштукка өзүнүн бир тууганы Керимбекти дайындоону буйрук кылган. Өзү болуш болууну жана тез-тез Токмокко келүүнү каалаган эмес. Бул албетте туура эмес жагдайды жараткан” [15.с.364] .

Элдик сотторду жоюу менен бирге орус мыйзамдары менен иштөө зарылдыгы төбөлдөр тарабынан көтөрүлө баштаган. Натыйжада, 1886-жылкы жана 1891-жылкы Жоболордо каралган беренелерди өзгөртүү аркылуу элдик сотторду Түркстан администрациясына баш ийдирүү сунушун талап кылышкан. Бирок, бюрократиялык аппараттын үстөмдүк кылган шартында аталган талаптарды чечүү татаал процесстердин бири болгон.

Колониялык бийлик өкүлдөрү аскердик губернаторлор, уезддик начальниктер элдик соттордун ишине кийлигишип, аларды кызматтан

кетирүү боюнча бир канча жолу Согуш Министрлигине кайрылышкан. Түркстан генерал-губернаторлугу тарабынан жиберилген иш кагаздары Согуш Министрлиги, Юстиция Министрлиги, Азия департаментинин ортосунда түзүлгөн бюрократиялык системанын кароосунда калып, маселени чечүү процесси узак убакытты талап кылган. Айрым тарыхый фактыларга токтолуп өтөлү, алсак, 1895-жылы 4-июлда генерал-губернатор Вревский Согуш Министри П.С. Ванновскийге рапорт менен кайрылып, “анын карамагындагы элдик соттордун көпчүлүгү өзүнүн билимсиздиги, нравалык жүрүм-туруму, паракорлугу боюнча өзүнүн кызматтык ордуна туура келбейт. Ошондуктан, крайда тартипти орнотуунун негизги каражаты катары өзүмдүн буйругум менен бий, казыларды кызматтан кетирүүгө уруксат бериңиз деп кайрылган” [104.с.320]. Андан ары Вревский аталган терс көрүнүштөрдү жоюу үчүн 1886-жылкы Жобонун 299-беренесине өзгөртүү киргизүүнү сунуштаган. Кеңеш генерал-губернатордун сунушун колдоп, ага кызматтык абалына туура келбеген элдик сотторду өзүнүн жеке буйругу менен кызматтан кетирүүгө жана Согуш Министрлигине маселенин мыйзамдуу чечилишин кароону сунуштаган. Арадан көп өтпөй эле 1895-жылы 5-декабрда Түркстан генерал-губернатору Вревский кайрадан Согуш Министрине кайрылып, Фергана областынын аскер-губернатору А.Н Повало-Швейковский өз рапортунда: “Алай болуштугунун Үч-Төбө айылдык коомунун соту Кулмамбет Бердикбаев эл арасында укук бузуп жүргөндүктөн кызматтан бошотуу боюнча кайрылгандыгын белгилеп [104.с.317] анын рапорт жөнөткөндүгүн кабарлаган. Веревский Согуш Министирлигинен маселени чечүүнү тездетүүнү суранып, жогорку инстанцияларга кайрылгандыгына карабастан, алардан жооп келгенге чейин көп убакыт өткөн. Аталган маселеге кайрылган изилдөөчү А. Салиев сот Кулмамбет Бердибаевди кызматтан четтетүү маселеси эки айдан ашык убакыт өткөндөн кийин гана буйрук чыккандыгын белгилейт” [104.с.317].

Жогорудагыга үндөш дагы бир мисалга токтолуп кетсек. 1896-жылы 19-февралда Вревский кайрадан Согуш Министрлигине кайрадан рапорт

жазып, анда: “Фергана областынын аскер-губернатору майор Повало-Швейскийдин Наманган уездинин Ахсы-Шаханад болуштугунун элдик соту Юнус Ходжаевди кызматтан бошотуу боюнча жазылган рапортун Согуш Министирлигине жөнөткөндүгүн кабарлап, рапорт жөнөткөн” [104.с.320]. (Белгилей кетчү нерсе Наманган уездинин болуштуктарына азыркы Аксы, Ала-Бука, Чаткал райондору кирген). 1897-жылдын 24-октябрында Николай 11 тарабынан Юнус Ходжаевди кызматтан кетирүү боюнча указы [104.с.323] арадан бир жылдан ашык өткөн соң гана кабыл алынган.

Ошол эле учурда, айрым тарыхый булактарда көрсөтүлгөндөй, 1898-жылы май айында Миң-Төбө кыштагынан Мадали Эшендин жетекчилиги астында чыккан көтөрүлүштө “көтөрүлүшкө чыккандардын арасында казылар, бийлер болгондугу көрсөтүлөт” [29. ф.1396,оп.1.д.394,ч.2.л.15]. Орус булактарында 1898-жылы Анжиян көтөрүлүшүнүн чыгышынын себептери диний фанатизм катары бааланып келген. ”Көтөрүлүштүн себептери фанатизм бирок, эң маанилүү түпкү себептеринин бири элдин наразычылыгы, укуктардын бузулушу, өз ара мамилелердин чечилбегендиги болуп саналат, деп көрсөтүлөт [29. ф.1396,оп.1.д.394,ч.2.л.15]. Натыйжада, 1898-жылы падыша тарабынан Фергана областына чукул абал киргизилип, «О продлении действия Положения усиленной охраны в некоторых местностях Туркестанского края и о принятии прочих временных мер по упрочению спокойствия в крае» [104.с.325] аттуу мыйзам кабыл алынган. Көтөрүлүштү шылтоо кылып аны басуу максатында генерал-губернаторлордун укуктары кеңейтилип, сотторду кызматтан четтетүү укугу да каралган. Демек, элдик сотторду кызматтан четтетүү, орус бийлигине баш ийдирүү аракеттери жүрүп келгендигин тарыхый фактылардан көрүүгө болот.

Түркстан крайындагы колониялык бийлик көчмөндөрдүн арасында шариятташуу процессинин жүрүшүнө каршы саясатты жүргүзүп келгендиги белгилүү. К.П. Кауфмандын мусулмандарга жасаган саясаты диний иштерди административдик иштен бөлүү болгон. Администрация тарабынан колдоого

көрсөтүлбөгөндөн кийин, коомчулук тарабынан колдоого алынбайт, акырындап жергиликтүү калктын арасында өзүнүн таасирин жоготот деп ишенген. Ошондуктан, ислам институттары саясий күч катары четке кагылган, бирок алардын артынан административдик көзөмөлдү күчөткөн. Ошондуктан, көчмөн калк арасында мусулман укугунун таралыш, алардын арасынан диний фанаттардын өсүп чыгышын каалаган эмес.

Өз кезегинде К.П. Кауфман көчмөндөрдүн адат укугуна негизделген бийлердин соту сактап калууну колдоп, көчмөндөр арасына мусулман укугуна негизделген шарияттын жайылышынан чочулаган. К.П. Кауфман "адатта эч кандай фанатикалык, мамлекет үчүн жаман көрүнүштөр жок" [18] – деп жазган. Түркстан крайында жаңы Жобо иштеп чыгуу боюнча түзүлгөн комиссиянын башчысы сенатор Ф. Гирс К.П. Кауфмандын сунушун колдоп көчмөндөрдө адат укугун сактап, шарият көчмөндөрдүн акыл-эс жагынан өнүгүүсүн "кыска шартта кармайт" [93.с.156] деген пикирди карманган. 1882-1883-жылдары Түркстан крайына ревизия жүргүзгөн Ф.К. Гирс өзүнүн отчетунда мындай деп жазган: "Фергана областында жашаган сарттар менен кыргыздардын ортосунда жүргөн карым-катнаштын натыйжасында кыргыздар адат түшүнүгүн унута баштаган, бийлерге кайрылбастан, аларды казылар менен алмаштырууну каалашат, ошондуктан Фергана областынын 3 болуштугунан башкасында бийлердин соту өкүм сүрбөйт, зарылчылык болбойт" [35.с.325] – деп жазат.

Ф.К. Гирстин отчотунда белгиленген 3 болуштуктар бул тоолук аймактарда жашаган кыргыз болуштуктарын кошууга болот. Фергана өрөөнүнө сапар тарткан А. Давлетшиндин Фергана өрөөнүндө жашаган кыргыздардын шариятка болгон мамилеси менен жакындан таанышып, кырдаалды мындайча сүрөттөгөн: "Фергана өрөөнүн көпчүлүк кыргыздары өздөрүнүн ата-бабаларынын сотун таштап, шариятка өтүшкөн. Анткени, Кокон хандары ар кандай кылмыш иштерин териштирүүнүн казыларга жүктөгөндүктөн, кыргыздар шарият сотуна көнүшүп, бул тажрыйба ушул күнгө чейин сакталып калыптыр" [29. ф.1396, оп.1.д.394.ч.2,л.2.]. А.

Давлетшиндин жазган пикири чындыкка жакын катары кабыл алуу керек, Кокон хандыгынын таасири чоң аймактарга, (бул биринчи кезекте түздүктүү аймакта жашаган кыргыздарга тиешелүү) казы соту үстөмдүк кыла баштаган. Ошол эле учурда А. Давлетшин сапары мезгилинде Ош уездинин тоолуу аймактарына бара албагандыгын белгилеп, алар ал мезгилде жайлоого чыгып кеткендигин кабарлаган. Албетте, Ош уездинде сапарда болгон төбөл, тоолуу аймактарда жашаган Алай кыргыздары туурасында сөз кылып жатат.

Бирок, К.П. Кауфмандын Түркстан крайындагы жүргүзгөн исламдын укуктарын "четке кагуу" саясаты 1898-жылы Андижан көтөрүлүшүнөн кийин кайра карап чыгуунун талап кыла баштаган. Бийлик ислам чөйрөсүндө болуп жаткан окуялардан четтеп калгандыгын моюнга алышып, Андижан көтөрүлүшүнөн кийин генрал-губернаторлук кызматка келген. С. Духовский көтөрүлүштөн кийин панизламизмдин коркунучу бар экендигинен чочулап, суфизмдин өкүлдөрүнө карата катуу административдик чараларды көрүү, контролду күчөтүү маселесин карай баштаган. Анын жетекчилиги астында динге карата жаңы саясаттын төмөнкү принциптери сунушталган:

1) жергилктүү диний башкармалыктын өкүлдөрүнүн чет элдик жана орустардын исламдык очогуна болгон көз карандылыгын жоюу;

2) Түркстан мусулмандарынын арасындагы суфизмдин таасирин, баалуулуктарын жоготуу;

3) вакуфтук каражаттарды анти өкмөттүк пропаганда үчүн колдонууну жоюу;

4) мусулман мектептеринде европалык програмаларды киргизүү [93.158-б.].

С. Духовскийдин мусулман чөйрөсүнө карата реформа жасоо идеясы ишке ашпай, колониялык бийлик күндөн күнгө жергиликтүү калктын арасында авторитетин жогото баштаган.

Коомчулуктагы пикирлерди эске алуу менен XXк. башында Түркстан крайындагы элдик сот, сот өндүрүшүн өзгөртүү маселеси карала баштаган.

1908-1909-жылдары сенатор К.К. Палендин жетекчилиги астында крайды «ревизиялоо» иштери жүрүп, анын жыйынтыгынын негизинде крайды башкаруунун жаңы Жобосун иштеп максат кылып коюлган эле. 1912-жылы жаңы документ иштелип чыгып, Министрлер кеңешинин кароосуна коюлган. Түркстан генерал-губернатору Самсонов элдик сотторду жоюп, аларды мамлекеттик (жергиликтүү) соттор менен алмаштыруу сунушун киргизген [104.с.13]. Министрлер кеңеши Самсоновдун сунушун колдоп, “жергиликтүү соттор” салттуу ченемдер аркылуу сот иштерин жүргүзүү укуктарын колдогон. Бирок, Согуш Министрлиги тарабынан айтылган сунуштарды киргизип, жаңы проети толуктоо тапшырмасы берилген. Бирок, дүйнөлүк биринчи согуштун башталышы, андан кийин Октябрь революциясынын ишке ашышы падышачылык бийликтин кулашына алып келген. Колониялык бийлик жоюуну каалаган элдик сот системасы 1928-жылы гана жоюлган.

**Жыйынтыктап айтканда**, Россия империясы Түркстан крайына өзүнүн админстративдик бийлигин орноткондон тарта эле көчмөндөрдөгү сот системасын орус мыйзамдарына жакындатуу, укуктук ченемдерди “орусташтыруу” саясатын жүргүзүп, көп жылдык тарыхы бар кыргыздардын, казактардын адатка негизделген укугун чектөөгө умтулган. Саясий кырдаалга жараша көчмөндөрдөгү сот бийлигин өзгөртүү боюнча комиссиялар түзүлүп, ревизияларды жүргүзүү менен элдик соттордун фукциясын жергиликтүү бийликтин сотторуна бириктирүү карала баштаган. Бирок, XX к. башындагы дүйнөлүк саясий кырдаалга байланыштуу, империялык бийликтин максаттары толук ишке ашкан эмес.

## КОРУТУНДУ

1. Маселенин изилденүү деңгээли көрсөткөндөй революцияга чейинки, советтик, постсоветтик доордогу изилдөөлөрдө кыргыздардын салттуу сот тутумунун тарыхын жалпылап изилдөөгө алган эмгектердин саны чектелүү экендигин белгилейбиз. Өзгөчө революцияга чейинки тарыхнаамадагы көчмөндөрдүн сот тутумуна арналган эмгектердин көпчүлүгү казактардын сот системасынын тарыхына арналып жазылган;
2. Кыргызстандын Россия империясына каратылганга чейинки салттуу сот тутумунун башында турган бий соту уруулук принципте түзүлгөндүгүнө карабастан иш жүзүндө элдик сотко айланып, калыс иш жүргүзүп келишкен институт катары өз миссиясын толук аткарышкан;
3. Колониялык бийлик адатка, шариятка негизделген бий, казы сотторун орус мыйзамдары менен алмаштырууну, бириктирүүнү максат кылгандыгына карабастан элдин салттуу сот тутумуна болгон ишеними өзгөрүлбөгөн;
4. Колониялык бийлик тарабынан элдик сотторго карата шайлоо нормасынын киргизилиши, шайлоонун жүрүшүндө орус бийлик өкүлдөрү тарабынан жаралган “коррупциялык” элементтердин пайда болушу элдик сот системасын өзгөрткөнү менен негизги салттуу өзөгүн сактап калды;
5. Көчмөн турмушту аркалап келишкен кыргыздардын коомдук-саясий, социалдык-экономикалык жашоосунда көп жылдык тажрыйбанын негизинде тийиштүү укук тартиби жаралып, жүрүш-туруш эрежелери, тартип бузуу, кылмыш, жаза ж.б. түшүнүктөрдү жөнгө сала турган салттуу укугу калыптанган. Салттуу укук нормаларын көзөмөлдөп, сот жараянын жүргүзүп тийиштүү чара колдонуп, чечим чыгаруу укугу кыргыз элинин төбөлдөрүнүн бири – бийлерге жүктөлгөн. XVIII – XIX к.к кыргыз коомунун социалдык катмарынын жогорку даражасында турган бийлер административдик, чарбалык милдеттеринен сот функциясын аткарууга өтө баштаган. Уруунун, айылдын бийлери кылмыш, жарандык иштерди териштирип бий деген салттуу элдик наамды сактап, ар бир ишти калыс,

адилет карап чечим чыгарууну көздөшкөн. “Туура бийде тууган жок, туура эмес бийде ыйман жок” деген элдик накыл сөз кыргыздардын салттуу укук нормаларын калыс карманган бийлерге багытталган;

6. Адат укугуна негизделген көчмөн кыргыздардын бий институту патриахалдык коомдогу уруулук, үй-бүлөлүк, айыл аралык, адептик, калыстык, нормаларды көзөмөлдөө, териштирүү, чечим кабыл алуу органы катары калыптанып, эл арасында кадыр-баркка ээ болуп, салттуу укук нормаларын өнүктүрүп келишкен;
7. Ал эми салттуу кыргыз коомундагы адат нормалары менен катар эле Фергана өрөөнүндө жашаган кыргыздарда (коңшу элдердин таасири менен) шариятка негизделген укук нормалары өкүм сүрүп, сот функциясын казылар аткарып келишкен. Фергана өрөөнүндө ислам дининин таасири күчтүү болгондугуна карабастан, өзгөчө тоолуу аймактарда казы соту менен катар эле бий соту өз функциясын аткарып турган. Ошол эле учурда кылмышты аныктоо, жаза колдонуу ыкмалары, таасирлери өз ара айкалышып кеткендиги байкалат;
8. Кыргыздардын салттуу коомунда адатка негизделген укук нормалары жаралып, кылмыш жана жазанын түрлөрү аныкталып, аларга карата колдонулуучу принциптер, өлчөмдөр, эрежелер иштелип чыгып, күнүмдүк турмушта колдонуучу укуктук норма катары сакталып келген;
9. XIX к. аягы – XX к. башында Кыргызстандын Россия империясына каратылышы менен кыргыздардын коомдук-саясий, социалдык-экономикалык турмушунда ири өзгөрүүлөр боло баштаган. Колониялык бийликтин Түркстанга жасаган саясатынын түпкү максаты болгон аймакты империянын бир бөлүгүнө бириктирүү саясатын ишке ашыруу үчүн жаңы админстративдик башкаруу системасы түзүлүп, «жергиликтүү элдик башкаруу», «элдик сот» , «элдик шайлоо» түшүнүктөрү киргизилдген;
10. Кыргыздардын кылымдар бою салттуу коомунда элдик билимдин, каада-салттын, көчмөн менталитеттин негизинде калыптанган салттуу укук

нормалары өзгөрүүлөргө дуушар болуп, метрополиянын стратегиялык, саясий, экономикалык жана геосаясий кызыкчылыктарына кызмат өтөөгө багытталган жаңы тартиптер киргизилген;

11. Кыргыздарда адат укугу боюнча сот процесси жарандык жана кылмыш иштери болуп бөлүнгөн эмес. Көчмөн турмушта жашаган кыргыздардын күнүмдүк турмушунда жарандык жана кылмыш иштеринин арасында так чек болбогондугун байкоого болот. Адат укугунун ченемдери кылмыш жана жарандык укук бузуу түшүнүгүн ажыратышкан эмес. Кыргыздардын адат укугунда жазалоонун негизги максаты моралдык зыян келтирүүгө компенсация, материалдык жактан келтирилген зыяндын ордун толтуруу, андан кийин жаза берүү болуп саналган. Адат укугу боюнча сот процесси биринчи кезекте жабырлануучуга зыяндын ордун толтуруп берүү, андан кийин күнөөлүүгө жаза берүүгө багытталган;

12. Россия империясынын саясаты кырыздардын салттуу адат укуктарынын чектөө менен аларды унификациялап, практика жүзүндө адат нормаларын падышачылыктын кызыкчылыктарына кызмат кылууга багыттай баштаган;

13. Түркстан генерал-губернаторлугунун түзүлүшү менен басып алынган аймактарда аскердик-саясий бекем көзөмөл орноп, жаңы администрациялык башкаруу системасында аскердик, жарандык, соттук бийлик бир кызмат адамынын колуна топтолгон. Албетте колониялык бийлик алгачкы мезгилде (1865-1867-жылдары) бийлерди шайлоодон баш тартышып, колониялык бийлик өкүлдөрү тарабынан дайындоо принцибин тандашкан. Бирок, жергиликтүү элдин салты, диний өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен «кийлигишпөө» принциптерин карманып бийлерди шайлоо нормасы киргизилген. Түркстанды башкаруу боюнча кабыл алынган бардык Жоболордо шайлоо принциптери, нормалары иштелип чыгып, аны ишке ашыруу элге берилгендигине карабастан, шайлоонун жүрүшү иш жүзүндө жергиликтүү колониялык админстрациянын көзөмөлүндө кала берген;

14. «Элдик сотторду» шайлоо болушту шайлоо сыяктуу эле бир топтун, уруунун ичинде катуу атаандаштыкта жүрүп колониялык бийликтин

көзөмөлү тарабынан коррупциялык элементтердин жаралышына алып келген. Шайлоонун жүрүшүндө жергиликтүү колониялык бийлик өкүлдөрү “элдик сот” өкүлдөрүн тазалоо аракеттерин да жүргүзүшүп келишкен;

15. Колониялык бийлик кыргыздарды Түркстандагы башка көчмөн калктар сыяктуу эле орустардын сот өндүрүшүнө баш ийдирүү пландарын түзгөн. Бирок империянын жогорку бийлик инстанциялары жана Түркстандагы орус администрациясы «орусташтыру» багытын өтө этияттык менен көчмөндөрдүн орус сотуна кайрылуусун өз ыктыярдуулугу аркылуу жүрүшүн көздөшкөн. Ошондуктан, «жергиликтүү элдик» сот менен орус соту параллелдүү иштеп турган шартта кыргыздардын орус сотуна кайрылуу учурлары сейрек болгон;

16. «Элдик сот» системасына шайлоо системасын киргизүү менен, падышалык администрация бир жагынан, жергиликтүү уруу башчыларынын калк арасында таасирин төмөндөтүүгө аракеттенген. Башка жагынан караганда, шайлоону киргизүү менен колониялык бийлик ири уруулук топторду бөлүп жарууну көздөшүп, жаңы айыл-кыштактарды жана болуштуктарды уюштурууга аракеттенишкен. Жаңы болуштуктарды уюштуруу, сот бийлигин түзүү колониялык бийлик үчүн саясий, экономикалык мааниси бар чоң иш-чаралардын бири болгон;

17. Уруулук башатты бузуу, жергиликтүү башкаруунун жаңы формаларын киргизүү, аларды ишке ашырууда шайлоону уюштуруу, калктын социалдык-экономикалык абалына терс таасирин тийгизип, терс көрүнүштөргө дуушар кылган. Шайлоодон жаралган терс жагдайларды колониялык администрациянын төбөлдөрү да мойнуна алышып, алар аймакта жергиликтүү башкаруу системасын реформалоо керек деп эсептешкен;

18. Колониялык башкаруу системасын орнотуу мезгилинде Түркстан крайын башкаруунун жергиликтүү институттары маанилүү өзгөрүүгө кабылган. Бул процесстер убактылуу мүнөздөгү ар түрдүү Жоболордун долбоорлору аркылуу аныкталган. Жоболор Россия империясынын төбөлдөрү, башкаруу

системасы, тышкы жана ички кырдаалдарды эске алуу менен аймактагы аскердик администрация тарабынан иштелип чыккан. Империялык башкаруу таризине өтүүнү тездик менен ишке ашыруу жана коомдогу таасирдүү деп эсептелген жергиликтүү уруу башчылардын, дин өкүлдөрүнүн, ири менчик башкаргандардын позициясын алсыздандыруу максатында бат-баттан империялык бийлик тарабынан мыйзамга өзгөртүүлөр, толуктоолор, көрсөтмө жана талаптар киргизилип турган. Бирок, ошол Жоболорду талкуулоого жана даярдоого жергиликтүү эл катышкан эмес;

19. Каралып жаткан доордо элдик сот бийлигинин тарыхында салттуу адат укугунун ченемдерин сактап калуу аракети менен катар коомдук-саясий өзгөрүүлөрдүн, өзгөчө ислам дининин таасири астында шарият ченемдеринин адатка карата болгон таасири күчөсө, элдик сот өкүлдөрү шайлоо процессинин кесепетинен улам жергиликтүү уруу башчыларынын таасири астында калуу шарты жаралган;

20. Жалпысынан Түркстан крайындагы адат укугундагы жүргөн өзгөрүүлөр укуктук талааны кыскартуу, көчмөндөрдөгү салттуу укукту орус мыйзамдары менен унификациялоо, падышачылыктын кызыкчылыгын көздөө максатында жүргүзүлгөн;

21. Кыргыздардагы бий институту патриархалдык-феодалдык коомдогу саясий түзүлүштү “бөлүп жарып башкаруу” принцибинин натыйжасында жаралган. Бий институтун жаралышы кыргыз коомундагы уруу башчыларынын (ак сөөк катмарлардын) ортосунда административдик жана сот бийлигин ажыратуудан улам жаралаган. Элдик сотторду шайлоо принциби, айрым кемчиликтерге карабастан практика жүзүндө өзүн актады деп айтууга болот;

22. Элдик сот системасын, сот өндүрүшүн Россия империясынын жалпы мыйзамдарына шайкеш келтирүү, элдик сотторду кызматтан четтетүү, алардын укуктарын чектөө максатында, колониялык бийлик тарабынан көптөгөн иш-аракеттер көрүлгөндүгүнө карабастан объективтүү шарттардан

улам, Кыргызстандын аймагында бийлер соту 1920-жылы расмий түрдө тыюу салынган. Бирок ага карабай, айрым аймактарда бийлер соту 1930-жылдарга чейин уланып келген.

**ЖЫЙЫНТЫК:**

- Кыргыздардагы адатка негизделген салттуу бий соту сот иштерин жүргүзүүдө кыргыздардын үрп-адаттарын, менталитетин эске алуу менен чечим кабыл алган;
- Бийлер уруу башчылардын, аксакалдарынын көзөмөлүндө болгондугуна карабастан, чечим кабыл алууда калыстык, адилеттик принциптерге таянуу менен иш жүргүзгөндүктөн, бий соту элге керектүү орган болгон;
- Колониялык мезгилде орус бийлиги тарабынан бий сотуна карата көзөмөл жүргүзүү аракеттери иш жүзүндө көп натыйжа берген эмес;
- Колониялык мезгилде элдик сотторго шайлоо системасынын киргизилиши, коомдук өнүгүүнүн жалпы талабы катары алдыңкы көрүнүштөрдүн бири болгон, бирок шайлоо принциптерин өздөштүрүү, жаңылануу коомдук муктаждык катары кала берген.
- XX к. башынан тартып эле “элдик сот” бийлигинин функцияларын кыскартуу же болбосо аны жалпы империялык мыйзамдарга бай ийдирүү саясаты жүргүзүлө баштаган. Колониалдык бийлик сот бийлигине карата эволюциялык жол менен өнүгүү маселесин туура көргөн. Натыйжада, бийлер, казылар сотунун ишмердиктери XX к. 20-жылдарында официалдуу токтотулгандыгына карабастан, 30-жылдардын ортосуна чейин улана берген.

# ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Эгемендүү Кыргыз Республикасында сот бийлигин реформалоо маселеси актуалдуу бойдон калууда. Кыргыздардын салттуу коомунда жаралып, өнүгүп келген адат укугуна негизделген бийлердин сот процессинин жүрүшү, кылмыш иштерин териштирүү жана жаза колдонууда, чечим кабыл алууда калыс, бейтараптуу, акыйкат болушкандыгын эске алуу менен бүгүнкү соттор иш жүзүндө өткөн тарыхтын сабактарынан өрнөк алуусу керек;
2. Бийлердин чукул чакырылган сьезди тарабынан кабыл алынган эреженин айрым нормаларын жарандык процесстик кодексте, кылмыш-жаза кодекстерин иштеп чыгууда колдонуу сунушталат;
3. Элибиздин өткөн тарыхынандагы салттуу сот системасындагы бийлерди тандоо, шайлоо кандай кылдаттык, калыстык мүнөздө жүрсө, азыркы сотторду тандоодо өткөн тажрыйбанын оң жактарын практикада колдонуу зарыл.
4. Бийлер жана казылар тарабынан салттуу адат укугунда колдонулуп келген – “уяткаруу”, “намысына келтирүү” сыяктуу тарбиялык-укуктук нормаларды иш жүзүндө колдонуу сунушталат.

# ТАРЫХЫЙ БУЛАКТАР ЖАНА КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР

## I. ТАРЫХЫЙ БУЛАКТАР

1. Бардашев, Г.Г. Заметки о дикокаменных киргизах [Текст] / Г.Г.Бардашев // Туркестанский сборник – Т.95.-1873.
2. Бичурин, Н.Я (Иакинф) Собрание сведений о народах обитавших в Средней Азии в древние времена [Текст] / Н.Я.Бичурин. – Алматы: Жалын,1998. – 390 с.
3. Валиханов, Ч.Ч. Записка о судебной реформе, Т.1. [Текст] / Ч.Ч.Валиханов. – Алма-Ата: Главная редакция Казахской советской энциклопедии, 1984. – 432 с.
4. Валиханов, Ч.Ч. Собрание сочинений в пяти томах, Т.1. [Текст] / Ч.Ч.Валиханов. – Алмата, 1985. – 432 с.
5. Временное положение об управлении Туркестанской области [Текст]: Временное положение об управлении Туркестанской области от 11 июля 1865 года. – СПб., 1867.
6. Временные правила для аульных судей [Текст]. Центр.гос.арх. КР, ф.160-И, оп.1, ед.хр.№105.
7. Все подданейший доклад особого комитети по устройству средниазиатсих областей по проекту положения об управления в Семириченской и Сыр-Даринской областях [Текст]. – Ташкент, 1880.
8. Высочайше утвержденное Временное Положение об управлении Туркестанской областью. 6 августа 1865 г. [Текст]: Полн. Собр. Закон. Российской Империи – 2. Т. 40. Отд. 1. – СПб., 1867. – № 42372.
9. Высочайше утвержденное Мнение Государственного совета – Положение об управлении областей Акмолинской, Семипалатинской, Семиреченской, Уральской и Тургайской и об изменении некоторых ста-тей Положения об управлении Туркестанского края [Текст]: Полн. Собр. Закон. Российской Империи – 3. 25 марта 1891 г.

10. Гейнс, А..К. Дневник 1866 года. Путешествие в Туркестан. Собр.литер. труд, Т.2. [Текст] / А.К.Гейнс. – СПб.: Типография М.М.Стасюлевича, 1898. – 742 с.
11. Гейнс, А.К. Управление Ташкентом при Кокандском владычестве, Собр.литер.труд, Т.2. [Текст] / А.К.Гейнс.– СПб.: Типография М.М.Стасюлевича, 1898. – 742 с.
12. Гродеков, Н.И. Киргизы и каракиргизы Сырь-Дарьинской области. Юридический быть, Т.1. [Текст] / Н.И.Гродеков.- Ташкент: Типо-Литография С.И.Лахтина, 1889. – 544 с.
13. Еще раз о народном суде в Туркестанском крае [Текст] // Туркестанский сборник. – Ташкент: [б.и.], 1908.Том.491. – С.99-102.
14. Загряжский, Г.С. Юридический обычай киргизов о различных родах состояний и о правах им присвоенных. [Текст] / Г.С.Загряжский // Материалы для статистики Туркестанского края. – Ташкент, 1876. Вып. IV. – С. 150 – 190.
15. Загряжский, Г.С. Заметки о народном самоуправлении у кара-киргиз [Текст] / Г.С.Загряжский // Материалы для статистики Туркестанского края. – Ташкент: [б.и.], 1874. Вып.III. - С. 362-371.
16. Загряжский, Г.С. О народном суде у кочевого населения Туркестанского края, по обычному праву (заң) [Текст] / Г.С.Загряжский // Материалы для статистики Туркестанского края. – Ташкент: [б.и.], 1876. Вып. IV. – С. 191-202.
17. Зуев, А. Киргизский народный суд [Текст] / А.Зуев // Туркестанский сборник. – Ташкент: [б.и.], 1908. Том 460.. – С. 1-3.
18. Кауфман, К.П. Проект Всеподданнейшего отчета генерал-адъютанта К. П. Кауфмана I по гражданскому управлению и устройству в областях Туркестанского генерал-губернаторства [Текст]. 7 ноября 1867 г. – 25 марта 1881 г. – СПб.: [б.и.], 1885.

19. Крафт, И.И. Судебная часть в Туркестанском крае и степных областях [Текст] / И.И.Крафт.– Оренбург: [б.и.], 1898. – 215 с.
20. КР УИА КЖФ. Атайын фон. Инв. № 472-479. Абдырахманов И.И. Кыргыздан чыккан мыкаачы манаптар.
21. КР УИА КЖФ. Атайын фон. Инв. № 1713. Абдырахманов И.И.. Манап деген наамдын келип чыгышы жана алардын элге көрсөткөн жамандыктары.
22. Кыргызстан-Россия. История взаимоотношений (XVIII-XIX вв.). [Текст]: Сб. документов и материалов. – Бишкек: Илим, 1998. – 488 с.
23. Маковецкий, П.М. Материалы для изучения юридических обычаев киргизов [Текст] / П.М.Маковецский. – Омск: Тип. Окр. штаба, 1886. – 84 с.
24. Медведев, Е. "Народный суд [Текст] Е.Медведов //Туркестанский сборник. – Ташкент: [б.и.],1908. Том.478. – С. 98-102.
25. Местный народный суд в Туркестане [Текст] // Туркестанский сборник. – Ташкент: [б.и.], 1907.Том.495. – С.96-101.
26. Мякутин, А.И. Юридический быть кыргызов. Вещное право. Обязательное право [Текст] / А.И.Мякутин. – Оренбург: Тип. Тургай. обл. правл., 1910. – 180 с.
27. Назаров Ф. Н. Записки о некоторых народах и землях средней части Азии Филиппа Назарова, отдельного сибирского корпуса, переводчика, посланного в Коканд в 1813 и 1814г. [Текст] / Ф.Н.Назаров // Вестник Европы. – СПб., 1821, ч. 118, 120. № 24.
28. Народный суд [Текст]. Центр. гос. арх. КР, ф.160.оп.1.ед хр.109. л.12.
29. О деятельности народных судов в Туркестанском крае, численность преступлений среди туземного населения [Текст]. Центр. гос. арх. КР, ф.1396, оп.1 д.394.ч.2.
30. О русском и народном судах [Текст]. Центр. гос. арх. КР, ф.1396, оп.1. д.392. ч.2.

31. Обзор Семиреченской области за 1906г. [Текст]. – Верный.1907.

32. Обзор Ферганской области за 1892г. [Текст]. – Новый Маргелан, 1894.

33. Объяснительная записка к положению и штатам военно-народного управления Семиреченской и Сырь-Дарьинской областей [Текст]. Центр. гос. арх. КР, ф.160-И, оп.1, ед. хран.9.

34. Отчет капитана Давлетшинина по командировке в Туркестанский край и степные области для ознакомлении с деятельностью народных судов [Текст]. – СПб.: Тип. М.М. Стасюлевича, 1901. – 103 с.

35. Отчет о состоянии Туркестанского края, составленный сенатором тайным советником Гирсом, командированным для ревизии края по высочайшему повелению [Текст]. – СПб.: [б.и.],1883. – 463 с.

36. Пален, К.К. Отчет по ревизии Туркестанского края. Сельское управление: русское и туземное [Текст] / К.К. Пален. – СПб.: Сенат. тип, 1910. – 226 с.

37. Пален, К.К. Народные суды Туркестанского края [Текст] / К.К. Пален. – СПб.: Сенат. тип, 1909. – 311 с.

38. Пален, К.К. Отчет по ревизии Туркестанского края, произведенный по высочайшему повелению сенатором графом К.К. Паленом. Сельское управление: русское и туземное [Текст] / К.К. Пален. – СПб.: Сенат. тип, 1910. – 226 с.

39. Пален, К.К. Судебные дела в Туркестанском [Текст] / К.К. Пален. – СПб.: Сенат. тип, 1912. – 194 с.

40. Положение об управлении в областях Туркестанского генерал-губернаторства [Текст]. Центр. гос. арх. КР, ф.1396, оп.1.д.392.ч.2.л.14.

41. Положение об управлении в областях Туркестанского генерал-губернаторства. (Проект) [Текст]. Центр. гос. арх. КР, ф. 160-И, оп.1, ед.хран.15.

42. Положение об управлении Туркестанского края. Издание 1892 года. [Текст]. / Свод Законов Российской Империи. В пяти книгах. Книга 1. Тома 1-3. Том 2. СПб., 1912. С. 427-446.
43. Положение об управлении Туркестанского края от 12 июня 1886г. [Текст]. / Свод Законов Российской Империи. В пяти книгах. Книга 1. Т.2.
44. Пояснительная записка к проекту Положения об управлении в областях Туркестанского генерал-губернаторства [Текст]. / – СПб. [б.и.], 1874.
45. Проект Положения об управлении в Семиреченской и Сыр-Дарьинской области [Текст]. – СПб. [б.и.], 1867.
46. Проект положения об управлении в Туркестанском генерал-губернаторстве [Текст]. – Ташкент:[б.и.], 1881.
47. Радлов, В.В. Опыт словаря тюркских наречий [Текст] /В.В.Радлов. – СПб.: Изд. вост. лит. 1911. – Часть.2, Т.IV.
48. Рейнталь, П.Р. По поводу заметок, о народном самоуправлении у кара-киргиз [Текст] /П.Р.Рейнталь. // Материалы для статистики Туркестанского края, Вып.3. – СПб. [б.и.], 1874.
49. Саттар –хан Абдул Гафаров. Кратикий очерк внутреннего состояния Кокандского ханства перед его завоеванием его русскими [Текст] // Түркестанские ведомости, 1892.№26.
50. Семенов-Тянь-Шанский П.П. Мемуары [Текст] / П.П.Семенов-Тянь-Шанский.–Москва: [б.и.], 1946.
51. Степное положение об управлении Акмолинской, Семипалатинской, Семиреченской, Уральской и Тургайской областями. Временное положение об управлении Туркестанской области. 11 июля 1865 года [Текст]. – СПб.: [б.и.], 1867.
52. Суд биев (выписка из Туркестанского проекта 1881года). [Текст]. Центр. Гос. Арх. КР, ф.160-И, оп.1. ед. хр.№98.

53. Тельятников, Д. Т.Обозрение Кокандского ханства в нынешнем его состоянии. Запис. РГО.Кн. III. [Текст] / Д.Т. Тельятников А.С. Безносиков.– СПб.: [б.и.], 1849.
54. Хорошхин, А. Заметки о Коканде [Текст] / А.Хорошхин // Туркестанский сборник. – СПб:[б.и.], 1869. Т.023. – С.169-195.
55. Эреже Токмокского чрезвычайного съезда биев [Текст]. – Верный: [б.и.], 1893.
56. Южаков, Н. Д. Итоги 27-летнего управления нашего Туркестанским краем [Текст]. / Н.Д.Южаков. – СПб.: Тип. товарищества «Общественная польза», 1891. 84 с.

## II. КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР

57. Абдурахимова, Н.А.. Колониальная система власти в Туркестане во второй половине XIX – первой четверти XX вв. [Текст] / Н.А. Абдурахимова. – Ташкент: Университет, 1999. – 161 с.
58. Айтбаев, М.Т. Социально-экономические отношения в киргизском аиле в XIX – начале XX вв. [Текст] / М.Т. Айтбаев. – Фрунзе: Киргизгосиздат, 1962. – 194 с.
59. Алымбаев, Ж.Б. Кокон хандыгы жана Нузуп минбашы [Текст] / Ж.Б.Алымбаев. – Бишкек:[б.и.], 2015. – 240 б.
60. Алымбаев, Ж.Б. Колониалдык доордогу шайлоо системасынын айрым тарыхнаамалык маселелерине карата. [Текст] / Ж.Б.Алымбаев // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. – Бишкек, 2008. №7. – С. 43-47.
61. Алымбаев, Ж.Б. Общественно-политическая жизнь кыргызов в русской историографии второй половины XVIII – начала XXвв. [Текст] / Ж.Б. Алымбаев // Известия вузов. – Бишкек, 2009. - № 1. – С. 135-138.

62. Алымбаев, Ж.Б. Түркестан жыйнагы – Кыргызстандын тарыхы боюнча маанилүү тарыхый булак [Текст] / Ж.Б.Алымбаев // Вопросы истории Кыргызстана.– Бишкек, 2008. №1. – С. 101-129.

63. Алымбаев, Ж.Б Туркестан генерал-губернаторлугунун башкаруу аппараты, курамы жана жекече ишмердиктери [Текст] / Ж.Б. Алымбаев //Вестн. Кырг. гос. ун-та им. И.Арабаева. – Бишкек, 2007. №8. – С. 31-34.

64. Алымбаев, Ж.Б. Туркестан крайындагы колониалдык саясаттын айрым тарыхнаамалык маселелери [Текст] / Ж.Б. Алымбаев // Наука и новые технологии. – Бишкек, 2008. №7–8. – С. 63-66..

65. Ахмеджанов, Г.А. Российская империя в Центральной Азии (История и историография колониальной политики царизма в Туркестане) [Текст] / Г.А. Ахмеджанов. – Ташкент: ФАН, 1995. – 217 с.

66. Байбулатов, Б. Социально-экономический строй Киргизии до Великой Октябрьской Революции [Текст] / Б.Байбулатов. – Фрунзе: Киргизгосиздат, 1958. – 96 с.

67. Барг, М. Эпохи и идеи: Становление историзма [Текст] / М.Барг. – М.: Мысль, 1987. – 354 с.

68. Бартольд В.В. Работы по истории и филологии тюркиских и монгольских народов [Текст] / В.В.Бартольд. – М.: Наука, 1968. – 759 с.

69. Блок. М. Апология истории или Ремесло историка [Текст] / М. Блок. – 2-е изд., доп. - М.: Наука, 1973. – 232 с.

70. Борубашов, Б.И. Каада укугу [Текст] / Б.И. Борубашов // Барометр. №20. – Бишкек, 2013. – С.203-204.

71. Вайнштейн, О.В. Леопольд фон Ранке и современная буржуазная историография [Текст] / О.В.Вайнштейн // Новая и новещая истрория. – Фрунзе, 1989. №.5. – С.113-149.

72. Вайнштейн, О.Л. Иностранные путешественники о Киргизии 60-70-х гг.XIXв. [Текст] / О.Л.Вайнштейн // Ученые записки исторического факультета. – Фрунзе: [б.и.], 1958. №5.

73. Джамгерчинов, Б.Д. Очерки политической истории Киргизии X1X в. [Текст] / Б.Д. Джамгерчинов. – Фрунзе: Илим, 1966. – 429 с.
74. Джуманалиев, А. Политическая история Кыргызстана (Становление политической системы кыргызского общества в 1920–1930–е годы) [Текст]/А. Джуманалиев. – Бишкек: [б.и.], 2005. – 399 с.
75. Жакыпбеков, Ж. Ж. Историография проблем истории Кыргызстана во второй половины XIX – начала XX веков. (Опыт, перспективы изучения) [Текст] / Ж.Ж. Жакыпбеков. – Бишкек: “Дастан”, 1995. – 49 с.
76. Жакыпбеков, Ж.Ж. Социально-экономическое и политическое развитие Кыргызстана во второй половине XIX – начала XX веков. Историография проблемы [Текст] / Ж. Ж.Жакыпбеков. – Бишкек: Изд-во КНУ, 2003. – 288 с.
77. Зиманов, С.З. Ереже – малые кодексы обычно-правовых норм [Текст] / З.З.Зиманов. // Древний мир права казахов. Материалы, документы и исследования. – Т. 6. – Алматы: [б.и.], 2005.– С. 119-120.
78. Ильясов, С.И. Земельные отношения в Киргизии в конце XIX – начале XX вв. [Текст] / С.И. Ильясов. – Фрунзе: [б.и.], 1963. – 275 с.
79. Исхаков, Ф.И. Национальная политика царизма в Туркестане (1867-1917). [Текст] / Ф.И.Исхаков. – Ташкент: ФАН, 1997. – 135 с.
80. Кененсариев, Т. Кыргызстандын Орусияга каратылышы [Текст] / Т. Кененсариев. – Бишкек: Кыргызстан, 1997. – 360 б.
81. Кененсариев, Т. К вопросу о политике царизма в отношении кочевников дореволюционного Киргизстана. Тандалган макалалар (Юбилейлик, автордук жыйнак) [Текст] / Т. Кененсариев.– Бишкек; Ош, 1999.
82. Кененсариев, Т. Кыргызстан оторчулук доорунда (1855-1917) [Текст] / Т. Кененсариев. –Бишкек: MaxPrint, 2019. – 700 б.
83. Кененсариев, Т. Экономическая политика царского правительства в Кыргызстане [Текст]/ Т.Кененсариев. – Бишкек: [б.и.], 2009. – 287 с.

84. Кененсариев, Т.К. Переселенческий вопрос в политике царского правительства второй половины XIX – начала XX в. (на материалах Киргизии) [Текст] / Т. Кененсариев // Тандалган макалалар (Юбилейлик, автордук жыйнак). – Бишкек; Ош, 1999.

85. Ковальченко, И.Д. Методы исторического исследования [Текст] / И. Д. Ковальченко. – М.: Наука, 1987. – 440 с.

86. Кожоналиев, С.К. Обычное право [Текст] / С.К.Кожоналиев. – Бишкек: Фонд “Сорос-Кыргызстан”, 200. – 332 с.

87. Кожоналиев, С.К. Суд и обычное уголовное право у киргизов до Октябрьской революции [Текст] / С.К.Кожоналиев. – Фрунзе: Изд. АН Кирг ССР, 1963. – 68 с.

88. Костенко, Л. Средняя Азия и водворение в ней русской гражданственности [Текст] / Л.Костенко. – СПб.: Изд. А.Ф.Базунов, 1871. – 358 с.

89. Культелеев, Т.М. Уголовное обычное право казахов (с момента присоединения Казахстана к России до установления Советской власти) [Текст] / Т.М.Культелеев. – Алма-Ата: Изд-во АН Каз. ССР, 1955. - 300 с.

90. Кусайынулы, К.К. История Туркестанского края в эпоху царизма (в документах) [Текст] / К.К. Кусайынулы. – Алмата: Казак университети, 2005. – 160 с.

91. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары. Кытай булактарынан үзүндүлөр. Т.2. [Текст] / К.Жусаев, А.Мокеев, Д.Сапаралиев. – Бишкек, 2003. – 293 б.

92. Леонтьев, А.Л. Обычное право у киргиз (Судоустройство и судопроизводство) [Текст] / А.Л.Леонтьев // Юридический Вестник. – М., 1890. – Том V, Книга 1, 2. №5-6. – С. 114-139.

93. Литвинов, П. П. Государство и ислам в Русском Туркестане. 1865–1917 (по архивным материалам) [Текст] / П.П.Литвинов // – М.: Елец: Издат.ЕГПИ, 1998. – 319 с.

94. Мажитова, Ж.С.. Инстиут биев в казахском обществе: к историографии происхождении термина [Текст] / Ж.С.Мажитова // Вестник МГУ. Сер. 8. История. – Москва, 2014. № 6. – С. 37 – 55.
95. Матеева, К.М. Правовой статус низшего сословия кыргызского населения по обычному праву XIX – начала XX вв. [Текст] / К.М.Матеева // Известия Вузов.- Бишкек, 2012. №7. – С.152 – 155.
96. Могильницкий, Б.Г. Введение в методологию истории [Текст] / Б.Г. Могильницкий. – М.: Высшая школа, 1989. – 175 с.
97. Мокеев, А..М. Кыргызы на Алтае и на Тянь-Шане (Этапы этнической и политической истории кыргызского народа во второй пол. IX – сер. XVIII вв.) [Текст] / А.М.Мокеев. – Бишкек: Кыргызско-турецкий университет Манас, 2010. – 289 с.
98. Эшмуратова, Н.Д Уголовное право кыргызов по нормам адата и шариата [Текст] / Н.Д.Эшмуратова // Инновационная наука.- Бишкек, 2017. №3. – С. 158-163.
99. Нурбеков, К. История государства и права Киргизской ССР [Текст] / К. Нурбеков. – Фрунзе: Мектеп, 1965. – 155 с.
100. Покровский, М.Н. Дипломатия и войны царской России в XIX в. [Текст] / М.Н. Покровский. – М.: “Красная новь”, 1923. – 392 с.
101. Русские путешественники и исследователи о киргизах [Текст] /Фрунзе: Илим, 1973. – 217 с.
102. Салиев, А.С. О практике вмешательства царской власти в деятельность народных судов кочевого населения Туркестана (по архивным, правовым и иным материалам) [Текст] / А.С.Салиев // Вестник КРСУ. – Бишкек, 2013. Том 13, № 12. – С. 72-76.
103. Салиев, А.С. Об усилении конфликтности внутри кочевого населения Туркестана в связи с введением практики выборности народных судей (1865- 1917) (по архивным, правовым и иным материалам) [Текст] / А.С.Салиев // Вестник КРСУ. – Бишкек, 2014. Том 14, № 9. – С. 74-77.

104. Салиев, А.С. Очерки истории судебной политики царизма в кочевых регионах Туркестана ( по архивным, правовым и иным материалам) [Текст] / А.С.Салиев. – Бишкек: [б.и.], 2014. – 413 с.

105. Сапаралиев, Д.С. Кыргыз мамлекет башкаруучуларынын эң жогорку титулдары жөнүндө [Текст] / Д.С.Сапаралиев // Кыргыз тарыхынын маселелери – Бишкек, 2006. №2.

106. Сапаралиев, Д.С. Система управления кыргызов в составе Российской империи (1855-1917гг.) [Текст] / Д.С.Сапаралиев // «Манас» унив. коом. илимий журн. – Бишкек, 2004. №12. – С. 41-47.

107. Сапелкин, А.А. Аграрные отношения в Киргизии в начале XX века (1900-1917гг.) [Текст] / А.А. Сапелкин. – Фрунзе: Илим, 1977. – 280 с.

108. Сафаров, Г.И. Колониальная революция: опыт Туркестана [Текст] / Г.И. Сафаров. – М.: Гос. изд-во, 1921. – 148 с.

109. Семенов-Тянь-Шанский П.П. Мемуары [Текст] / П.П.Семенов-Тянь-Шанский.– Москва: [б.и.], 1946. – 256 с.

110. Слесарев, С.М. Государственная политика в отношении юрисдикции суда по нормам обычного права у кыргызов во второй половине 19 – нач. 30-х гг. 20 в. [Текст] / С.М.Слесаров // Адвокат. – М.: Законодательство и экономика, 2014. № 6. – С. 51-62.

111. Слесарев, С.М. Проблема развития обычного права и народного суда у кыргызов в 1865–1928 гг. В советской и постсоветской историгорафии [Текст] / С.М.Слесаров // Вестник КРСУ. – Бишкек, 2014. Том 14, № 3. – С. 75-79.

112. Токтоналиев, Ж.Т. Ормон хан илимий эмгектерде жана архивдик материалдарда [Текст] / Ж.Т.Токтоналиев. – Бишкек: АОА Акыл, 2002. – 207 б.

113. Турсунбаева, Н.С. Обычное право кыргызов в XIXв. [Текст] / Н.С.Турсунбаева // Вестник КРСУ. – 2015. Том 15, № 1. – С.66-69.

114. Усенбаев, К.У. Общественно-экономические отношения в период господства Кокандского ханства [Текст] / К.У.Усенбаев. – Фрунзе: Изд–во АН Кирг, ССР, 1961. – 165 с.
115. Февр, Л. Бои за истории [Текст]: пер. с фр. / Л. Февр. – М.: Наука, 1991. – 630 с.
116. Фиельструп, Ф.А. Из обрядовой жизни киргизов начала XX века [Текст] /Ф.А.Фиельструп. – М.: Наука, 2002. – 307 с.
117. Хасанов, А. Взаимоотношения киргизов с Кокандским ханством и Россией в 50-70-х годах XIXв. [Текст] / А.Хасанов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1961. – 183 с.
118. Юдахин, К.К Русско-кыргызский словарь [Текст] / К.К.Юдахин.–Москва, 1957. – 992 с.
119. Юдахин, К.К. Кыргызско-русский словарь Т.1. [Текст] / К.К.Юдахин.– Москва, 1965. – 503 с.
120. Ясперс, К. Смысл и назначение истории [Текст]: пер. с нем. / К. Ясперс. – М.: Политиздат, 1991. – 527 с.

## III. ДИССЕРТАЦИЯЛАР ЖАНА АВТОРЕФЕРАТТАР

121. Борубашов, Б.И. Государственно-правовое регулирование общественных отношений кыргызов в составе Российского государства (1855-1917 гг.) (Историко-правовое исследование) [Текст]: автореф.дис.док.юрид. наук: 12.00.01 / Б.И.Борубашов – Бишкек, 2009. – 49 с.
122. Ганиева, Т.И. Становление и развитие гражданского права Кыргызстана (1864-2000годы) [Текст]: автореф.дис.док.юрид.наук: 12.00.01/ Т.И.Ганиева.- Бишкек, 2015. – 43 с.
123. Зайнабидинов, Н.С. История развития судебной системы в Средней Азии в конце XIX - начале XXвека [Текст]: автореф.дис.канд.ист.наук: 07.00.02 / Н.С.Зайнабидинов.– Ташкент, 2006

124. Кененсариев, Т. XIX к. 50-70-жылдарындагы Кыргызстандагы саясий өнүгүү [Текст]: автореф.дис.док.ист.наук: 07.00.02 / Т. Кененсариев.- Бишкек,1999.
125. Кожоналиев, С.К. Суд и уголовное обычное право киргизов до Октябрьской революции (1850-1917 гг.) [Текст] : автореф.дис.канд.юрид. наук: 12.00.08 / С.К.Кожоналиев. – Алма-Ата [б.и.], 1967. – 18 с.
126. Рахимкулов, Д.А. История института старшин в Казахстане (20-60гг. XIXв.) [Текст]: автореф.дис.канд.ист.наук: 07.00.02 / Д.А..Рахимкулов.– Алмата, 2010. – 30 с.
127. Салыбекова, Т.С. Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамынын өнүгүшү жана анын өзгөчөлүктөрү (1960-2008 ж.) [Текст]: автореф.дис.канд.юр.наук: 12.00.01 / С.Т.Салыбекова.–Бишкек, 2009. –27 б.
128. Слесарев, С.М. Государственая политика по отношению к традиционному судопроизводству по нормам обычного права Кыргызстане во второй половине XIX-начале 30-х гг.XXв. [Текст]: автореф.дис.канд.ист.наук: 07.00.02 / С.М.Слесарев. – Бишкек, 2015. – 21 с.
129. Содыков, Х.Д. Колониальная политика царизма в Туркестане и борьба за национальную независимость в начале XX века [Текст]: автореф.дис.док.ист.наук: 07.00.02 / Х.Д. Содыков. – Ташкент, 1994. – 38 с.
130. Содыков, Х.Д. Политико-административное устройство Туркестанского генерал-губернаторства (1867-1917гг.) [Текст]: автореф.дис.канд.ист.наук: 07.00.02 / Х.Д.Содыков. – Ташкент, 1973
131. Тиллебаев, С.Б. Система админстративно-территориального управления в Туркестанском крае в конце XIX – начале XX века и участие в ней представителей местного населения ( на примере Ферганской области) [Текст]: автореф.дис.канд.ист.наук: 07.00.02 /С.Б. Тиллебаев. – Ташкент, 2006
132. Ураков, Д.Ж. Официальные отчеты российской администрации в Туркестане как исторический источник (конец XIX- начало XXвв.)

[Текст]: автореф.дис.канд.ист.наук: 07.00.02 / Д.Ж. Ураков. – Ташкент, 2005. – 25 с.

133. Шушкова, М.Е. Организация управления Туркестанском в XIX - начале XX века. [Текст]: автореф.дис.канд.ист.наук: 07.00.02 / М.Е.Шушкова. – Москва, 2015. – 29 с.